КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК: 398.5 (575.2)(049.3)

САЙПИДИНОВА НАЗГҮЛ ЭШИМОВНА

# «Семетей» эпосундагы Семетей баатырдын образынын руханий-адептик маңызы жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү

Адистиги 10.01.09-фольклористика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи: Филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Байгазиев

Каракол-2015

**Киришүү……………………………………………………………………3**
**1-Бап: «Семетей» эпосунун жана Семетейдин образынын изилдениш абалы............................................................................................... 10**
**1.1. «Семетей» эпосун изилдөөнүн тарыхы ........................................ 100**
**1.2. Семетейдин образынын изилдениш абалы ..................................... 25**
**2-Бап: Семетейдин балалык чагы жана анын патриот баатыр катары калыптанышы ......................................................................................... 34**
**2.1. Семетейдин балалыгы……..…………………………………………….34**

2.1.1 Букарга качуу
2.1.2 Тайторуну чабуу
2.1.3 Каныкейдин жомогу
**2.2. Семетейдин баатыр катары калыптанышы ...................................... 71**
**3-Бап: Семетей баатырдын образынын руханий-адептик, патриоттук маңызы жана анын көркөмдүк, образдык жактан ачылышы ……… .. 94**
**3.1. Семетей баатырдын образынын руханий-адептик жана патриоттук маани маңызы .............................................................................................. 94**
**3.2. Семетей баатырдын образын ачууда колдонулган көркөм каражаттар ........................................................................................... 108**
**Корутунду.................................................................................... 14852**

**Колдонулган адабияттар:.......................................................... 15858**

## Киришүү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** 2011-жылдын 9-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган “Манас” эпосу жөнүндө “Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын биринчи жана экинчи беренелеринде мындай деп жазылган: “Манас” эпосунун үчилтиги айтылуу баатыр Айкөл Манастын, анын уулу Семетейдин жана небереси Сейтектин кыргыз жерин бөтөн жердик баскынчылардан коргоо, элди жалпы биримдикке бириктирүү, кыргыз элинин эркиндигин жана көз карандысыздыгын, анын руханий, адеп-ахлактык, маданий, улуттук жана башка жалпы адамзаттык баалуулуктарын сактоо үчүн жасаган эрдиктери жөнүндө баяндайт. “Манас” эпосунун үчилтиги дүйнөлүк маданияттын бермети, бардык этностордун жана улуттар аралык ынтымактын толеранттуулук идеяларын бекемдеген, кыргыздардын тарыхын, философиясын, дүйнө таанымын жана руханий маданиятын камтыган, атуулдукту, достукту, руханий эркиндикти даңазалаган жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана чыңалышына жаратмандык ролду ойногон кыргыз элинин кайталангыс эпикалык мурасы болуп саналат”. (“Эркин-Тоо” газетасы, 16-июль, 2011-жыл). Ушул эле документте “Мыйзамдын максаты “Манас” эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү, даңазалоо, мамлекеттик коргоо, илимий изилдөөнү уюштуруу” деп көрсөтүлгөн.

Демек, “Манас” эпосу жөнүндөгү мыйзам” улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулук болуп эсептелген улуу эпостун нарк дөөлөттөрүн даңазалоону, аны изилдөөнү уюштурууну актуалдуу милдет катары алдыга койгон. Эпостун нарктарын жайылтуунун, даңазалоонун актуалдуулугун Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү  жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү” жарлыгын (30.01.2012) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Манас” эпосун

2012-2017-жылдарда сактоо, үйрөнүү жана жайылтуу улуттук программасы жөнүндөгү” токтому (31.01.2012) да тастыктайт.

Үчилтикти даңазалоо, жайылтуу үчүн адегенде анын текстинде, сюжеттик мазмунунда камтылган рухий, адептик-патриоттук, мекенчилдик асылбаа дөөлөттөрдү терең изилдеп, аныктап ачып чыгуу керек. Ошондой учурда “Манас” үчилтигинин баалуулуктарын жайылтууга Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, даңазалоого шарт түзүлмөк. Ушул жагынан алып караганда, “Семетей” эпосунун нарк-кенчтерин аныктап ачуу эң зарыл маселе. “Семетей” эпосу буга чейин ар түрдүү аспектен каралып, изилденип келсе да, бирок ушул кезге дейре эпостогу борбордук образ-Семетейдин образы, анын руханий-адептик, патриоттук маани-маңызы, көркөмдүк кооздугу, эстетикалык ажары атайын изилдөөнүн объектиси боло элек.

Бүгүнкү аз сандагы калктарды жана этносторду ассимиляциялап жутуп коюу коркунучун туудуруп турган глобалдашуу процессинин шарттарында ар бир улут өзүнүн тарыхый тамырларына, түбөлүктүү элдик мурастарына таянып жашоо менен гана сакталып калышы мүмкүн. Ушул контексттен алганда өз элинин улуу патриоту-эпикалык баатыр Семетейдин образы өзүнүн өзөгүндө түптүү, түбөлүктүү, уңгулуу дөөлөттөрдү, мекенчилдик нарктарды камтып тургандыгы жана ошол өлбөс, өзөктүү кенчтери менен бүгүнкү эгемендүү калкыбыздын рух тиреги болууга жөндөмдүүлүгү менен баалуу. Демек, азыркы адеп-ахлак кризисинин жана глобалдашуунун кырдаалында элибизге, муундарыбызга рух таянычы болуп бере турган баалуулуктарды алып жүргөн Семетей баатырдын образынын моралдык-этикалык, патриоттук маани-маңызын жана көркөмдүк-образдык касиетин изилдөө эки эсе зарыл маселе болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** Буга чейин фольклористикада, манастаануууда эпизоддук мүнөздө изилденип, жалпы жонунан суммардуу түрдө мүнөздөмө берилип келген “Семетей” эпосунун башкы каарманы-Семетей баатырдын образын деталдуу, системалуу түрдө изилдөө, Семетейдин образынын

руханий-адептик, патриоттук маңыз-мазмунун, моралдык-этикалык философиясын ачуу, борбордук каармандын образынын түзүлүшүндө, иштелишинде манасчы тарабынан колдонулган көркөм каражаттардын системасын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

-“Семетей” эпосунун буга чейинки изилдениш тарыхын иликтөө, системага салуу;

-Семетей баатырдын образы көтөрүп жүргөн эң башкы этикалык-философиялык, патриоттук идеяны аныктоо;

-Семетейдин образы камтып турган руханий, адеп-ахлактык сапаттарды ачуу;

-Семетейдин жүрүм-турумун тереңден стимулдап турган нравалык мотивдерди ачып көрсөтүү;

-Семетейдин рухий-адептик дүйнөсүнүн, мекенчилдик ой-сезимдеринин калыптанышына таасирин тийгизген факторлорду аныктоо;

-Баатырдын нравалык сапаттарынын анын ишмердиги аркылуу реализацияланышын иликтөө;

-Семетей баатырдын өзүнүн өмүр-жашоонун маңызын эмнеден көргөндүгүн ачуу жана Семетейдин жоокердик-баатырдык, атуулдук-патриоттук, рухий сабактарынын бүгүнкү күн үчүн маанисин тастыктоо;

-Эпостогу Семетейдин образын түзүүдө, көркөм шөкөттөөдө колдонулган көркөм каражаттардын, ыкма-куралдардын системасын аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси: “**Манас” эпопеясынын тутумундагы “Семетей” эпосу, анын ар түрдүү варианттарынын көркөм тексттери.

**Изилдөөнүн предмети: “**Семетей” эпосундагы Семетей баатырдын образы, анын ишмердиги, рухий-адептик, патриоттук, моралдык этикалык облиги, анын инсан, баатыр-патриот катары калыптаныш процесси.

**Изилдөөнүн жаңылыгы:**

-1940-жылдарда алгачкы “Семетей” эпосунун изилдөөчүсү Ташым Байжиевдин туңгуч эмгектеринен тартып, бүгүнкү күнгө чейинки аталган эпос боюнча жүргүзүлгөн фольклористикалык изилдөөлөрдүн эгемендүүлүктүн жылдарында биринчи жолу системага салынып, жалпыланышы;

-“Семетей” эпосунун борбордук каарманы- Семетей баатырдын образынын биринчи жолу системалуу түрдө изилдөөгө алынышы;

- Текстуалдык, аналитикалык талдоолордун негизинде Семетей баатырдын образынын көтөрүп жүргөн гуманисттик, мекенчилдик, атуулдук-патриоттук, руханий-адептик улуу идеялык дөөлөттөрүнүн жана моралдык-этикалык философиясынын ачылып берилиши;

-Моралдык-этикалык, патриоттук, идеялык улуу баалуулуктары менен Семетей баатырдын образынын жалпы эле “Манас” эпопеясынын ички мазмундук масштабын кеңейтип, бийикке көтөрүп, эпостун жалпы адамзаттык баалуулугуна айныгыс аргумент болуп тургандыгынын тастыкталышы;

- Манастын образы менен Семетейдин образынын ортосундагы рухий-патриоттук уланмалуулуктун жана өтмө катыштыктын мыйзам ченеминин ачылып берилиши;

-Семетейдин социалдашуусуна, нравалык сапаттарынын жана мүнөзүнүн калыптанышына таасирин тийгизген факторлордун аныкталышы жана Семетейдин адам катары, инсан-патриот катары түзүлүшүндө тарыхый эстутум категориясынын чечүүчү ролунун айкындалышы;

- Эл-журттун, мекендин кызыкчылыктарына жана мүдөөлөрүнө өмүрүн арноодон көргөн Семетейдин атуулдук философиясынын аныкталышы жана Семетей баатырдын адептик-патриоттук сабактарынын бүгүнкү рынок заманындагы коммерциялашкан прагматикалык өзүмчүл моралдын жайылып жатышынын шарттарында биз үчүн баа жеткис руханий дөөлөт жана бийик адеп-ахлак өрнөгү экендигинин ырасталышы.

- Семетейдин образынын көркөм шөкөттөлүшүндө манасчынын колдонгон көркөм каражаттарынын бүтүндөй бир комплексинин ачылып берилиши.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи:** Изилдөөнүн методологиялык негизин фольклористикалык илимдеги теориялык-фундаменталдык эмгектер, Ч.Валиханов, В.Радлов, Мухтар Ауэзов, В.М.Жирмунский, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, Б.Юнусалиев, Е. Д. Поливанов, М. И. Богданова, А. Х. Маргулан, С.Мусаев, Р.З.Кыдырбаева, И.Молдобаев, Э.Абдылдаев, А. Жайнакова, А.Сыдыков, С. Бегалиев, К.Кырбашев, З. Мамытбеков, Р. Сарыпбеков, О. Сооронов, А.Акматалиев, С.Байгазиев, К.Жумалиев сыяктуу окумуштуулардын илимий-теориялык, методологиялык көз-караштарды түздү.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Семетей баатырдын образынын гуманисттик, мекенчилдик, атуулдук-патриоттук, руханий-адептик улуу идеялык дөөлөттөрү жана моралдык-этикалык философиясы;

- Манастын образы менен Семетейдин образынын ортосундагы рухий-патриоттук уланмалуулуктун жана өтмө катыштыктын мыйзам ченеми;

-Семетейдин социалдашуусунда, рухий-адептик сапаттарынын жана мүнөзүнүн калыптанышында роль ойногон факторлор;

- Семетейдин баатыр катары, инсан-патриот катары түзүлүшүндө тарыхый эстутум категориясынын чечүүчү ролу;

- Мекенчилдик, патриотизм, туулган жерди ыйык, керемет кенч катары саноо, ага болгон атуулдук ашып-ташкан сүйүү, эч нерседен тайманбастык, жалтанбастык, баатырдык, шердик, адилеттүүлүк, кечиримдүүлүк, гумандуулук, жамандык менен элдешпестик, биримдик идеясына берилгендик, улууну уга билүүчүлүк, чынчылдык ж.б. сыяктуу Семетей баатырдын рухий-нравалык, атуулдук менталитети;

- Семетей баатырдын адептик-патриоттук сабактарынын жана өрнөктөрүнүн бүгүнкү күн үчүн мааниси;

- Семетейдин образынын ачылышында колдонулган көркөм каражаттардын системасы;

**Изденүүчүнүн жекече салымы: “**Семетей” эпосунун башкы каарманы- Семетей баатырдын образын системалуу изилдөө менен анын гуманисттик, мекенчилдик, атуулдук-патриоттук, руханий-адептик маңыз-мазмунун жана образ ачууда колдонулган көркөм каражаттардын системасын ачып бергендигинде.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси:** Теориялык мааниси изилдөөдө Семетейдин образынын эпостун образдар системасындагы орду жана рухий-адептик маңызынын илимий жактан аныкталгандыгында. Практикалык мааниси жагынан алганда, диссертациялык эмгектин жыйынтыктарын, илимий натыйжаларын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөнүүдө, атайын курстарды окууда, “манастаануу” сабактарында, “Манас” үчилтиги боюнча окуу китептерин, окуу куралдарын жазууда пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн апробациясы:** Илимий иштин негизи боюнча К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин “Вестник Иссык-Кульского университета” жана “Кыргыз тили жана адабияты” журналына макалалар жарыяланды. Белгилүү окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Акеш Имановдун 80-жылдык мааракесине арналган илимий-практикалык конференцияда, Ысык-көл мамлекеттик университетиндеги филология илимдеринин доктору, профессор Үсөнбек Асаналиевдин 80-жылдыгына арналган “Кыргыз филологиясынын келечеги жана көйгөйлөрү” аттуу илимий-практикалык конференциясында, белгилүү манастаануучу Сапар Бегалиевдин 80-жылдык мааракесине арналган “Азыркы кыргыз филологиясындагы маселелер” аттуу конференциясында докладдар жана баяндамалар окулду.

Диссертациянын концепциялары жана жыйынтыктары окуу жайдын “Кыргыз адабияты жана журналистика” кафедрасында талкуугa коюлду жана жактырылды. Диссертациялык эмгек КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеш тарабынан коргоого сунушталган. Кошумча талкуулар И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз адабияты кафедрасында талкууланып ЖАК тарабынын коюлган талаптарга жооп берери белгиленген.

**Изилдөөнүн структурасы:** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, биринчи бап биринчи, экинчи параграфтан, экинчи бап эки параграфтан, үчүнчү бап дагы биринчи жана экинчи параграфтардан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## 1-Бап: «Семетей» эпосунун жана Семетейдин образынын изилдениш абалы

### 1.1. «Семетей» эпосунун изилдениш тарыхы

«Манас» үчилтиги - кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы, түгөнбөс кенчи экендиги айныгыс чындык. «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» эпостору дүйнө элдеринин эпосторунун ичинен өзүнүн океандай зор көлөмү менен гана айырмаланбастан, нечендеген кылымдардан бери оозеки сакталып, манасчылар аркылуу муундан муунга өтүп, бүгүнкүдөй көркөм дэңгээлге жеткендиги менен анын көөнөрбөстүгү далилденет. Ар бир окурман, ар бир угарман эпосту уккан сайын андан түгөнбөгөн байлыкты табат.

Элибиздин оозеки чыгармачылыгында көрүнүктүү орунду ээлеген «Манас» эпосунун негизги идеясы, мазмуну, андагы сүрөттөлгөн окуялар, ошол мезгилдеги элдин турмушу, кыргыз жеринин жаратылышы, андагы каармандардын баатырдык образдары сөз гүлдөрүнөн курулганы айныгыс чындык.

«Манас» эпосунда кыргыз эли жүздөгөн кылымдарда башынан өткөргөн жашоо турмушунун негиздеринин, дүйнөгө болгон көз караштарынын, укумдан тукумга, кийинки муундарга мурас болуп сакталып келген каада салттарын, үрп-адаттарынын кеңири чагылдырылганы менен анын баалуулугун көрүүгө болот.

«Манас» үчилтиги-дүйнөлүк аренада көлөмү жагынан да көркөмдүгү жагынан да өзгөчөлөнгөн чыгарма. Эпос рухий казына жана уулу идеялар менен камтылган.

Үчилтиктин эң негизги идеялык максаты Ата журтту, Мекенди коргоо. Адамзаттын бул дүйнөдө бактылуу жашоосу үчүн эркиндик, биримдик жана көз каранды эместик идеясынын камтылышы.

«Нечендеген кылымдарды «карытып», алардын ыраатуу тутумунда жашап келген элибиздин турмушунун диалектикасынан пайда болгон, реалдуулукту кабылдоону, элестетүүнү жана өздөштүрүүнү же эпикалык аң

сезимди туюнткан, гумандуулук, бийик ыймандык, эркиндик, биримдик, жоопкерчилик проблемаларын; байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астронромиялык, математикалык, философиялык, этикалык, түшүнүм-түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган «Манас» эпосу дүйнөдөгү сейрек кездешүүчү, баа жеткис руханий байлыктардын бири. Поэтикалык эстеликтердин уникалдуу үлгүсү катарында бул чыгарма калкыбыздын улуттук, этностук сыймыгы, дүйнөлүк көркөм маданияттын казынасына орчундуу кошумча, баа жеткис толуктоо экендиги акыйкат-деп окумуштуу М. Жумагулов анын кыргыз элиндеги энциклопедия катары баалагандыгын белгилеп коёлу[Жумагулов:2008,3]

«Манас» эпосу дүйнөлүк эпикалык чыгармалардын ичинен эң көломдүүсү катары дүйнөнүн окумуштуулары тарабынан да изилденген жана бүгүнкү күндө да изилденип келе жатат.

Тарыхый-турмуштук багытта изилденген эмгектерди Б. Солтоноев, Б.Жамгырчинов, С.Ильясов, А. Хасанов, О. Караев, А. Мокеев ж.б. жазышса, философиялык багытта М.Жумагулов, Ш.Акмолдоева, Г. Кудабаева ж.б.(кийинки мезгилдерде) изилдешккен.

«Манас» эпосу жөнүндөгү изилдөөлөр Октябрь революциясына чейин эле башталган. Орустун белгилүү окумуштуусу В.В. Радлов (Радлов В.В. Образцы народный литературы северных тюрксих племен. Ч.I-X. Спб., 1886-1907) жана казак ориенталисти Ч.Ч.Валиханов (Валиханов Ч.Ч. Собрание соч. в пяти томах. Алма-Ата, 1958) тарабынан илим катары негизделген. Өздөрүнүн алгачкы жазмаларында (Радлов 1862-ж., Ч.Ч.Валиханов 1856-ж.) кыргыз эпосу «Манасты» жана анын тексттерин илимий талдоонун натыйжасында алар кыргыз фольклористикасынын эң биринчи барактарын ачышты. В.В. Радлов «Манастын» айрым бир эпизоддорун 1862-жылы бугу уруусунан чыккан манасчыдан, андан кийин 1869-жылы сарбагыш урусундагы манасчыдан жазып алат. Учурунда В.В. Радловдун ишин жогору баалагандардын ичинде Петербург

университетинин профессору Э. Петери бар эле. Ал «Манас» эпосунун текстинин жарыкка чыкканын эң чоң ийгилик деп баалайт.

Кыргыз жергесине биринчилерден болуп келген саякатчы, окумуштуулардын бири «Манас» эпосун көркөм чыгарма катары баалаган, айрым үзүндүлөрүн кагаз бетине түшүргөн окумуштуу Ч.Ч.Валиханов эпостун биринчи бөлүгүн «Талаа Иллиадасы» деп эсептеп, «Семетейди» «Одиссеяга» теңештирип караган.

“Манас” эпосу кыргыз элине эле эмес, жалпы адамзатка таандык руханий мурас. Ал өзүнүн көркөм-эстетикалык, саясий-идеялык, тарбиялык маанисин эч убакта жоготпой турган руханий кенч. Кылымдар бою “Манас” эпосу манасчылар тарабынан айтылып, жайылтылып келген. Азыркы күндө да “Манас” эпосу манасчылар аркылуу элге жандуу жетип отурат. Дүйнөдөгү башка элдердин элдик эпостору болгону менен алардын айтуучулары мындан бир нече жылдар, кылымдар мурда эле өз жашоосун токтотуп койгон. Ал эми кыргыз элинин манасчылары бүгүнкү күндө да өз варианттарын жаратып, калың эл катмарына “Манас” эпосунун мазмунун, идеясын жайылтып келүүдө. Бул жагынан алып караганда, башка дүйнө элдеринин эпосторуна салыштырмалуу кыргыз элинин баатырдык эпосу жандуу өмүр сүрүп келе жаткан тирүү эпос деп эсептелинет” [Бакчиев:2008,13].

«Манас» эпосу жөнүндө кагаз жүзүндөгү маалымат берген тарыхый алгачкы эмгек XV-XVI кылымдын чектеринде Кыргызстандын түштүгүндө жашап өткөн Аксыкенттик молдо Сайф ад-Диндин «Маджму ат-таварих» (Тарыхтардын жайнагы), деген XVI кылымга таандык кол жазмасы болуп эсептелет. Фольклорчу жана этнограф Сайпидин Аксыкетинин XV кылымдын аяк жагында башталган бул эмгегин уулу Нооруз Мухаммед XVI кылымдын башында улантып жазган жана бүтүргөн. Манас жөнүндө баяндаган Сайпидиндин китеби, анын ички мазмуну төрт жарым кылым бою

кыргыздарга белгисиз болуп, кабары чыкпай жаткан. Атеизмди туу кылган большевиктер диний китептерди Ферганада өрттөп жатышканда Назармат Жайлообай уулу атасы Жайлообайдан мураска калган «Тарыхтардын жыйнагын» оро казып көмүп, дубалдын ортосуна бекитип жүрүп аман сактап калган да, акыры 1968-жылы Академияга өткөрүп берген. …90-жылдары эски кол жазмаларды окуп, жарыкка чыгаруу жагынан чоң тажрыйбасы бар, акын жана манастаануучу Омор Сооронов демилге көтөрүп, Молдо Мамасабыр Досбол уулу экөө «Тарыхтардын жыйнагын» парси тилинен которуп, 1996-жылы китеп кылып чыгарышкан. Китепте Манас кара сөз менен тарыхый инсан катары сүрөттөлүп, анын төрөлүшү, Жакыптын уулу экендиги, баатырдын калмактын каны Жолой менен болгон көптөгөн салгылашуулары, ошондой эле чоң согуштун биринде 13 жеринен жарадар болгону, Жолойдун Төбөй деген калмакташып кеткен кыргызды жумшап, Манаска уу бердиргени, Жакыптын Жолойго колго түшкөнү, акыры өз өнөктөштөрүнүн жардамы менен Манастын Жолойду жеңгендиги көрсөтүлөт [Байгазиев: 2002,80]. Аталган кол жазмада Манастын кырк чоро күтүшү, Таластын башында болушу, уруштар ж.б. маалыматтар берилген.

Эпосту изилдөөгө белсенип киришкен окумуштуулардын бири Мухтар Ауэзов. Ал манасчы С.Орозбаковдун варианты боюнча изилдөө жүргүзүп «Манас» кыргыздын баатырдык эпосу деген эмгегин 1935-жылы жазган. Ал эмгекте эпостун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, козгогон маселелеринин теориялык жактап ачып берген.

«Манас» эпосун адабият тармагында эле изилдебестен тарыхчылар, этнографтар да изилдөөгө алганын окумуштуулар өз эмгектеринде белгилеп өтүшөт.

«1943-жылы Республикабызда СССР илимдер Академиясынын кыргызстандык филиалынын уюшулушу «Манас» эпосун изилдөөгө, жыйноого жана басмадан чыгарууга мурункудан да кеңири көңүл бурууга мүмкүндүк берди. Ал республикабыздагы «Манас» эпосун изилдөөгө, ар

түрдүү окумуштуулардын, акын жазуучулардын кеңири коллективин тарткан илимий борборго айланды. Окумуштуулардын акын жазуучулардын коллективи-«Манас» эпосунун академиялык көп томун түзүп, аны жарыкка чыгарууга киришет. Эпосту изилдөөгө арналган, эмгектерди, макалаларды өзүнчө басууга даярдык да көрүлөт [Мамыров:1963,14]. Бул демилге республика тарабынан көтөрүлүп, элдин көөнөрбөс энциклопедиясы үчүн көрүлгөн максатуу иш деп белгилөөгө арзыйт. Көтөрүлгөн бул максаттын тегерегинде көптөгөн окумуштуулар «Манаска» арналган эмгектерди жаратышкан. Алсак ал окумуштуулар В.М.Жирмунский, П.Н. Перков, М.И. Богданова, К.Рахматулин, С.М. Абрамзон, А.Бернштам жана башкаларды атоого болот.

Ал эми элибиздин көркөмдүү жана көлөмдүү эпосун изилдөөдө өз элибиздин кулундары да артта калган эмес. Алардын жогорудагы демилгенин көтөрүп иштеп жатышында карап турбастан өз салымдарын кошкон окумуштуулардын катарын Ө. Жакишев, Т.Байжиев, З.Бектенов жана башкалар толукташкан.

Ошол эле учурда элдик оозеки түрүндө гана сакталып келген улуу мурасты сактоочулардан жазырып алуу иштери да системалуу жүргөн да, талантуу манасчылыр Сагымбай Орозбаковдон, Тыныбек манасчыдан, Ш.Рысмендеевден, Б.Сазановдон, М.Мусулманкуловдон ж.б. жазылып алынган.

Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын илимий кызматкери Мурат Мукасов «Манастаануучулар эмне кылып жатат» деген макаласында мындай деп жазат: - "Манас" бөлүмүндө не бир илимдин дөө-шаалары эмгектенишип, кажыбас кайраты, чаалыкпас эмгеги менен манас таануу илимин жолго коюшкан. Алсак, Б.Юнусалиев, З.Бектенов, М.И. Богданова, Б.Керимжанова, Ө.Жакишев, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, С.Бегалиев, Э.Абдылдаев, З.Мамытбеков, М.Мамыров, К.Кырбашев, А.Жайнакова, Р.Сарыпбеков, О.Сооронов сыяктуу окумуштуулар "Манас" эпосун жыйноо,

жарыялоо жана изилдөө иштерин жүргүзүшүп, эпостун зоболосун көтөрүп келишкен [Мукасов:bizdin.kg,2012]-деп сыймыктануу менен белгилейт.

«Манас» үчилтиги - бул көптөгөн кылымды ичине камтыган, далай татаал тарыхый окуяларды чагылдырган көркөм чыгарма.

Манас баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян эпостогу көркөм образ жаратуудагы биринчи этап. Элдин түшүнүгүндө баатырдын ата-теги бүт атактуу баатыр болушкандан кийин Манас да дал ошолордой баатыр, Хан болуш керек деген жыйынтык чыгат.

Ч.Валиханов өз эмгегинде белгилегендей: «Бул чоң эпопеяда кыргыздын турмушу, каада-адаттары, георгафиясы, диний, медициналык түшүнүктөрү жана эл аралык мамилелери көрүнгөн» [Валиханов:1985,72]. Улуу эпопеяда кыргыз элинин бүткүл турмушун камтыгандыгын таасын белгилешет.

Эң негизгиси Манас баатыр элди тышкы душмандардын кыстоосунан куткарып, биримдиктүү, бакубат жашоо өткөрүү үчүн жаралган каарман. Ошондуктан эпостун башталышы бардык манасчылардын варианттарында баатырдын ата-тегин баяндоо менен башталат.

«Манас» - океан эпос. Бардык кыргыз эпосторунун эң көлөмдүүсү. Бүгүнкү урпактар «Манастан» алаары эмне?- дегенде анда, эң башкысы көркөм чыгарма катары баалуулук, гумандуулук, адамкерчилик, ата-энени, улууларды сыйлоо, кичүүлөргө ызаат көрсөтүү сыяктуу тарбиялык мааниси бар. Ал эми андан да жогорку идеясы - элди-жерди сүйүү, Ата Мекенди коргоо, чачылганды жыйноо. Ч. Айтматов: «Адамзаттын өткөн тажрыйбасы - анын түпкү гүл азыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы» - деп жазат [Айтматов:1979,9].

«Семетей» эпосу «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү. Манастын уулу Семетейдин аты менен аталган.

«Семетей» эпосу - «Манас» эпосунун уландысы гана эмес, ага тете көркөм чыгарма. Эпостун эл адабиятынан ээлеген туруктуу орду бар.

«Семетей» эпосундагы негизги идея сырттан басып кирген душмандардан элди-жерди коргоо, элдердин ынтымагын, биримдигин сактоо. Ошондуктан «Семетей» «Манастын» түздөн-түз бир бөлүгү болуп, өз алдынча көлөмдүү, көп вариантуу эпикалык чыгарма экендиги өткөн кылымда эле белгиленген. Тагыраак айтканда, Семетей салттуу түрдө Манас баатырдын карачечекей уулу аталып, атасынын иштерин улантып, аягында жеткирген чыныгы тукуму катары баатырдык эпостун кийинки бөлүгүнүн баш каарманы. Демек «Семетей» эпосу кыргыздарга гана таандык улуттук маданий көрүнүштүн бир көрүнүктүү фактысы катары калыптануу, өнүгүү жана гүлдөө баскычтарын толук басып өткөн өзгөчө классикалык чыгарма катары «Кыргыз адабиятынын тарыхы» китебинде жазылган [Кыргыз адабиятынын тарыхы: IIтом, 1995,78].

«Семетей» эпосунун мазмуну оригиналдуу болгондуктан ал «Манас» эпосун толуктап турат. “Манастагы” негизги идеяны “Семетейде” улантуу зарыл болгондугун же болбосо эл сүйгөн каарманынан ажырап калып анын максаттары ишке ашпай калганы аларды канаатандырбайт. Ошондуктан анын баласы чоңоюп мураскор болушу абзел. Ушул эле ойду Ташым Байжиев да ырастайт: “Манас” трилогиясынын экинчи поэмасы “Семетей”. Бул поэмада трилогиянын башкы каарманы Манастын уулу Семетейдин төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки башынан өткөргөн окуялары айтылат. Манастын тушундагы согуштардын натыйжасы өңдөнүп, ал идея, максат, көркөмдөө куралдары; аткаруу ыкмасы жана обону жагынан “Манастан” ажырагыс бир гана поэма болуп эсептелет. Трилогиянын үч бөлүгүндө кыргыз элинин бирдиктүүлүгү, көз каранды болбостугу, күдөрүн көтөрүү идеясы жакталып, элди, жерди сүйүү, душманды жек көрүү биринчи максат кылып коюлат. Биринчи поэмадагы башкы каармандардын (Сыргак, Каныкей, Бакай, Чыйырды, Бурулча) образдары экинчи поэмада да сүрөттөлөт. “Манас” поэмасында кыргыздардын ички уруучулдук

күрөштөрү даана көрүнбөй, “Семетейде” гана Абыке, Көбөш, Чачыкей, Кыяз, Үмөтөй, Канчоролордун образдары аркылуу ачык көрүнөт.

“Манас” поэмасынын өсүп жеткен жери кытайлар менен болгон согуш “Чоң казат”. “Манастагы” бул согуш “Семетейде” улантылып, “Семетей менен Коңурбайдын согушу деп аталат”. Бирок Семетейдин согушу башка шартта болот. Бул эки согуштун тең түпкү максаты бир. Маселен, “Чоң Казаттагы” Манастын максаты-Ногой хандын балдарын туш тарапка сүрүп жиберип, кыргыздардын Ала-Тоо, Түркстанды тартып алган кытайдын Караканынан кыргыз жерин кайра алуу, элин чет душмандан коопсуз кылуу болсо, экинчи согуштагы Семетейдин максаты да эл коргоочу баатырларды (Алмамбет, Чубак, Сыргак, Манас) өлтүрүп кыргыздардын тентишине себеп болгон Коңурбайдан өч алып, Манастын тушундагы күрдөөлгө, күчкө, бирдикке жетишүү.

Жогорудагы айтылгандардын бардыгы “Семетей”, “Манастын” үзүлгүс уландысы экендигин билгизет. Ошондой болсо дагы “Семетей” поэмасынын “Манастан” бир кыйла өзгөчөлүктөрү бар. Маселен, экинчи поэмада Семетей, Бакай, Каныкейлердин оор абалы кайгыруу, Манастын тушундагы салтанаттын жогорку идеялуу баатырлардын Семетейдин учурунда жок болушу өкүнүү, андагы сүйүү, күнүлөө, жеке эрегиш, кектөө, бийлик талашуу өңдүү жеке таламдардын ачык көрүнүшү, “Семетей” поэмасына лирикалык күү берип, аны лирикалык эпоско айланткан.

Экинчи поэмадагы каармандар “Манастагыдай” согуш баатырларынын элесин бербестен, чыныгы турмушка жакын, кадимки кишилердин элесин берет.

Башкача айтканда “Семетейдеги” каармандар жерди, элди сүйүүнү, сүйгөнүнө жетүүнү, баласын тарбиялап, киши катарына кошууну, туугандык ынтымакты, душмандан кек алууну көксөйт” [Байжиев:2005,81].

Ал эми окумуштуу Б.Керимжанова 1959-жылы чыккан “Семетей” эпосунун бириктирилген вариантына жазган баш сөзүндө: “Семетей”

поэмасында  кыргыз элинин үрп адаты, улуттук салты, этнографиялык турмуш жагдайы да баяндалган. Алар поэманын улуттук мүнөзүн көрсөтүп, идеялык мазмунун толуктап турат. Ал темалар бири-бири менен айкалышып, поэманын сюжетин түзгөн. Маселен баатырдын төрөлүшү той берүү сыяктуу жардамчы темалар, негизги темалар менен бирдикте Семетейдин тегерегинде топтолгон. Сюжеттик окуялар Семетейдин кыймыл- аракет, ой-дүйнө, турмуштук көз караштары менен ажырагыс байланышта чечилген”
[Керимжанова: 1959,4].

М.Мамыров: «Семетей» эпосун жыйноо иши жомоктун биринчи бөлүгү Манас» менен киндиктеш, тыкыс байланыштуу. Өткөн кылымдын элүүнчү жылдары казак калкынын демократ агартуучусу Ысык-Көлдүн көкүрөгүндөгү  кыргыз урууларынын арасында болуп, көлдүк манасчыларда эпостун Семетей» бөлүгүндө айтылган, бирок окуясы жомоктун «Манасына» таандык «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунун сюжеттик мазмунун кара сөз түрүндө жазып алган.  Автордун «Манас» эпосу боюнча берген маалыматына караганда жомоктун бөлүктөрүнүн негизги окуялары, мазмуну менен кабары болгондугу ачык байкалат.

Айрым манасчылар үчилтикти гана айтышса, айрымдар жети урпагына чейин айтышкан.  «Манас» да «Семетей» да көп вариантта аткарылып келген чыгармалар. Эл ичинде семетейчилер манасчыларга караганда арбын. Ошондуктан  «Семетей» «Манаска» караганда көбүрөөк аткарылган  деген маалыматтар бар. «Семетей» эпосу үчилтиктин калган бөлүмдөрүнөн окуяларын сүрөттөөдө реалдуулукка  жакын. Бул жагынан ал кыргыздын кенже эпостору менен окшошуп  кетет, бул өзгөчөлүк турмушту чагылдырууда, персонаждардын мүнөзүн ачууда, болгон окуяларды манасчылардын угуучуларга түшүнүктүү, жакын мүнөздө берүүсүндө болот. Бул оюбузду бекемдөө үчүн да Ташым Байжиевдин пикирин билдирсек:- «Манас» поэмасын айткан жомокчу аздыр көптүр «Семетейди» да

«Сейтекти» да айтат. Бизге белгилүү жомокчулардан «Семетейди» айтып, «Манасты» билбей калгандары жок. Маселен, бүткүл кыргызга аты калган өткөн манасчылардан Нооруз, Тыныбектер трилогиянын үч бөлүмүн тең айтышкан. Атактуу манасчы Сагымбай «Манастан», «Семетейди» көбүрөөк жакшы айтам»- дечү экен. Совет доорундагы ири жомокчулар: Саякбай, Шапак, Багыш, Тоголок Молдолор да «Семетейди» көлөмү жагынан «Манас» менен барабар айтышат [Байжиев:2003,223]. Мына ушундай себептерден улам манасчылар тарабынан «Семетей» бөлүмү көбүрөөк айтылып калса керек. «Семетей» бөлүмүндөгү окуялар да угуучулардын делебесин козгоп, жакшы финалды берүүсүн күтүшөт.

Омор Сооронов: «Семетей» эпосу трилогиянын калган бөлүктөрүнөн лиро-эпикалык, романтикалык мүнөзү, окуяларды сүрөттөө жагынан айырмалуу. Бул жагынан кыргыздын кенже эпостору, казак жана Орто Азия элдеринин лиро-эпикалык мүнөздөгү эпостору менен жакындашат. Анын жомоктук-фантастикалык лирикага, романтикага байлыгы, камтыган окуяларынын жакынкы мезгилдерге тиешелүү болушу жана сюжети букта келип кызыктуу болушу угуучуларды кызыктырып, жомокчулардын көңүлүн бурган. Ошондон уламбы, манасчылар да трилогиянын «Семетей» бөлүгүн көбүрөөк айтышкан. Ал эми манасчылардын плеядасынын пайда болушу «Семетейдин кызыктуулугуна, эл арасына көп таралгандыгына күбө болот» - деп белгилейт [Сооронов:1981,77].

«Семетей» эпосу «Манаска» караганда эл арасында кеңири таралса да аз изилденгендигин окумуштуулар белгилеп жүрүшөт. Ал жөнүндө айрым маалыматтар октябрь революциясынан мурда элге белгилүү болсо кийинки мезгилдерге чейин атайын изилдөөлөр аз санда жүргүзүлгөн.

«Семетей» эпосунун өзгөчөлүгү анын көлөмүнүн «Манас» эпосуна караганда көбүрөөк болушу. «Манас» үчилтиги 500 553 сап болсо, анын 83 миңден ашык сабы «Манас» эпосуна 83 миңге чамалаш сабы «Сейтек» эпосуна ал эми калган 300 миңден ашык сабы «Семетей» эпосу түзүп

жатпайбы. Ошондуктан «Манас» эпосу сыяктуу эле «Семетей» эпосу да сүйүп окуй турган окурмандардын көркөм чыгармасы.

Учурда «Семетей» эпосунун Тоголок Молдо, Жаңыбай Кожеков, Ж.Сарыков, С.Каралаев, Ш.Рысмендеев, Б.Сазанов, М.Мусурманкулов, М.Чокморов, Ы.Абдырахманов, Ыса Жумабек уулу, Сейдене Молдокеева ж.б. семетейчилердин 30 га жакын жазылып алынган варианттары КРУИАнын кол жазмалар жана жарыялоо фондусунда сакталып турат. Манас изилдөөчү Омор Соороновдун «Манастын» варианттары жөнүндөгү эң соңку конкреттүү так фактыга негизделген маалыматын келтирели: «Манас» жөнүндө сөз кылганда эпостун көлөмүн көптүрүп айткысы келгендер алтымыш-жетимиш, андан да көп варианттары бар дешсе, айрымдар он бештен ашырбай да коюшат. Ошондуктан тил, адабият жана искусство институтунун алдындагы кол жазмалар фондусунун жетекчиси, фондуга ар бир материалды бирден кармап көргөн киши катары төмөнкү манасчылардын варианттарын фондуга өткөрүлгөнүн тастыктаймын: - деп кол жазмалар фондусундагы 78 манасчы-семетейчилердин ысымын келтирген. -Аталган манасчы-семетейчилердин варианттарынын баары эле варианттык талапка жооп беришет дешке болбойт. Ошондой эле, айрым манасчылардан билген тексттин толук жазып албагандыктан, «Манаска» же «Семетейге» тиешелүү негизги эпизоддор жок деп, алардын тексттерин варианттык акысынан да ажыратууга болбойт»- деп белгилейт [Байгазиев: 2000,135].

С.Байгазиевдин «Манастаануу» аттуу китебинде Семетейди изилдөө боюнча мындай дейт: - «Архивдик материалдар дагы төмөндөгүлөрдү күбөлөйт. 1903-жылы Россия география коому Ала-Тоо кыргыздарына экспедиция уюштурат. Экспедициянын курамында түрк тилин билген офицер А.Г.Белинский жана сүрөтчү Б.В.Смирнов аттуу адамдар болот. А.Г.Белинский менен Б.В.Смирнов Пишпек уездинен Кенжекара деген акынга жолугуп, андан «Семетейдин» бир үзүндүсүн фонографка жазып

алышат. А.Г.Белинский «Манастан» жана «Семетейден» үзүндүлөрүн орус транскрипциясы менен кагазга түшүрүп алып, анан ал тексттерди орусчага которот. Сүрөтчү Б.В.Смирнов болсо манасчы Кенжекаранын сүрөтүн тартып алган. А. Г. Белинскийдин «Манас» эпосу боюнча котормосу Б.В. Смирновдун 1914-жылы Москвадан чыккан «Түркстан талааларында» («В степях Туркестана») деген китебине жарыяланган. 1903-жылкы экспедициянын мааниси – А. Г. Белинскийдин манасчынын үнүн тарыхта биринчи жолу тасмага түшүргөндүгүндө. А. Г. Белинскийдин эмгеги аркылуу бүгүнкү күндүн кыргыздары – биз 20-кылымдын башында жашаган Кенжекара манасчынын уникалдуу добушун, Манас айтканын радиодон угууга мүмкүнчүлүк алып олтурабыз. Манасчы Кенжекаранын үнү жазылган пластинка А.С.Пушкин атындагы орус адабияты институтунун фонотека бөлүмүндө табылган. Ал эми Б.В.Смирнов тарткан Кенжекаранын сүрөтү биринчи жолу полотного түшүрүлгөн манасчынын жандуу портрети, сейрек кездешкен аөолуу тарыхый-этнографикалык мүлк, оригиналдуу искусство чыгармасы. Б.В.Смирнов эпостун үзүндүсүнүн мазмунуна карап «Семетейдин Айчүрөккө жолугушу» деген эң сонун сүрөттү да тартып, жогоруда аты аталган китебине жарыялаган. Китептеги кара сөз түрүндө берилген орусча котормодо Семетейдин он эки жаштагы Күлчоро, Канчоро менен Чынкожо жана Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүп, Акун-хандын шаарына кан болгондугу жөнүндө баяндалат.

Б.В.Смирновдун китебинде жазылган дагы бир кызык факты бар. «Семетейди» айтып атканда байкатпай фонографка үнүн жазып алып, кайра аны Кенжекаранын өзүнө угузганда, мындайды өмүрүндө укпаган, көрбөгөн Кенжекара эси оогонго чейин барып, жыгылып калган. Тура албай жатып, коркконунан көздөрү алактап, жардам сурагандай эки колун созуп: «шайтан, шайтан» деп сүйлөп, шайтан сөзүм менен үнүмдү алып койду деп ойлогон.

Терең ойлонсок, бул анчейин күлө турган окуя эмес. Бул факт тоо арасындагы илим-билимден кабарсыз көчмөн адам менен техникалык

цивилизациянын күтүүсүз кездешүүсүнөн келип чыккан кагылышууну күбөлөгөн, кишини олуттуу ойлонто турган кайталангыс факт [Байгазиев: 2000,108].

Белгилүү кыргыз окумуштуусу 1961-жылы Б. Керимжанова «Семетей» жана «Сейтек» бөлүмдөрүнө токтолуп үчилтиктин бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин жана бул бөлүмдөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү тууралуу пикирин айткан: «Манас», «Семетей» и «Сейтек» по своим сюжетным линиям, системе образов, композиционному построению являются, каждый в отдельности, цельными, самостоятельными произведениями. Но не трудно заметить и те сюжетные мотивы, которые прочно скрепляют между собою.

Как бы оригинально не был построен сюжет «Семетея», по мотивировке отдельных событий и развитию образов он во многом дополняет эпос «Манас». В поэме «Семетей» изобрежены сын Манаса-Семетей и сын Семетея-Сейтек. Это составляет основу генеалогической связи между поэмами [Керимжанова:1961,34].

Белгилүү фольклорист З.Мамытбеков да «Семетей», «Сейтек» эпостору тууралуу жакшы пикирлерди айткан. Анда XVI кылымда жазылып, бизге чейин жеткен «Манас» тууралуу алгач ирет эскерилген Сайф ад-дин Аксыкентинин «Маджму атут-таварих» аттуу тарыхый эмгегине, Ч. Валиханов, В.В. Радлов тарабынан жазылып алынган эпостун тексттерине токтолгон. Октябрь революциясына чейинки изилдөөлөргө кайрылып, азыркы айрым бир варианттар менен салыштырып караган.

Ошондой эле «Семетей» эпосунун изилденишине белгилүү манастаанучу Омор Сооронов Тоголок Молдонун варианты боюнча «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү» аттуу эмгегинде «Семетей» бөлүмүнө токтолуп аны Саякбай Каралаевдин варианты менен салыштырып карайт. Варианттардагы айрым окшош

мотивдер менен өзгөчөлүктөрдү аныктайт. Белгилүү окумуштуу Айнек Жайнакованын «Семетей» эпосунун тарыхый генеалогиялык негизи» аттуу иши «Семетейди» изилдөө боюнча негизги эмгек деп эсептелинет.

Бул эмгекте С.Каралаевдин варианты боюнча «Семетей» эпосу генеалогиялык циклизация принцибинин өзгөчөлүгү боюнча ал Манастын ишин улантуучусу катары кеңири токтолуп, андагы коомдук түзүлүштөгү катмарлардын орун алышын негиздүү фактылар менен көрсөткөн. «Семетей» эпосундагы чагылдырган доордун мааниси, эпосто камтылган байыркы элементтер, генеалогиялык циклизация жана анын негизги белгилери катары үчилтиктин уландысы катары окурман журтуна кызмат кылаары кеңири иликтенген. Бул изилдөө кыргыз фольклористикасындагы маанилүү маселелерден экендиги аныкталган. Эпостогу байыркы элементтер каралып, жомоктук-мифологиялык катмарлардын орун алышы тийиштүү фактылар менен бекемделип, «Семетей» эпосунун айрым сюжеттик мотивдери, образдары жана поэтикасы алгылыктуу сөзгө алынган.

«Семетей» эпосу тууралуу жүргүзүлүүчү изилдөөлөр, анда эпос чагылдырган доор, генеалогиялык циклизациянын ролу, чыгарманын идеялык мазмуну, каармандардын образдар системасы, варианттардын айырмачылыктары жана окшоштуктары ж.б. түзөт.

“1989-жылы Р.Кыдырбаева, К.Кырбашев, А.Жайнакованын «Манас» эпосунун варианттары» деген илимий-изилдөө жыйнагында М.Чокморовдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун өзгөчөлүгү (К.Кырбашевдин изилдөөсүндө), С.Каралаевдин айтуусундагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун бөтөнчөлүгү («Манас» эпосунун варианттары) (А.Жайнакованын изилдөөсүндө) берилген. Аталган эмгектерде изилденип жаткан варианттар кол жазмалар фондусунда сакталып турган варианттар менен салыштырып, алардын ортосундагы жалпы салттык көрүнүштөрдү жана айтуучунун жеке өзгөчөлүк табылгасын кеңири ачып беришкен. К.Кырбашев «М.Чокморовдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун

өзгөчөлүгү» аттуу изилдөөсүндө бул варианты Ж.Сарыков, Ш. Рысмендеев, Ж.Кожековдун варианттары менен салыштырып, өзүнчөлүк белгилерин көрсөткөн”[Айталиева:2012,9].

Ал эми 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдык маарекесин уюштуруу алдында “Манас-1000” мамлекеттик дирекциясынын колдоосу менен жана “Манас” эпосун прапагандалоо максатында мурда жарык көрбөгөн варианттар басылып чыккан. Алар: Тыныбек Жапы уулунун “Семетей” эпосунан бир бөлүм (Тыныбек Жапый уулу. “Семетей” баатырдан бир бөлүм. Китепте: “Көкөтөйдүн ашы”.-Б.,1994). Ысa Жумабек уулунун айтуусунда “Семетей” эпосу(Ысa Жумабек уулу “Семетей”. Б.,1994)

Ошондой эле улуттук илимдер академиясынын реколлегиясынын астында академиялык басылыш катары Саякбай Каралаевдин “Манас” үчилтиги боюнча төрт китеби жарык көрдү. ( “Манас”, “Семетей” 1-китеп, “Семетей” 2-китеп, “Сейтек” Б., 2013)

## 1.2. Семетейдин образынын изилдениш абалы

Семетей баатырдын образын изилдөө дээрлик жүргүзүлгөн эмес деп айтууга толук негиз бар. Окумуштуулар "Семетей" эпосунун манасчы-семетейчилердин варианттарын салыштырып кароого эмгек жумшашып, ал эми образына азыноолак гана көңүл бурушкан. Алсак: Кетмен-Төбөлүк семетейчи Сейдене Молдокееванын варианты боюнча Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин окутуучусу Талиева К.А. тарабынан «Сейдене Молдокееванын чыгармачылык өнөрканасындагы салттуулук жана өзүнчөлүктүн карым-катышы» деген темада 2000-жылы кандидаттык диссертация корголгон. Анда семетейчи Сейдене Молдокееванын вариантын башка варианттардан өзгөчөлүгүн карап, өзүнчөлүк белгилерин аныктаган.

"Сейдененин вариантында башка семетейчилерде кезикпеген "Көбөшкандын Асылкан менен Канымкандын Каныкейге жуучу кылып жибериши", "Чынкожо менен Толтойдун Боз жигитти аңдоочуга жибергени", "Канчоронун Сарытаз уулу Каныкты жайлашы" ж.б. окуялар ичиндеги майда деталдык өзгөчөлүктөр бар"- экендигин К. Талиева аныктаган [Талиева:2000,14]. Семетейчи Сейдене Молдокееванын вариантынын өзүнчөлүгүн С.Каралаевдин варианты жана башка манасчылардын варианттары менен салыштырган.

Толкун Айталиева «Семетейчи Жаңыбай Кожековдун вариантындагы салтуулуктун сакталышы жана жеке өзүнчөлүк белгилери» аттуу монографиясын жазып, анда эпостун айтуучулары, алардын чыгармачылык өзгөчөлүгү, эпостун вариантынын пайда болушу, өсүп-өнүгүшү өңдүү маселелерге токтолуп, улуу манасчы С.Каралаевдин жана башка семетейчилердин варианттары менен салыштырып караган.

Жаңыбай Кожековдун өмүрү, чыгармачылыгына кеңири токтолот. Жаңыбай Кожеков 1869- жылы Жумгал өрөөнүндө төрөлүп, анын жети атасы тең "Манас" айтып, ал өнөр атадан балага өтүп, мурас катары семетейди айтып калганын баяндаган. Ошондой эле "Семетейди" айтып калуу үчүн

көргөн түшүнө да кенен орун берилген. Семетейчи Жаңыбай Кожековдон анын вариантын жаздырып калуу үчүн көрүлгөн камкордуктар, К.Мифтаковдун алгылыктуу иш аракеттерин белгилеп өткөн. Ж.Кожековдун “Семетей” эпосунун варианттарынын кол жазмалар фондусунда эң көлөмдүүсү экендигин белгилеп өтөт. Ал эми манасчылардын мектептерине караганда Ж.Кожеков түштүк манасчыларынын мектебине кирээрин айтат. Себеби Ж.Кожеков он беш жашында атасынын айрылып, жыйырма тогуз жашка чейин жалгыз жашайт да Кетмен-Төбөдөгү эжесиникине барып отурукташып калганын анын өмүрү чыгармачылыгы тууралуу маалыматта келтирген. Манасчы түштүктө көп өмүрүн өткөргөн.

Т.Айталиеванын изилдөөсүндөгү Ж.Кожековдун вариантындагы “Семетей” эпосу кара сөз менен башталып, ал мындайча баяндалат: Семетей Манас Бээжинге барган жылы төрөлөт. Аккуласы окко учуп, Алмамбетти шейит кетирип, Бээжинден жолу болбой, өзү Коңурбайдан жарадар болуп эли-жер Таласты көздөй келе жатканда алдынан “Сүйүнчү” деп бир дубана кез келет. Манас айтты: “Чоң атам Каракандан үч уул бар эле. Эң улуусу Жорпек, андан бала жок эле. Ортончусу Көзкаман, Көзкамандан төрт жаман, төрөөнөн бала жок эле. Эң кичүүсү Жакыптан жалгыз мен элем. Менден бала жок эле”-дейт.

Дубана: “Сүйүнчү деп келгеним, алдың тосуп жүргөмүн, капа болбой жүрө бер, Каныкей эркек төрөгөн, мунун жөнүн айтам деп, ошончо күнү жол тоском. Сүйүнчү деп мен келгем, Өмүрлүү болсун балаң деп, өчүңдү кууп алар деп” көрсө көзгө илинбей кайып болуп жөнөдү деп сүрөттөлөт. Анда Манас ойлонот. Белги Каныкейде бар эле, бериптир кудай перзентти, артымда тукум калыптыр, ыраазымын кудайга, кайып болуп кеткени Кыдыр Илияс, кырк чилтен колдогондун бири го, артымда перзент калатбы ийим? Атанын жолун изденип, Түбү калмактан өчүм алатбы ийим? [Айталиева:2012,38]

Ал эми С.Каралаевдин вариантында Семетей Чоң казаттан мурда төрөлөт. “Семетей” бөлүмдө анын балтыр бешик курагынан баштап айтылат. Сейдене Молдокееванын вариантында болсо “Семетейдин төрөлүшү” өзүнчө борбордук окуя катары киргизилген. Манас Бээжинге аттанып кеткенден кийин Семетей төрөлөт

Баатыр Манас Көк жалың,
Душманга каршы кеткенде,
Арадан күндөр өткөндө,
Манастын зайыбы Каныкей,
Курсактагы баласы
Тогуз айга толуптур,
Төрөлөр маалы болуптур [М.С.Семетей:1995,236]

Каныкейдин толгоосу башталып, көз жара албай абдан кыйналганда, кайын энеси Чыйырды садага чалып турганда, капыстан кайдан жайдан дубана пайда болуп: Бала аман-эсен төрөлсүн, атасынан алты эсе ашкан шер болсун аты болсун Семетей, Кыдыр Илияс кырк чилтен муну колдосун, деп бата берип көздөн кайым болот.

Семетейдин укмуштуу төрөлүүсү жөнүндө Жаңыбай Кожековдо Семетейдин Айчүрөктү алганы, Акунхандын шаарына барганда жол чалып келүү үчүн Күлчоро абасы Семетейден уруксаат сурап барып, Айчүрөк менен кездешип, баатыр жөнүндө айткан жеринде кенен берилет. Апасынын боюнда эр Семетей бүтүлүп, үч ай болду дегенде, энекеси Каныкей, кара чаар жолборстун өтү менен бооруна, үч талгагы канбас жери бар. Төрөмдүн мындай жөнү бар. Апасы Каныкей тогуз күнү толготкон, колодон калган мис бакан, кобулдагы сыр бакан, алып кел, катын бачым деп, алдырып келип чоң үйдүн, түндүктү тиреп орноткон, чындап толгоо келгенде, энеке биздин Каныкей чоң баканды кош колдоп, жөлөгүлө катындар, толгоо эмес балакет өлмөй болдум деп, алтындан калган чынжырды апакеси Каныкей беш жеринен үздү эле, шаршемби жалгыз, күн жалгыз, Семетей жалгыз, бу

жалгыз. Шейшембинин күнүндө эрдигин маалым кылам деп, энесинин кардынан, Эр Семетей абакеси эки колдо толтура, кан ченгэлдеп бат түшкөн, калайыктын оозуна, апасынын боюна алкымынан илинбей, аягы менен тик түшкөн, көзү ачыктын баарысы, айткан болчу башында, азап ушу деп түшкөн. Атасы Манас  өлгөндө, казат ушу деп түшкөн. Жаңыдан төрөм туулуп, жарыктыкка чыкканда ченгэлинен кан чыгып, уучтаганы жазылбай, бакырган үнү басылбай,  оозантса бала оозанбай, оозанта албай баланы, колунан канын көргөндө  укмуштуу бала болду деп,  далай адам түңүлгөн. Ошондо молдолорду чакыртып, бал китепчи дагы айткан. Эр Семетей төрөмдү, Кыргыздан ыйык жан деген, ойротту бузат деп кеткен. Ажыдан келген калпалар, а дагы тоюн жеп кеткен [Айталиева:2003,57].

Мындай колго кан ченгелдеп түшүү “Манас” бөлүмүндө  Манастын төрөлүшүндө да  баян этилет. Баатыр болчу баланын төрөлгөнүндөгү эпикалык чыгармалардын бир өзгөчөлүгү катары колдонулат.

Ат коюу боюнча В.М. Жирмунский: “важным моментом по старинному представлению  тюрксих народов, является наречие имени, имеюшие могическое влияние на далнейшую судьбу человека” [Жирмунский:1974,36]. Ат коюу салттуу мотиви түрк-монгол элинин эпосторунда “Алтын Кылыш”, “Картыга Пергелинде кездешет”. Дүйнөлүк эпостордо кездешүүчү  салтуу ат коюу мотивдеринин  ар түрдүү вариацияларын талдоо менен каармандын чыныгы аты, китептен коюлган аты, жашыруун аты, тотемдик колдоочулар (укмуштуу жан жаныбарлар) койгон аты ж.б. түрлөргө бөлүнөт дейт К. Талиева [Талиева:2000,41].

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин окутуучусу Чынгышев Доктурбек «Жусуп Мамайдын вариантындагы «Семетей»  эпосунун көркөм дүйнөсү»  аттуу диссертациясын 2005-жылы коргогон. Бул илимий иште да Кызыл-Суулук жазгыч акын  Жусуп Мамайдын вариантын белгилүү манасчы-семетейчилер С.Каралаев, Ж.Кожеков, М.Чокморов, Ш.Рысмендеевдин варианттары менен

салыштырылган. “Семетей” эпосунун сюжеттик курулушунда, эпикалык формулаларында, поэтикалык көркөм каражаттарында  башка варианттар кандай жалпылыктары жана айрым өзгөчөлүктөрүн аныктоо иштин негизин түзгөн.

Токтобүбү Ысак кызынын Манасчы Жусуп Мамайдын чыгармачылыгы, ал айткан ал айткан вариант менен семетейчи Эшмат Мамбетжусуптардын өмүр-таржымалы чыгармалык өнөрканасы боюнча Жунгода жана Ала-тоолук кыргыздарда жазылган эмгектер, С.Каралаевдин, Тыныбек Жапый уулунун варианттары менен салыштыруу жүргүзүлгөн. Эпостогу көркөм нарктар, жекечилик менен салтуулуктун гармониясын ачып берүү максаты коюлган. Жунгодогу манасчылар Ж.Мамай менен Э.Мамбетжусуптун варианттарын кытайдагы жана теңиртоодогу кыргыздарга кеңири таратуу, улуттук нарк-насилин, патриоттуулугун, баатырдык духун, улуттук дымагын көтөрүүгө практикалык маанисин аныктаган.

Жунгодогу кыргыздардын арасына кеңири таралган манасчылардын айтуусундагы варианттары талдоого алынып, алардын көркөм дүйнөсү, салтуу окуяларды сакталышы жана өнүктүрүлүшү системалуу иликтөөгө алынган. “Семетей” эпосундагы ички душмандардын жеңилиши-элдик идеянын салтанаты экендиги изилдөөчү тарабынан белгиленген[Ысык кызы Токтобүбү:2010,7].

“Манас” үчилтиктин  ар  бир бөлүгү бирин бири  уланткандыгы эпос генеалогиялык негизде улангандыгында.  Эпостун ички идеялык мазмуну көркөмдүк составдары жагынан бирин-бири толуктап өркүндөтүп жана улантып отурат. Мындай уланткандыкты эпостогу берилген темалардан көрүүгө болот.  «Семетей» эпосу жомоктун биринчи бөлүгү «Манастан» айырмаланган мүнөздүү өзгөчөлүккө жана  касиетке ээ. Муну «Семетей» эпосунун идеялык мазмуну толуктугунан, сюжеттик жүрүштөрүнөн,

композициясынын курулушунан, образ системасынан жана стилдик өзгөчөлүктөрүнөн даана көрүнөт.

«Семетейди» угууда эл арасында өтө ынтызарлануу менен, анын элдик идеялык багытынын курчтугу, сюжеттик курулуштун өнүгүшү, композициялык түзүлүшүнүн жана образдардын ачык сүрөттөлүшү улам сайын айтылганы менен жетет.

«Семетей» эпосунун бардык эле варианттарында өзөктүк окуялар сакталган: «Семетейдин балалык чагы, Букарга качуу жана жигиттик чагы», “Семетейдин Таласка келиши”, «Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон согушу», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү», «Семетейдин Коңурбай менен согушу» жана «Семетейдин өлүмү» менен эпос аяктайт.

Ар бир семетейчинин таалим алуу мектебиндеги негизги критерийлер сакталуу менен алар тарабынан эпоско киргизилген алымча-кошумчалар мыйзам ченемдүү көрүнүш катары эсептелет. Ошондуктан туруктуу окуялар менен катар эле варианттар арасында айырмачылыктардын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бардык семетейчилердин варианттарында жалпы бөлүмдөрү байланыштырып турган, бекем туруктуу бир өзөк бар. Ал эл-жерди сүйүү. Анын бейкут, ынтымактуу турмушу үчүн керек болсо жанды кыйуу. Мына ушунусу менен алардын ар бири («Манас», «Семетей», «Сейтек») өз алдынча биографиялык цикл болуп келип, ошол эле мезгилде генеалогиялык циклизациянын чөйрөсүнө биригип турган көлөмдүү, көркөм чыгармалар болуп эсептелет.

«Семетей» эпосунун мазмунуна токтолсок, «Манаска» караганда, «Семетей» эпосу чагылдырган доор феодализм учурунун өкүм сүрүп турган баскычындагы уруу-уруу болуп өнүгүп, уруу топтору өздөрүнүн гана кызыкчылын көздөшүп, бийликти дегдеп, бала жетим, аялы жесир калганына карабай үстөмдүк кылуу менен күрөшүп жатканын баяндап жатат. Ушундай жеке кызыкчылык идеясы эпостун мазмунун улантып акырындык

менен өнүгөт да, чыккынчылык менен Канчоро бийлик үчүн өзүнүн эмчектеш тууганын, досун да өлтүрүүгө жетишет.

С.Каралаевдин вариантындагы «Манас» бөлүмүндө “өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман” дегендей терс каармандардын кастыгы анча ачылбайт, ал эми «Семетей» бөлүмүндө даана көрүнөт. Себеби «Семетейдеги» чагылдырган доор таптык, феодалдык-патриархалдык коом болуп эсептелет. Мындай коомдон таптык бөлүнүүдөн, феодалдык бытырандылыктан пайдаланып ач көз Жакып, бузуку Кыргыл чал, өз уруусунун кызыкчылыгын ойлогон Чынкожо, Толтойлор, мурда ким экендиги билинбеген Абыке, Көбөштөр мансапкордук максаты үчүн күрөшкө чыгышат.

Үчилтиктин «Манас» бөлүмүндө бири Алтайга, бири Каңгайга кеткен элди чогултуу, элдин башын кошуу, биримдикке чакыруу, “кулалы таптап куш кылуу, курама жыйып журт кылуу” максатында Ата-Журттун көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн сырткы душмандар менен күрөшүү негизги идея болуп эсептелсе, «Семетей» эпосунда элдин тынчтыгын бузуп, биримдигин ажыраткан өздөн чыккан жат адамдар бийлик, байлык талашкан жакын туугандар, жааматташ уруулардын башчылары менен күрөшүү, элдин ички биримдигин сактоого багытталган негизги идея камтылган.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосундай эле өзүнчө мүнөздүү айырмачылыктары бар. «Манас» эпосунда шартуу түрдө бир идеалдуу доор сүрөттөлсө, «Семетей» эпосунда башка бир доорду сүрөттөйт. Бул тууралуу белгилүү окумуштуу А.Жайнакова, «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи” аттуу эмгегинде мындай дейт: - «Манас» да, «Семетей» да баатырдык эпос. Айырмасы болсо «Манас» эпосунда сырткы баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн уруштар негизги сюжеттик өзөктү түзүп, ички уруу кагылыштары анчалык мааниге ээ эмес. Ал эми «Семетей» эпосунда тескерисинче, сырткы душманга каршы күрөштөр экинчи планга жылып, уруулардын, туугандардын ортосунда араздашуулар чыгармадагы

башкы тема катары берилет. Бул, биринчиден эпостордун эки башка доорду чагылдырышы, экинчиден, генеалогиялык циклизациянын талабына ылайыкталышы менен түшүндүрүлөт. Кыскасы “Манас” трилогиясы баштан аяк өз элинин эркиндигин коргогон түрдүү муундардагы баатырлардын ар кандай согуштарда көрсөткөн эрдиктерин баса белгилейт. Натыйжада ар бир муундун өкүлү өз-өзүнчө эпикалык каарманга айланат да, бюелгилүү бир баатырлардын кийинки тобунун түпкү атасы болуп кала берет”-деп А. Жайнакова өзүнүн эмгегинде көрсөткөн [Жайнакова:1982,117].

Жогоруда «Семетей» эпосу да «Манас» эпосу сыяктуу эле көп вариантка ээ деп белгиледик. «Семетей» эпосун айтуучулар атайын семетейчи аталып калганы да баарыбызга маалым. Семетей айтуучулардын варианттарында негизинен Семетей баатырдын айланасында окуя өнүгүп, анын баатырдыгын даңазалаган, Манастын мураскору катары элин-жерин коргогон чыныгы патриот, айкөл экендиги сакталган мазмунду камтыйт.

Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Семетей» эпосу окуяларга өтө бай, көркөмдүгү жагынан жогору экендигин да белгилеп койсок болот.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

Жыйынтыктап айтканда «Семетей» эпосу боюнча изилдөөлөр жалпы жонунан эпостун тегерегинде каралганын белгилесек болот. Жогоруда көрсөткөндөй «Семетей» эпосу «Манастын» уландысы катары кызмат кылаары, генеалогиялык циклизация принцибине ылайык чыгарма улангандыгын окумуштуулар М.Мамыров жана А. Жайнаковалар туура белгилеп өтүшкөн. «Семетей» эпосунун варианттарын салыштыруулар, окумуштуулар К.Кырбашев (М.Чокморовдун варианты), К.Талиева (С.Молдокееванын варианты), Т.Айталиева (Ж.Кожековдун варианты),
Токтобүбү Ысак кызы тарабынан (Жусуп Мамай жана Эшмат Мамбетжунустун вариантарын ала-тоолук манасчы-семетейчилердин варианттары боюнча), Д.Чынгышев (Жусуп Мамайдын варианты) боюнча

салыштырып изилдөөлөр жүргүзүлүп, ар бир манасчынын өзүнчөлүгүн аныктай алышкан. Алардын варианттарындагы сюжеттик айырмачылыктар, айтуучулук өзгөчөлүк, көркөмдүк айырмачылык жана башка маселелер каралганын көрүүгө болот. Дегеле «Манас» үчилтигиндеги образдар тууралуу азыноолак иш жүргүзүлгөнү менен конкреттүү түрдө Семетей баатырдын образы, анын руханий-адептик, патриоттук маңызы тууралуу жана образды көрсөтүүдө көркөмдүк каражаттардын өзгөчөлүктөрү тууралуу али из салына электигин белгилөөгө болот.

## 2-Бап: Семетейдин балалык чагы жана анын патриот баатыр катары калыптанышы

### 2.1. Семетейдин балалыгы

#### 2.1.1 Букарга качуу,

#### 2.1.2 Тайторуну чабуу,

#### 2.1.3 Каныкейдин жомогу

Эпикалык чыгармаларда баатырлардын кереметүү бойго бүтүүсү дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларында, жөө жомоктордо кеңири жолуккан мотив. Эпосто баатыр төрөлгөнгө чейин ата-энеси баланы зарыгып күтүп, кудайдан тилеп, укмуштуудай түштөрдү көргөндөн кийин балалуу болушат.

Манас баатырдын болочок ата-энеси узак убакыт бала көрбөй жүрүшөт. Жогоруда белгилегендей баатыр төрөлүшү үчүн кереметүү бойго бүтүү шарт дедик. Эпосто Жакып менен Чыйырды, Бакдөөлөт болуп түш көрүшөт. Манасчылардын варианттарында түш көрүү да аркандай берилет. Бир варианта Чыйырды түш көрөт, бир вариантта Жакып түш көрөт. Жакыптын түшү ар кандай берилет, негизинен көргөн түшүн алар келечекте балалуу болоруна жорушат. Энеси Чыйырды бойго бүткөндөн кийин символикалуу нерселерге талгак болот. Башкача айтканда жолборстун жүрөгүн жегиси келет. Бул талгак болуу да аркандай берилген. Мисалы: С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин варианттарында жолборстун жүрөгүно ж.б. же үч нерсеге талгак болуу тууралуу да айтылган. Ал Ж.Кожековдо кездешет. Баатыр болуучу баланын укмуштуу төрөлүшү, дүйнөлүк эпостордо да кездешет. Бала төрөлгөндө колуна кан ченгелдей түшүүсү келечектеги ал баланын баатыр болорунан кабар берет.

Чыгарманын өнүгүү салтына ылайык Семетейдин укмуштуу төрөлүү мотиви, келечектеги баатырдык иштери да символдоштурулуп берилиши керек. Улуу миссия үчүн мураскор болуп төрөлгөн адам катардагы бирөө эмес, адаттагыдан тышкары болууга тийиш. Демек адаттагыдан тышкары

укмуштуу, өзгөчөлүк  алдын-ала сезилет. Ошондуктан мындай салттуу көрүнүш айтуучулар тарабынан көңүл бурулат. Укмуштуу мүнөздөө менен манасчылар келечектеги баатырды алдын ала даңазалайт. Ал сыпаттоодон Манастын тукуму сөзсүз анын келечек иштерин аткарып эл мүдөөсүнүн камында экендигине ишенүү менен кабыл алат. Төрөлгөнгө чейинки талгак болуу да өзгөчө баатырдын төрөлүүсүнө көрүлгөн камкордук. Ошол  күндөн тартып эле ымыркай бала экендигине карабай элдин мүдөөсү ишке ашты деп белгилөөгө болот. «Эпостун баш жагында Жакыптын баласыз өтүп баратканына арман кылышы-бул жеке адамдын муң-кайгысы эмес, татыктуу башчысы жоктуктан азап-тозокко учураган элдин трагедиясы катары көрүнөт. Жакыптын күткөнү-перзент эле эмес, бүткүл кыргыз журтунун арзуусуна ылайык келе турган баатыр уул. Ошондуктан Манастын төрөлүшү уруулаш туугандарынын күткөнүнөн ашып түшөт [Сыдыков:2011,20]-деп белгилейт-окумуштуу Акбарали Сыдыков. Талап-тоноого учураган эл баары бир бир күнү өчүн алуусу керек. Өз жерине кайтуусу керек. Андай ишти баарынан кайратуу, күчтүү, акылдуу баатыры жүзөгө ашыруусу абзел. Ошол максатта Манастын түйүлдүк кезинен баатырдык мүнөздөрү ачылып жатканы бекер эмес. Жөнөкөй бала мындай өтөлгөлүү ишти колго ала албайт. Ал иш бир мамлекеттин оор жүгү катары эсептелет. Манастын түйүлдүк кезинен анын келечекте ашкан баатыр, эл башчысы болоору манасчынын укмуштуудай сүрөттөөчү аркылуу берилип жатат. Анын улуу Семетей андан ашкан баатыр болоорун манасчылыр андан да көркөм баяндоо менен окурмандын делебесин козгоп, ишенимин андан да арттырат.

Семетейчилердин айтуусунда Семетейдин төрөлүшү, балалык чагы жөнүндөгү окуялар ар кандай айтылат. «Эпостогу каармандардын образын түзүүгө  киришүүдөгү биринчи кадам адатта анын төрөлүшүн даярдыгын жана төрөлүүнүн өзүн баяндоо», -деп белгилейт белгилүү окумуштуу Р.Сарыпбеков-«каармандын керемет менен бойго бүтүп төрөлүшү дүйнө

элдеринин оозеки чыгармачылыгында (мифтерде, жөө жомоктордо, эпостордо) кеңири тараган традициялык көрүнүштөрдөн. Буга караганда укмуштуу, (кереметтүү) бойго бүтүү элдик баатырлардын образын поэтикалык идеализациялоонун бир каражаты катары автоматтык түрдө каармандан каарманга, чыгармадан чыгармага көчүп жүрө берчү нерсе [Сарыпбеков:1989,8].

«Семетей» эпосунда да «Манас» эпосундагыдай окуялардын системасынан сюжет куралат. Чыгармада башкы каармандын тегерегинде окуя өнүгөт.

«Манас» эпосундагы негизги өзөктүү окуя деп эсептелген «Манастын төрөлүшү» сыяктуу сюжет «Семетей» эпосунда учурабайт.

Эпосто Манас менен Каныкей узакка бала көрүшпөйт. Көкөтөйдүн ашында балбан күрөшкө чыгаарда Каныкей Кошойго кандагай шым берет. Балбан күрөш узакка созулуп, акыры Кошой калмактын балбаны Жолойду жеңип алат, ошондо уруунун аксакалы, баатыр Кошойдон бата сурап Каныкей:

Армандуу балаң Каныкей
Акыры бата берер деп,
Абаке, сага жасаган.
Кандагай шымды сен алсаң,
Каадалуу батаң маа берсең,
Бата берер себебиң
Кара адырмак тоом көп,
Кагышып жүргөн жоом көп,
Бел байлаган белим көп,
Бет алышар шерим көп.
Абаке Кошой, кебимди ук,
Жараткандын буйругун
Көтөрбөскө чара жок,

Ушу жашка келгиче,

Аркамда эркек балам жок [С.К.Манас:1986,42]. Кошой Каныкейге батасын берет. Кыргыз элинде бата берүү калыптанган үрп-адат болуп эсептелет.

Улуу манасчы С.Орозбаковдун вариантында Манас баатыр Чоң казаттан кайтып келгенден кийин, балалуу болуу максатында Меккеге барып келүүгө элинен уруксаат сурайт. Бирок Каныкей түш көрүп, анда алтын боолуу ак туйгун кармагандыгы эскерилип, Манастын бир жылча эч жакка барбоосун өтүнгөндө Манас токтоп калат да Семетей төрөлөт.

Семетейдин жарык жашоого келишинин мааниси ушунчалык терең, муну укканда Манас эсинен танат. Айрым варианттарда баланын төрөлүшү мындан да татаал. Мисалы Тоголок Молдонун вариантында Манас менен Каныкей атайын балалуу болуу үчүн мазарга барып сыйынышып, кырк чилтен колдогондо гана балалуу болушат.

Манастагыдай Семетейдин укмуштуу түрдө бойго бүтүүсү, төрөлүүсү сыяктуу окуяга семетейчилер көп орун беришпейт. Бирок Семетейдин төрөлүүсү мындайча берилет:

Таманы менен тик тууган,
Оң колунда кара кан
Кармай түштү - деп угам.
Кара кан кармай түшкөнү-
Катылышкан душмандын
Каарданып урушсам,
Канын төгөм дегени.
Сол колунда сары заар
Уучтай түшкөн себеби-
Сары заардай саргартып,
Дүмүрүн казам дегени… [С.К.Семетей:1987,364].

Семетей баатырдын төрөлүшү жеке бир үй-бүлөөнүн кубанычы болбостон бүтүндөй кыргыз элинин кубанычы. Себеби элдин тагдыры ошол болочок баатырдын колунда.

«Семетей» эпосундагы окуя Манас баатыр өлгөндөн кийин энеси Каныкейге жана өзүнө карата ички душмандар дегенибиз Жакып кандын кичи аялынан төрөлгөн Абыке, Көбөш баштаган алты баласынын чатагынан, Семетей жетимди Букарга алып качуусунан башталат. Манас баатыр өлгөндө С.Каралаевдин айтуусу боюнча Семетей алты айлык балтыр бешик бала болот. Манас Чоң казаттан кайтып келип өлөөр алдында Каныкейге керез катары жаш калган баласы Семетейди Темиркандын шаарына барып он эки жашка чейин чыныгы өз ата-бабалары тууралуу билгизбей, баланы эркин тарбиялап багасың дейт. Бул жерден биз Манастын кеменгер көрөгөчтүгүн көрөбүз.

Кан өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болуучу.
Атаң Темирканга барганда
Колуңдагы Семетей,
Балтыр бешик чунакты,
Кыркып берип чыбыгын,
Кылып бергин ырымын,
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Арка чачын кесе көр.
Тууганың Ысмайылга бере көр.
Мойнуна тумар тага көр,
Ата жайын билгизбей,
Эне жайын туйгузбай,
Чунагың Семетейди бага көр [С.К.Манас:1987,228].

Он экиге келгенде гана ата-эне жайын, туулган жерин билгизгин дейт. Аталган жашка келген баланын акыл эси толук кандуу жетилди деп эсептешкен.

Семетейдин өз жеринде жүрүп «жетим» деген сөздү угушун, алты арамдын жемесин, кордугун көрүүсүн каалабайт. Баласынын он экиге келгенче толук кандуу ата-энеде кордук көрбөй чоңоюсун каалайт.

Калып калса Семетей
Көчкөндө көк бука, өгүз минбесин,
Абыке, Көбөш алты арам
Көбүнчө койчу кылып жүрбөсүн.
Уй артынан салбасын,
Жашында сабап жалгызды
Коркунчаак кылып салбасын.
Абыке, Көбөш алты арам
Моминтип өчүн албасын. [С.К.Манас:1986,228].

Манас өзү эркин тарбияланган, ага карата «жетим» деген сөз айтылган эмес. Манастын тарбиясы үчүн энеси Чыйырды жана уруу аксакалы Акбалта кам көрүшкөн. Манасты Акбалта билбегенди билгизип, туйбаганды туйгузган. Баатырдын патриоттук сезимин ойготкотону аны Кошойго жибергени. Алдын ала элине-жерине кайтуу максатында туугандардан кабар алуу үчүн Кошойго барганына Акбалтанын салымы зор. Акбалта, Бакай, Кошой өңдүү акылман, даанышман карыялар Манастын кеңешчилери гана эмес анын кеменгер акылман болуусуна, кыскасы патриот баатыр, келечекти көрө билген көсөм болуусуна чоң түрткү беришкен, тарбия беришкен. Ошонун натыйжасында анын уулу Семетей атасы өлүп жетим калып, ошол эле учурда туугандык жиктелүү коомунда чоңоёрун, тагыраак айтканда жалаң душмандардын арасында калуусун каалабайт. Себеби келечектеги баатырдын эркин чоңоюп, тарбияланышы үчүн анын тайларына кетүүсүн туура көрөт. Бул тууралуу ал өз керээзин Каныкейге айтып өлүм алдында

турса да элдин келечегин ойлоп өз баласы анын иштерин улантышы үчүн кам көрөгөнү болуп эсептелет.

«Мына ушундан улам Манас туягынын жетиммин деп басынбай, өзөктү өйүгөн өксүү сезимине тушукпай,  Темиркан падыша таятасынын мекенинде, мартабалуу Ысмайыл тачкесинин колунда «кара чечекей» баласы катары тарбияланып, ата-энесинин маңдайында  кулундай оюн салып, колу бутун кенен сунуп, он эки жашка  чейин ээн-эркин өсүп чоңойсо дегшен тымызын тыянакка келгени билинет»[Байгазиев:2014,151]. Манастын ушул оюн туура баамдап гана тим болбостон ошону аткарууга таятасы Темиркандын бийик адамкерчилигин айтпай коюга болбойт.

Үчилтиктин биринчи бөлүгү элдин легендардык баатыры Манастын «Чоң казаттан» жарадар болуп келип жакшы боло албай өлүгөнү менен аяктайт. Биримдикти кармаган баатырдын көзү өткөндөн кийин кыргыз урууларынын  ынтымагы  кетип, ыркы бузулат. Манастын туугандары Каныкейди Абыкеге алып берүү максатында чыр баштайт. Бирок Абыке көнбөй койгондо Көбөш өзү алмакчы болот. Мындай шартка көнбөгөн эстүү Каныкей болочок баатырды (Семетейди) аман сактап калуу максатында өзүнүн төркүнү Букарга алып качууну ойлойт.

С.Каралаевдин вариантында «Көбөштүн  Каныкейге арачы жибергени» - аттуу бөлүмүндө Абыке Бакайга барып:

«Аба Бакай, келгендерден кеп уктум,
Төмөнкү үч кан элинен,
Эр өлүмүн бээ союп,
Кыргын чыкты деп уктум.
Абаке Бакай, баралык
Кыйшыгыраак жан болсо
Кыйратып түзгө салалык!
Кыйраштырбай баралык» - дейт [С.К.Семетей:1987,11].

Бакай макул болбойт. Абыке, Ажыбайды ээрчитип өзү барат.

«Кесирдүү долу Каныкей,
Жесир жүрүп жээликти,
Бороз болуп кара бет
Болбой жаман ээликти.
Бирөөң чалсаң болбойбу?
Манастан калган мурасың
Байкасаңар долуну,
Жамандар бирөөңөр алсаңар болбойбу? [С.К. Семетей:1987,12]

Көпчүлүк варианттарда салттуу каармандар Кыргыл чал менен Тазбаймат (С.Каралаевде) жиберилип, Каныкейден кагуу жеп, жарат алып кайтат.

Кырктын башы Кыргыл чал
Тазбаймат экөө биригип.
Камынып атка минерде,
Алты арам качып киреρде
Баякы кабылан жеңең Каныкей,
Кырктын башы Кыргыл чал
Түп этектен алды эле,
Бөйрөккө өксүп жете албай,
Тегирмендей куйруктун
Теңин гана бөлө чапты эле. [С.К.Семетей:1987,14]

Жакып кан Каныкейдин каршылыгын билгенден кийин балдарын Манастын ордосун чаап алууга, небереси Семетейди өлтүрүүгө буюрат. Эпостогу мындай абалдын курчуусу окурмандын маанайын түшүрүп, Абыке Көбөштү жек көрүүгө шарт түзөт.

Ошондо Каныкей Чыйырдыга жалынып:
Ээй, кагылайын, энеке,
Өзөн бойлой кондук, ээ!
Асылымдан айрылып,

Өрт өчкөндөй болдук, ээ!
Энеке, аякка түштү темир тор,
Энеке, маңдайга келди калың шор!
Кара белес жылгадан
Кайрыла турган кез келди,
Каның төрөдөн калган баладан
Энеке, айрыла турган кез келди!
Кагылайын энекей,
Төбөбүздөн басат бейм,
Төрт түлүктү чачат бейм.
Асылдан калган мерзентиң
Семетей гана кармап соет бейм [С.К.Семетей:1987,18].

Каныкей мураскорду аман сактап калуу үчүн күңдүн баласын бешикке бөлөп, Семетейди Чыйырдыга берип качырып өзү баланы эмизип отуруп калат.

Эпостогу бул мотивди дүйнө элдеринин чыгармаларынан да кездештирүүгө болот. Мындай мотивди колдонуу баатырды сактап калуунун бирден бир жолу болуп эсептелет.

Көбөш Каныкейдин кан ордосун талап, жараланган Каныкей эси ооп жатканда үйүндөгү бүт тамагын ичип кетет. Болочок мурасчыга карата жасалган мыкаачылынан, жол тосуучулугунан жабыркаган Каныкей булардын качып кутулууну максат кылат. Жан сактоонун жана элдик баатырдын аман чоңоюшу, баскынчылардан коргоошу үчүн, Манастын керээзи катары айтылган бирден бир вариант болуп Каныкей төркүнү Букарга качууну ойлонот.

«Семетей» эпосундагы көңүлдү өзгөчө бөлө турган эпизоддордун бири «Каныкейдин Букарга качышы» деп белгиленет. Эпизоддо өлгөндүн үстүнө көмгөн запкынын кары өткөн каралуу Каныкей карылыгы жеткен Чыйырдыны жетелеп, балтыр бешик Семетейди көтөрүп ач жылаңач, жөө

ээн талаа, тоо таш аралап качышы өтө кайгылуу реалисттик түрдө көркөмдүктө сүрөттөлгөн. Каныкей Абыке, Көбөштүн зордугунан сапар тарткандыгы, көргөн кордуктары эл, жер менен кош айтышканы угуучулардын сезимин козгогон, кайра-кайра айттырып угууга дегдеткен өзгөчө кеңири таркаган эпизоду түзгөн. Семетейчи Саякбай Каралаевдин вариантында башкаларда дээрлик жолукпаган мотив ушул эпизодддо айтылат» - деп белгилүү манастаануучу М.Мамыров белгилейт «Семетей» - Манас трилогиясынын экинчи бөлүгү аттуу эмгегинде [Мамыров:1963,45].

Эпостогу башкы каармандардын бири Бакай карыя Манас өлгөндөн кийин төө багып калган. Жүрөгү бир жамандыкты сезгендей Семетейден кабар алайын деп келсе, Манастан калган кан ордо таланып, тонолуп, ал эми издегендери жок болот. Семетей менен Каныкейден айрылганын билип аларды издей баштайт. Каныкейдин келечектеги Манастын ордун басуучу мураскорун аман сактап калуу максатында төркүнү Букарга жөнөгөнүн сезип, артынан жетип, мине турган ат, жей турган азык алып келип берип узатат. Окумуштуу С.Байгазиев: «Бакайдын, Чыйырдынын, Каныкейдин Букарга качып бараткан жолдогу жолугушуусун биз УЛУУ ЖОЛУГУШУУ деп атаар элек. Чындыгында эле бул улуу патриоттордун жана даанышмандардын УЛУУ ЖОЛУГУШУУСУ болгон. Эмне үчүн?

Сырттан үстүрт карап, окуп кеткен адамга бул жолугушуу кыйын кыстоо кырдаалда качкан менен издегендин бири-бирин табышы, алардын бул кездешүүсүндөгү сүйлөшкөндөрү бири-бирине кайгысын айтып кейип-кепчиген жөнөкөй эле кеп сөздөр катары көрүнүшү мүмкүн. Бирок чындыгында андай эмес. Бул сүйлөшүүнүн маани-маңызы өтө тереңдикте жатат. Керек болсо, тагдырга тете сүйлөшүү. Манастын мамлекетинин бүлүнүшүнүн, жур ордосунун кыйрашынын, кайгыда калган жан дүйнө кризисинин шарттарында жана тагдыр бычак мизинде турган кырдаалдагы жолугушууда элдик лидерлердин ортосунда жөн салды, көрпенделик деңгээлдеги сүйлөшүүнун болушу мүмкүн» [Байгазиев:2014.143] Бакай он

эки жыл эптеп чыдап, төө бакса да күн көрөөрүн, негизгиси Семетей эл жер үчүн кайра кайтып келгиче белин бек бууп күтөөрүн, Манастын тузун актап, Семетей кайра кайтып келгенде кудум Акбалта бабасындай билбегенди билгизип, туйбаганды туйгузуп, жолдош кылып алаарын айтып, коштошуп жатып Сыр-Дайрадан өтөөрдө:

Семетейге жалынып:
Атасын тарткан жан экен,
Колдогонун карасам
Атасынча бар экен.
Оң далысы кең болот,
Аман жүрсө жетимим,
Атасын тарткан шер болот [С.К.Семетей:1987,43]

Артын карап суу токтолуп калганын, Бакай төлгө кылып, Букарга кетип бараткан Семетейге батасын берип-келечекте атасын тарткан эр болоорун болжолдоп, бала эр жеткенде эли-жерине келээрин, бүткүл элдин мүдөөсү, тилеги, эл биримдигин, тынчтыгын сактаган баатыр болоорун билип, анын кайра келээрине үмүтү жанат. Манас убагында бүткүл дитин коюп, күчүн сарптап курган мамлекетин кайрадан куруу үчүн болгон жолугушууну УЛУУ ЖОЛУГУШУУ деп окумуштуу туура белгилеп жатат.

Манастын өлгөнү тууралуу Каныкейдин атасы Темиркандын кабары жок болот. Бул дагы анын өтө кайгылуу абалы. Иниси Ысмайыл аң улоодо жоро-жолдоштору менен жүрүп Каныкей менен Чыйырдыны көрөт. Каныкейден Манастын өлгөнүн билип, абдан кайгырат, өздөн чыккан жат, бир тууган инилери алты арамдын кордугунан качып келе жаткан эжесин тосуп алат.

Букарга келчи жолдун азап-тозогун көрүп, арытып жол басып, карытып күн кечирип зор кыйынчылык менен жетип, Каныкей келген максатын иниси Ысмайылга түшүндүрүп Семетейди бала кылып берет.

Казгалдак учса кайран куш

Талаа үчүн келгенмин,

Карындан чыккан Семетей

Өлгөндө көргөн эр жалгыз

Балам үчүн келгемин!

Ук, Ысмайыл, сөзүмдү

Найзага таккан желекти,

Айкөлдөн калган белекти,

Ала качып Кең-Колдон

Алып келдим өзүңө [С.К.Семетей:1987,71]

Ошентип Семетей Букарда таятасы Темиркан менен таякеси Ысмайылдын тарбиясы менен чоңоет. Манас бала кезинде Ата-журтунан кетпесе да Ошпур аттуу койчунун тарбиясында болгондугу Семетейдин тагдырына окшош. Семетейчилердин варианттарынын бардыгында бул көрүнүш сакталган. Манастын ата-энеси тентектигин койдуруу максатында же элдин көзү-сөзүнөн сактоо болсо, «Семетейде» элди жерди коргогон баатырдын мураскорун аман сактоо менен өз элинин биримдигин коргоочусунун өмүрүнүн коопсуздугу болуп саналат.

Манастын тилеги боюнча Семетей өз жеринде болбосо да эркин тарбияланып жатат. Жаш бала каалагандай эркелеп, каалагандай тентектик кылып чоңоет. Аны эчким кемсинтип, келекелебейт. Антүүгө эчким даап бара албайт. Себеби таятасы Темиркан да таякеси Ысмайылда Семетей тараптык адамдар.

Семетей Ысмайылдын колунда тарбияланып жатканда

Күрдөлүү Букар шаарында

Мындай тентек жок чыкты.

Жашы он экиге келгенде

Календер көрсө камады,

Думананы сабады.

Тентегине чыдабай

Бүткүл калаалуу Букар жадады.

Шай колдогон шер чыкты [С.К.Семетей:1987,74]

Молдолор Темирканга келип жаман көрсөң өзүң бил дешет, бирок Семетейдин жанда жок тентектигинен тажагандыктан, же Букарга биз туралы, же кетели, анын кордугунан шорубуз кайнады, деп тыйып коюу максатын айтып келишет.

Манас баатыр да, Семетей баатыр да жеңиштерге жетишип, чабылып чачылган кыргыз элиндеги урууларды бириктирүүгө кылган аракеттери жаш кезинен эле башталат.

Баатыр боло турган баланын кичине кезинен эле ар кандай эрдиктерди көрсөтүүсү жалпы эле түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында кезигет деп белгилешет окумуштуулар.

Манас кичинесинен эле тентек чыгып бирок адилеттик үчүн күрөшөт. Семетей да тентектик кылып кожо молдону сабап, аларга кордук көрсөткөнүнөн, алар таятасына арызданып атып анан токтолот.

Мындай көрүнүш «Манас» эпосунда Манастын бала чагындагы тентектиги менен үндөштүгүн белгилесек болот.

Семетей Манастай эле баатырдыкты, күчтүүлүктү жаш кезинен көрсөтө баштайт. Күрөшкө Төө балбан менен чыгып кармашуунун натыйжасында мөрөй алганы Семетейдин кадимки баатырдыгы болуп эсептелет.

Ысмайылдын колунда Семетей он эки жашка чейин тарбияланат. Эр жеткенде таятасы аны хан көтөрүп той берет. Тойдо Каныкей Манастын уулу, мураскор Семетейдин келечегин билүү максатында, Тайторуну төлгө кылып чабат.

Кайран жеңең Каныкей

Чиймек болду сызыкты,

Кылмак болду кызыкты.

Каралуу жүрүп атын чаап,

Букарга баштамак болду бузукту [С.К. Семетей:1987,79].

Каныкей Тайторуну табына келтирүү үчүн атайын таптап акыры чабууга камынганы менен окуя башталат.

Эгерде чыгып келсе Тайтору
Бир жакшылык көрөмүн.
Букардагы сан байге
Энеке, камчыга ченеп бөлөмүн.
Канкор уулуңдан калган жалгызды
Эне быйыл көзүм менен көрөмүн.
Калкыңа кабар саламын,
Канымдан калган жалгызга
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Ушул турган Букарга
Быйыл кан көтөрүп аламын-[С.К.Семетей:1987,82] - деп Каныкей энеси Чыйырды менен болгон диологунда белгилейт. Бул дагы эпостогу туруктуу окуялардын бири. Окурман же угарман бул окуя тууралуу маалымат алып жатканда Каныкейдин тилегине жан дили менен кошулушат. Анын мындай ишке кадам койгонун туура деп баамдашат.

«Каныкейдин Тайторуну чабышы» С. Каралаевдин өзгөчө сүйгөн эпизоддорунун бири болуп ал аны эл астында өтө берилүү, чыгармачылык зор эргүү менен аткаргандыгын айтып жүрүшөт. Манасчынын бул эпизодго айрыкча көңүл бурушу, ал өзү өтө сүйгөн каармандарынын бири Каныкей көптөн күткөн тилеги орундалып Семетей атасы Манасты тартып эл-жеринин тиреги болобу же жокпу?- деп санааркап, психологиялык өтө чыңалуу абалында болуп, өзү үчүн өтө жооптуу мезгилдердин бирин башынан өткөрүп жатышы менен байланышкан»-деп белгилейт, белгилүү окумуштуу Райкул Сарыпбеков [Сарыпбеков:1987,55]. Чындыгында Саякбай Каралаевдин айтуусундагы «Каныкейдин Тайторуну чабышы» «Манас»

эпосундагы каармандын психологиялык абалын эң терең ачкан жаркын эпизоддордун бири.

Каныкей Тайтору чыгып келбесе абал кандай болот деп кайгырат. Бул эненин баласынын келечегин билүүдө анын тагдырындагы бир жетишпестик эле эмес, бүткүл элдин тагдыры эмне болот деп кайгырганы. Бактыга жараша Тайтору байгеге коюлган алты жүз аттын алдына чыгып келип эненин күткөнү орундалып, өз элине, таласына кайтууга үмүтү жанып, психологиялык абалы жакшырат.

Мындан ары окуянын жүрүшү Семетейдин ата-тегинин дайнын угуусу менен уланат.

Эпостогу көмүрчү Сарытаз Семетейге ата-тегин айтуу үчүн киргизилген атайын каарман (Башка варианттарда башка каармандар угузат). Кайсы вариант болбосун Семетей негизги калыптанган традиция боюнча Сарытазга жолугуп, баатырдын ар намысын козгоочу акыл-насаат угат. Семетейдин эл-жер, ата-баба деген атуулдук, ар-намыстуулук жана патриоттук сезими ойготуп айтуучу каармандын болушу да чыгарманын өнүгүшү үчүн зарыл эпизод. Семетейге катылган сырды жакындары айта албайт. Бул жерде Сарытаздын баяны айтуучунун ойлоп табуу чеберчилигинин жогорку деңгээли деп белгилесек болот.

«Сарытаз «Семетейдеги» салттык туруктуу образ-адатта бөтөн эл, бөтөн жерде өсүп, чоңойгон болочок баатырдын көзүн ачып, эли-жерин билгизе турган атайын эпикалык каарман. Ал кийин Семетей менен Таласка кошо келип, Семетейдин атасынын душмандарынан өч алып атасынын ордун басышына көмөк көрсөтөт. Семетей аны кан көтөрөт. Семетей адамды баалоо сапатын ушул окуялардан көрсөто алган. Ошондон баштап Сарытаз эмес Сарыкан, Сары дөө атка конот. Аны Семетей да Сары аба деп ардактайт. Сарытаз «Семетейдеги» патриархалдык-феодалдык мамилелерди алып жүргөн каармандардын бири. Анын образына байланышкан окуялардын салттуулугу анын образынын байыркылуулугун белгилейт»

[Манас:энциклопедия,II том,1995,182]. Сарытаз Акбалтадай акылмандык менен Семетейдин намысын ойготуп, тарбия берүүчү катары эмес өз максатына жетүү үчүн жасалган аракети болсо да Семетей үчүн анын баяны патриоттуулукка үндөп, намыскөйлүктү ойготот.

Семетей эпостогу негизги идеяны туу туткан, элдин башын бириктирип туруучу баатыр баланын башка элде, бөтөн жерде чоңоюп, эр жетилишин өз эли күтүп жатканын, акыры ага Сарытаз аркылуу кабар берилиши чыгарманын сюжетиндеги негизги өзөктүү окуя болуп саналат.

С. Каралаевдин вариантында Сарытаз Темиркандын аталаш иниси болот. Ал кандык талашат деп кордоп, Күлешендин Гүл-Токойго жиберип, көмүр өчүртүп, ай сайын салык төлөтүп турат. Мындай абал ага жакпайт да ал өзүнүн алдына максат коет. «Каныкейди тентип келди, Семетейди Ысмайыл багып алды» - деп угат. Демек кимдир бирөө бул маалыматы айтышы керек. Сарытаздын функциясы мына ушунда.

Андан кийинки окуя Семетейдин куш салуусу аркылуу Сарытаздын баяны айтылат. Семетей менен Сарытаздын ортосундагы байланыш Семетейдин шумкары кыргоолду ала албай черге кириши, шумкарын алып берүүсүн өтүнүп кайрылганда экөөнүн сүйлөшүүсү аркылуу окуя уланат. Эпостун башка варианттарында да бул сюжеттик деталь окуянын мындан аркы өнүгүүсүнө негизги үмүт катары коюлган. Бул окуяда Сарытаз өз функциясын аткарып максатына да жетет. Ал эми жогоруда байма-бай кайталап жаткан эркин тарбия көргөн баланын намысы ушул окуядан кийин ойгонот.

Баатырлардын патриоттук, адептик сезими алгач өзүнүн Мекени тууралуу маалымат алуусунан башталат. Манас баатыр Алтайда жүрүп кыргыз эли тууралуу укса, Семетей Букарда жүрүп угуп эли-жерине баруу үчүн патриоттук сезими ойгонуп, барууга демилге көтөрүшөт жана ошол максаттарын ишке ашырышат. Баатырларга өз Мекени тууралуу угузган адамдар алар эр жетилип калган кезде, намысын ойготуп, айтышат.

Семетей атасы Манас, Мекени Талас экенин угузган Сарытаз бардык варианттарда бирдей эле даражада милдетин аткарат.

Адам көрбөй чөлдө өскөн,
Киши көрбөй акмак таз
Кара токой көрдө өскөн.
Салам айткан кишини
Көрбөйсүңбү Сары таз?
Казаң жетсе бир күнү
Өлбөйсүңбү Сары таз?
Шумкарым алып колума
Бербейсиңби Сары таз[С.К.Семетей:1987,122]- деп жемелеп

Семетей киргенде, арданган Сарытаз:

Атаңдын көрү жетим кул
Эрбең - эрбең толгонсуп,
Эмеле киши болгонсуп,
Темиркандын шаарына
Теңизин таштап Таласка
Жетим кул, тентип жүргөн сен кандай?
Өз тууганым кас болуп,
Көмүр өчүргөн мен кандай?[С.К.Семетей:1987,123]

Жетим балага ата-тегин жайын айткан Сарытаз ага жөн жай кабарлабайт, баланын намысына тийип, баатырдык сезимин козгоп сүйлөйт. Семетейди эл жерин көрүүгө түрткү берип сүйлөө менен анын андан ары баатырдык жүрүштөрүнө багыштайт. Болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып Семетейге сандаган суроолуу ойлорду таштайт. Бул айтылгандардын мазмунундагы этикалык түшүнүктөр да эң алды эпос чагылдырган доордун түшүнүк идеалдарына негизделген: эркек бала сөзсүз атасынын өчүн алуусу керек, атасынын уруусунан башка жерде жүргөн бала кимдигине, жеке

сапатына карабастан кул болот, эненин уруусу балага тууган эсептелсе да, баары бир өз тууганы эмес.

Ысмайылды өз атам, Темирканды чоң атам деп ойлоп жүргөн Семетей таарынып, эч ким менен сүйлөшпөй жатып алат. Сарытаздын баяны ал үчүн психологиялык оор сокку болот. Семетей мындай окуяны күткөн эмес. Мындай абал Манаста учурабайт. Ал эли жери тууралуу бир нече жолу атасы Жакыптан да Акбалта карыядан да уккан. Ал өз элинин, ата-бабаларынын тарых таржымалы тууралуу атасы Жакыптан көп ирээт угуп келген. Ата тегине улам кызыгуусу артып дос-душманга чейин аңдап түшүнүп калган. Алтайда жашап жүргөндө эле анын адамдык, атуулдук көрөңгөсү түптөлүп, кыргыз эл деген улуттук сезимине бүчүр байлап, бабаларындай баатыр, чоң атасы Ороздудай даңазалуу болуу тууралуу ар дайым кыялданган. Анын жан дүйнөсү Семетейден айырмаланып атасы Жакыптын ата-бабалары тууралуу сабагынан, энеси Чыйырдынын Манасты бала катары эркин тарбиялоосунан, Акбалта өңдүү кадыры бийик карыялардын чачылган кыргыз элинин камын көргөн камкордугунан үйрөнгөн. Бул жерден Семетейди таятасы Темиркан, таякеси Ысмайыл менен энеси Каныкей ата-бабалары жөнүндө айтпай жүрүп манкурт кылып чоңойтту деген ойдон алыспыз. Эпосто эли кыргыз, жери Талас, атасы Манас экендигин билбей чоңоет деп айтылат. Кыргыз эли башынан эле келечек муундарга жазуу жүзүндө болбосо да оозеки түрүндө ар кандай мүнөздөгү, терең мааниси бар ырларды, макал-лакаптарды, табышмактарды тарбия иретинде айтып, өз урпактарын татыктуу тарбиялап келишкен. Атайын эпосто Темиркандын ата-теги тууралуу Семетейге айтып бергени көрсөтүлбөсө да чынында өз баласындай ардактап тарбиялап жаткандыгы айтылат эмеспи. Демек Семетей элим кыргыз, жерим Талас, атам Манас турбайбы деп-Эмне үчүн муну мурда билген эмесмин? Эмне себептен айтышкан эмес?- деп таарынып калуусу анын бийик адамдык, атуулдук ариети болуп жатпайбы. Демек эл үчүн деген Мекенчил-патриоттук сезими

Семетейде  түпкүлүгү бар. Ал өтө сезимтал, айтылган ар маалыматты жүрөгүндө талдоо, оюнда калчоо менен кабыл алат.  Адамдагы мындай улуу сезимдин калыптанышы үчүн аны эркин жерде тарбиялап жатышпайбы. Жогоруда белгилегендей өз жеринде жүрсө уй- музоо кайтармак, «жетим», «кул»  деген сөздөрдү угуп бала чүнчүмөк. Мындай абалда ал атасындай баатырдыгына, эли жерин коргоого багытталган адам болуп  өсүп жетилүүгө мүмкүн эмес болчу. Темиркан өз баласындай бакты дегенибиз, ал чындыгында акылман, берешен, он эки кыздын кенжеси Каныкейди ичи эзилип жакшы көргөн кызы экендигин баамдоого болот. Жакыптын мүнөзүнө салыштырсак асман менен жердей. Бул маселе тууралуу окумуштуу Советбек Байгазиев  мындай дейт:- «Биринчиси - Жакыптын мамилеси, позициясы. Дегеле, айта турган нерсе, Жакып өзү негизи баласы Манас сыяктанып, ичинен чок болуп күйүп, көнүмүш норманын алкагына сыйбай жалындап турган өзгөчө адам эмес. Жакыптын жүрүм-туруму жана дүйнөгө көз карашы, түшүнүктөрү негизинен нормативдүү. Жакып өзү ата катары баласы Манастын "айбалтаны аштаар, азган журтту баштаар" адам болсо деп тилейт. Тымызын ичинен ушул ойду багып жүрөт. Балага зар болуп, Теңирден перзент тилеп жүргөн кезинде да ушундай кыялданчу. Бирок  Жакып ошондой эл-журтту баштаар азамат болуу мүдөөсүнө баласы Манас коомдо кабыл алынган демейки нормалардын жана эрежелердин чегинде тартиптүү, адептүү, улуулардын айтканын угуп, дегенине көнгөн тилалчаак, атасынын ыгы менен болгон эстүү, элпек бала болуп өсүп отуруп, анан жетсе деп ойлойт. Уулунун үлгүлүү болушун, башкача айтканда, көчмөндүк чөйрөдөгү патриархалдык адептик стандартка туура келишин эңсейт. Ушундай маанайда ал баласына таалимин берип келген. Бирок Жакып күткөнү ордунан чыкпаганына, баласынын жүрүм-турумунун, кыял-жоругунун тартиптин талаптарынын чегин, сылык-сыпаалыктын алкагын аттап жатканына ичинен катуу тынчсызданып, үшкүрүнүп, абыгер чегет. Манас жанына кыргыздын кырк баласын жыйнап алып, калмак-кытай,

манжуунун 80 баласына уруш салып, төбөлөрүн кандап, аларды аеосуз токмоктоп, тополоңун тоз кылып, айылын карай кууп, ээ-жаа бербей калайман салганда Жакыптын чыдамы түгөнүп, ачуусу чегинен чыгат. Манасты кармап алып, буурадай зиркилдеп, тилинен заар чачып, бу тентектигиңди койбосоң, түбүмө жетесиң деп, буркан-шаркан түшөт. А түгүл күйүтүнө чыдабай туталанып, кадимкидей ыйлап ("кайгыланып бай Жакып, үйүнө барып ыйлады"): "бу балаңды тый катын", - деп байбичесине каарданып опурулат» [Байгазиев:2012, 12]. Жакып баласынын өзү каалагандай чыкпай калганынан улам кайгыга батат.

Манастын өз оюндай болбой калганынан кийин ага карама-каршысынан турат. Манастын уулу Семетей да ушул эле касиетте экенин сезип ага да кас болуусу да мына ушул себептен. Ошол кастыгын мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Манас өлгөнүнө кырк күн боло электе баштабадыбы. Бул сапатты окурман кадимкидей жийиркенүү менен кабыл алат. Жакып болсо өз жек көрүүсүн токтотпой, тескерисинче күчөйт. Бул мүнөзү акыры өзүнүн көр пенделиги менен жок болуусуна алып келет.

Семетей Таласка келгенде чоң атасы Жакыптын үйүнө барганда:

Жакып кан жатат конгурап,
Ошондо ыйлап турат оңгурап:
Ой, кемпир, мен билгенди билдиңби,
Мен туйганды туйдуңбу?
Казып койгон ор келди,
Кайнатып койгон шор келди
Өрттөп иер өрт келди,

Балдарыма, каранкүн мүшкүл зор келди [С.К.Семетей: 1987,244]-деп өзүнүн Семетейди жок кылууну көздөгөн арамза оюн байбичеси Бакдөөлөткө билдирет.

Айзага таккан желегиң,
Айкөл Манастан калган белегиң.

Тулпардан калган туякка

Кантип уу бересиң

Туу казанат чунакка?!

Минтсең, какбаш, оңбойсуң,

Өз балаңды өлтүрсөң

Эгерде эки болбойсуң [С.К.Семетей:1987,245] -деп Бакдөөлөттүн көнбөй койгонуна болбой ал өз максатына жетүү үчүн бек турат. Семетей менен Бакай келгенде Бакайга бал, Семетейге уу сунулат. Жакып ичиндеги тынчтык бербеген арамза оюу өз небересине чыккынчылык кылууга алып барат.

Чоң атасынын арамдыгы чыгармада анын терс каарман экендигин көрсөтүү менен келечекте мындай терс каармандарга же ички душмандарга каршы туруугa даяр болуусуна кабар берет. Бул ойду бекемдеген таасын пикир К.Жумалиевдин «Манастаануу» (Образдар системасы) аттуу окуу китебинде төмөнкүчө көрсөтүлөт:-«Жакыптын образы «Манас» эпосундагы өтө татаал, карама-каршылыктуу кейипкер. Ал Манастын өз атасы болсо да өмүр бою жат бойдон калат. Байбичеси төрөгөндө Жакып кубанганынан көзүнүн жашы он талаа кылып, уулунун амандыгын тилейт. Бирок, Акбалтадан аялы укмуштуудай баатыр төрөгөнүн уккан Жакып мени дүйнө мүлкүмдөн каккан, эл журтту тынч койбогон «бир балакет», «жеткир», «канкор», «анткор» бала турбайбы деп наалыйт»[Жумалиев:2012,70]- Жакып дүйнөкор, өзүмчүл начар адам. Анын мындай сапаты Семетейге да кедергисин тийгизип жатпайбы.

Жакып балдарын небересине каршы тукурат. Семетейди өлтүрүп коюудан да кайра тартпаганы анын ымыркай бала кезиндеги бешигин улак тарткандай жулмалап кетиши, Абыке Көбөштү тыйгандын ордуна кайра аларды каршы тукурушу, Семетей Таласка кайтып келгенда уу менен тосуп алганынан көрүнөт. Ал эми Темиркан Семетейди кучак жайып тосуп алат. Өз баласындай аздектеп багат. Чоңойгондо хан көтөрүп энчи бөлүп берет.

Темиркандын адамкерчилик сапаты өтө жогору.  Ал кызы Каныкейди жана сыйлагандыгынан анын баласын өз баласындай асырап,  эркин чоңойткон.

Сарытаздын баянынан кийин  Семетейге чыныгы болгон окуя тууралуу айтуу эми  Каныкейдин милдети. Мындай окуя болоорун күн мурунтадан  ал билет. Алар баланын эр жетилишин күтүп жүрүшөт. Эр жеткенге чейин мертинтип  албоону каалашат. Он экиге толуу жигит үчүн жетилген курак деп белгиленет эпикалык чыгармаларда.

Сарытаздын баянынан кийин Каныкей баласы Семетейге чындыкты айтып берүүгө аргасыз болот же бул чыгарманын чиеленишкен жери деп айтсак болот:

Атаң Манас өлгөндө,  
Аркада эркек өзүң жаш,  
Адамдардын бары кас,  
Буламды булап алганда,  
Бузукту иттер салганда.  
Алайдан аккан тамчысы,  
Май куйруктан кете элек,  
Кулунум, Абыке кулдун камчысы  [С.К.Семетей:1987,144].

Сарытаз менен Каныкей айткан баяндан кийин Семетейди манасчы С.Каралаев мындайча сүрөттөйт:

Арстандай көз жайнап  
Каалгадай кайран тиш  
Бөлө-бөлө бек чайнап.  
Токтобой санаа бөлүнүп.  
Оозунан жалын төгүлүп.  
Кан  атам Манас өлбө деп,  
Безип тентип Букарга

Курган баш аман болбой кал.

Бел байлаган бел кайда

Берениm атамдан калган мурапым,

Белгилүү кыргыз эл кайда?[СК.Семетей:1989,140]

Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында таятасы Темирканга кыргыз элге кетүү үчүн кадимкидей суранат.

«Тай атаке»- деп айтат.

Бала туруп Семетей,

Падышадай кеп айтат:

«Айланайын тай ата,

Түбү бирге кошулат.

Учу бирге жазылат

Атам Манас – деп уктум.

Жерим Талас - деп уктум.

Ак калпактуу төө чепкен,

Элим алаш-деп уктум» [Ж.М.Семетей:1965,64]- деп арына келип элине, өз жерине барууну самайт. Бул кабардан кийинки окуя уланаар алдында Семетейди

Он экиде Семеңдин

Оттой көзү чачырап.

Абыке менен Көбөшкө,

Азуулары качырап.

Эки энесин ээрчитип.

Семетей басып калганы.

Каракандын ордого

Кайкалап кирип барганы.

Сөлөкөтү сөөлөтү.

Падышадан кем эмес [СК.Семетей:1995,63]. -деп сүрөттөйт.

Бул жерде биз келечектеги баатырдын атасы Манастын чыныгы мураскору болоору катарында түшүнөбүз.

«Азабын угуп отуруп,
Абыдан жаным ачынат.
Албасам кегин алардын
Арманым кайдан басылат.
Жетим өскөн баламын
Жериме мен барамын.
Кас душманды талкандап,

Калкымды колго аламын» [СК.Семетей:1987,65]. - деп таятасына кайрылат. Таятасы Темиркандын боз келтесин адалысына салып, атасы Манастан калган боз кисени белге чалып турса, кадимки Манас кебин кийип, Таятасына кол курап берейин дегенине көнбөй кыргызды кантип кырамын, чалгыным кантип чаламын дегенде «каарынан жан чыгып, кара чаар кабылан, капталында чамынып, чолок көк жал арстан, жандай салып камынып» турганын көрүшөт.

«Туулган жерди, Ата-журтту астейдил сүйүү, ага каны-жаны менен берилгендик, бүткүл иш аракети, ишмердиги менен аны коргоо, мартабасын көтөрүү, байытуу үчүн жан аябай кызмат кылуу. Эпосто патриоттуулук адамдардын мүнөздөрүнө кеңири чагылдырылган адеп-ахлахтык мыкты сапаттардын бири. Бул асыресе чыгарманын каармандарынын өз элинин, өз жеринин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн жан аябаган күрөштөрүндөгү, кыйын кезеңдердеги кажыбас кайратынан, майтарылбас эркинен, күжүрмөндүүлүгүнөн, жалтанбастыгынан, эрдикти көрсөтүүлөрүнөн таасын байкалат»[Манас, энциклопедия, IIтом:1995,150]

Семетейдин башка жерде жашап өз Мекени тууралуу укканда аны көрүү үчүн болгон дегдөөсүнөн анын патриоттулугу көрүнөт.

Элиме, жериме барайын деп уруксаат сурап, таятасы Темиркан макулдугун берип, жээнинин узак сапарга аттануусуна кам көрөт.

Семетейдин эл-жерди коргоо, бириктирүү, Мекенди сүйүү сыяктуу патриоттук сезиминин ойгонгондугу ушул саптардан көрүнөт. Жолго аттанаарда энеси Каныкей өз насаатын айтат.

«Семетей» эпосундагы өзөктүү окуя катары кабылданган «Каныкейдин жомогу» орчундуу таалим тарбия катары берилет. Бул жомоктун маанисине кеңири токтолсок.

Көптөн күткөн күн келип, Манастын керээзин "он экиге келгенде эне-ата жайын билгизгин," деген Каныкейге берилген тапшырманын таята-таякесинин тарбиясынан кийинки тепкичи эле. Ата Мекенинен алыс өскөн Семетейди өзүнүн башынан өткөн окуялар менен толук кабардар кылуу менен анын эс тутумун жогорулатат. Келечекте Семетейдин аткара турган иштерине туура багыт берет. Манас жасаган иштер, анын эли үчүн кылган кызматы, адилеттүүлүгү, адамкерчилиги, патриоттуулугу, айкөлдүгү жана Манастын кырк чоросунун ар түрдүү эрдиктери жөнүндө, Каныкейдин Манаска сиңирген эмгеги тууралуу кеңири баяндайт. Бул тууралуу да окумуштуу С.Байгазиевдин изилдөөсүнөн шилтеме келтирсек: "...уулунун эс тутумунда, ата-тегин, тарыхый тамырын таануу жагында убактылуу пайда болгон вакуум, кийин Каныкейдин Букарда көзүнүн жашын чубуртуп, тууган жер, бир боор эл, айкөл Манас, анын жолборс чоролору жөнүндө Семетейге сыр төгүүсү ("Каныкейдин жомогу") менен компенсацияланат."[Байгазиев:2014,152]

Каныкей кыргыз элим дегенде аны баалап сүйлөгөндө ал Букарда чоңойбой эле Таласта чоңойгонбу деп ойлойсуң. Каныкей кыргыз элин, анын баатырларын дайым жогору баалайт. Он эки жылдын акыркы күнүнө чейин ардагы Манастын керээзин аткаруу үчүн тикесинен тик туруп, баласынын келечеги бүткүл кыргыз элинин келечеги экенин ойлоп күндү-түндүр толгонот.

Ата да эне да Семетей үчүн жалгыз Каныкей болуп, анын мойнуна мураскорду чоңойтуу үчүн оор милдет жүктөлөт.  Кадимки  энелер он ай көтөрүп омурткасы сыздап, жерге түшкөндөн кийин бооруна алып, ак сүтүн берип, түн уйкусун  бөлүп чоңойткон  түйшүгү бир тең, келечекте бүткүл элдин  мүдөөсүн аткаруучу мураскордун амандыгы үчүн  көргөн камкордугу Каныкей эне үчүн бир тең.

Манас үчилтигинде Каныкей башкы каармандардын бири. Букардын ханы Темиркандын кызы. Манаска турмушка чыккан күндөн тартып анын кеңешчиси болуу менен бирге негизги ролдо турат. Манастын даңкын чыгарган акылман аял.  Ашкан сулуу, көрөгөч, колунан көөрү төгүлгөн чебер уз.  Анын мындай чебер уздугу Манастын чоролорунун кебете- кешпирине карап аларга жоо киймин тиккендигинен көрүнөт. Жоо кийимдерин тиккени үчүн эле анын чебердигин көрбөстөн, тамак-аш даярдоодо, алыс жолго чыгууда баатырларга бузулбай турган тамак ашты даярдап, Манастын чоролорунун ден соолугунун камын ойлогондугун да көрүүгө болот. Ошондой эле  баатрылардын минген аттарын тоютун камдап, байгеге түшүүчуат үчун кам өргөндүгүн белгилебей коюга болбойт.

Каныкейдин образындагы мүнөздүү белгилердин бири эркектен калышпаган  кайраттуулугу, ал Манас өлгөндө көрүнөт.  Букарга жөөжаландап качууга  кайраттануусун, баласы Семетей  үчүн бардык камкордугун, ат таптап төлгөгө чабуусун эске түшүрөлү.

М.Мамыров: «Эпостогу аялдардын образынын көрүнүктүүсү-Каныкей. Каныкейдин образында  кыргыз аялдарынын адамкерчиликтүү жакшы касиеттеринин жогорку чегине өсүп жеткен сапаттары топтоштурулган. Акылдуулук жагынан өзүнүн алганы Манаска эле жакпастан, анын баатырларына, кырк чоросуна жана бүткүл элге  алынган аял. Каныкейдин ал өзгөчөлүгү Кошой Бакаларга тете коюлуп, эл аларды «калк атасы, эл абасы» деп сыйлуу наам менен  атасы, «калк энеси Каныкей» дешип урматташат»-[Мамыров:1963,85]деп сыпаттама берсе, Каныкейдин образы тууралуу

К.Жумалиев «Манастаануу» (образдар системасы) аттуу эмгегинде мындайча сүрөттөйт: «Ал Ата журту, Мекенди, эл жерди тышкы жана ички душмандардан коргоодо кашык каны  калганча күрөшкөн патриот, эң башкысы элдин керегине жарай турган уулду төрөп, тарбиялап өстүргөн камкор эне. Каныкей Манастын гана эмес, жалпы элдин башына түшкөн жакшылык менен жамандыктарын, жыргал менен кууралдарын, кубаныч менен кайгыларын тең бөлүшкөн элдик аял.

Ал-Манастын өмүрлүк жолдошу, жан шериги, кысталышта жардам берген акылман кеңешчиси, баатырдыгынан кем калышпаган акыреттик жары. Эпосто анын образы  алда канча кенен, алда канча терең бир сырдуу, миң кырдуу. Ал кезеги келгенде, чымын жанын кылга байлаган намыскөй, эл- журт башында кыйынчылык  түшүп турган чакта: ашкан амалкөй, чечкиндүү, чыдамкай, кайраттуу, ошондой эле душмандарынын жалтанбаган эр жүрөк, ашкан баатыр. Ал эми чыныгы достун,  тууганды͏н көңүлүн ачаарда ак көңүл жароокер, ак дасторконун жайнаткан-кең пейил, меймандос, мээрбан аял» [Жумалиев:2012,73].

Манастын ордосунун талкалангандыгын көргөн жарадар Каныкейдин ичинде карама-каршылыктуу эки сезим күрөшөт: Бул кордукту көргөнчө, Манастын артынан кетейин, тирүү жүрүп нетейин деп бир жагынан жанын кыюуга ниеттенет. Экинчи жагынан энелик сезими туйлап, «ыңалааган» Семетейин кыйбайт. Анын үстүнө көзү өтөөрүндө Манастын «уулумду аман-эсен чоңойт» деген керээзи көкүрөгүндө турат. Каныкей өмүр-өлүм жөнүндөгү ички психологиялык драмадан азап чегип, кыйналат. Акыры анда Семетей үчүн, келечек үчүн  тирүүлүктү  улантуу жөнүндөгү ой жеңип чыгат. Каныкейдин мүнөзү абдан токтоо, Манаска болгон сүйүүсү тунук жана ал келечектеги баатыр уулунун камын ойлоп жаман иштерге барууга батынбайт.

Бирок да ой жүгүртүү образы, жан дүйнө түзүлүшү бөлөк, руху бийик намыскөй Каныкейдин «бытовизмдин» сазына тыгылган Көбөш көрпенденин

чөйрөсүнө ылайыкташып күн көрүүсү мүмкүн эмес эле. «Качырлардын арасында тулпар карып, каргалардын арасында шумкар карып» дегендей «алты арамдын» арасында Каныкей эч убакта өзүн адам катары сезе алмак эмес. [Байгазиев:2013,42] Каныкейдин өз алдынча ой жүгүртүүсү, ошол замандагы жөнөкөй аял эместиги.

Мындан сырткары Каныкейдин Манастын чоролору үчүн көргөн камкордугун жана ат таптаган саякердигин да анын өзгөчө өнөргө ээ экендигин белгилесек болот. Бул тууралуу Самар Мусаев өзүнүн диссертациясында: «Каныкейге таандык меймандостук, кең пейилдик, боорукердик, алыс жакынды тең саноо кыргыз элиндеги мурдатан жогору бааланган сапаттардан. Эпосту ар бир аял эмес, эркектер үчүн да Каныкейдин иштеген иши, акылмандык, жөн билгичтик, сарамжалдуулук ж.б. мыкты сапаттары-чыныгы идеалдын үлгүсү» [Мусаев:1963,134]

Акылман аялдын баянынын маанисинин тереңдиги анын кереметүү образынан эле көрүнөт. Каармандык, энелик сүйүүнүн күчү, баланы бөтөн жерде тарбиялап жүрүп, чыдамкайлык, сабырдуулук менен карманып, Таласка келип Манастын туусун ордуна кайрадан сайышы. Бул анан образындагы эң бир идеалдуу аялдын образын тартып берет. Каныкейде «сүйүү» деген сезим да жогорку орунда турат. Биринчиден элге-жерге болгон сүйүүнүн туруктуулугун кайрадан Таласка барсам деп көксөө-дегдөөсүнөн, ардагы Манаска болгон сүйүүсүнүн күчтүүлүгүн, Семетейге болгон сүйүүнүн бийиктиги менен энелик мээримин төгүп туяктууга тептирбей тумшуктууга чокутпай алпештеп багышы менен баласын кайрадан өз мекенине алып келиши менен далилдейт.

«Каныкейдин жомогу» Семетейдин атасындай эр болушу үчүн көрүлгөн камкордук жана анын адам болуп калыптанышына тийгизген негизги фактор деп эсептөөгө болот.

Семетей үчүн кара жанын карч уруп

Жалгызым аман болсо деп

Бир кудайга болдум зар – [С.К.Семетей:1987,146] - дейт Семетейди жок кылууну каалаган душмандардан коргоо үчүн Каныкей кайын энеси Чыйырдыны уулу менен бирге алып кетүүсү, Каныкейдин энеге болгон мамилеси, өзү да эне экендигин сезген бийик сапаты.

Татаал турмушта эпикалык каарман эртерээк эрге жетип элдин мүдөөсүн, ой тилегин орундатуусу шарт. Семетей он экиге келгенде элдин керегине жарап, Ата журтун коргошу керек.

Демек эр жеткен жигит өз эли жери жөнүндө уккандан кийин, ага тезирээк жетүүгө камынат. Манас баатыр өз ата конушунун бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына катуу чычалап, эртелеп ага барууну самаган. Манас ата конушун бирөөлөргө тепсетип койгонун өтө кечирилгис иш катары баалайт. Ал эми Семетейдин эли-жери Таласына барууну самаганы, атасынын хан ордосун калыбына келтирип орнотууну, элдин башын бириктирип, ынтымакка чакырууну жана Манастын кунун кууну ойлонуусу баатырдын уулунун намыскөйлүгүн айгинелейт.

«Каныкейдин жомогу»- атасынын жашап өткөн турмушу, жасаган эрдиктери, ар дайым элинин, ата-журтунун стратегиялык маселелерин ойлогондугун, эл жерге болгон айныгыс сүйүүсү, достукту бийик туткандыгы, кырк чоросуна кылган мамилеси, аларды баатырдыкка, жоокердикке жана ынтымак-биримдикке үндөгөн демилгеси, адамкерчилик жана адилеттик иштери, кыргыз элинин душмандары тууралуу маалыматы-баяндаган Каныкей эненин жомогу келечекте Семетей атасынын ишин улантып, эли – жерин коргогон, кам көргөн баатыр болуусуна энелик тарбиясы десек болот. Ошондой эле «Каныкейдин жомогу» адеп-тарбиянын жол картасы.

Адамзатка керектүү рухий дөөлөт катары көптү көрүп билген эненин баяны өткөндөн гана кабар бербестен, келечекте жасалчу ишке төлгө сымал жол ачып берет. Маселен:

Ошо белги бар болсо,

Ары таман барып кел,

Ошо белги жок болсо,

Ары барбай кайтып кел [С.К.Семетей:1987,153]. эгерде ал белгини көрбөй калсаң кайра келип мага айт дегени Каныкейдин өтө көрөгөчтүк менен берилгени айтылган, белги жок болсо Семетейди бир жамандык күткөндөй алдын ала сезүүсү. Чындыгында андай болуусун эне дегеле каалабайт, бирок уулунун амандыгын сактоонун камы эненин ар бир сөзүндө камтылган.

Каныкей Семетейдин баатыр болушу үчүн алдыда тарбиянын татаал түйшүгү, адам болуунун азаптуу жолу тургандыгын түшүнөт. Семетейдин баатыр катары калыптанышына биринчиден энеси Каныкейдин ролу абдан чоң. Семетейдин Таласка барганда касы менен душманы ким экендигин өз жомогунда айтуусу анын көзү ачыктыгы эмес. Абыке Көбөштүн арамдыгын алардын жасаган иштеринен далилдүү мисалдар менен түшүндүрөт. Чоң атасы Жакып ал дагы Семетейге кас адам, себеби Манас өлгөндөн кийин бийлик талашып, Каныкейдин кан сарайын талап жатканда Жакып да Абыке, Көбөш тараптык болгон. Семетейдин бешигин улакча тартып жатканда да аларга арачы болбостон тескерисинче Каныкейге каршы тукурган. Жеке керт башынын кызыкчылыган ойлогон Жакып, Абыке менен Көбөштөрдүн арамзаадалыгынан жаш баатырды мертинтип коебу деген кооптонуусунан аларды кас экендигин баса белгилеп айтат.

Семетей он эки жашка келди, бирок али бала. Ал атасынын бир туугандарын жакшы маанайда күтүп алуусун самайт. Бирок энеси Каныкейдин баянында айтылган чындык кашкайып эле алгач чоң атасы Жакыптыкына барганда көрүнүп калат. Бир тараптуу айтылган пикирдин дал өзүндөй чыгуусу Семетейге энеси Каныкей тараптан аман эсендиги үчүн көрүлгөн камкордук экендигин айгинелейт.

Мекени Таластын жаратылышынын кооздугу, бирде сыймыктануу менен, бирде көйгөй-армандуу баяны Семетейдин өз элинин, ата-бабаларынын тарых таржымалын, Алмамбеттин Манас менен достугун бекемдигин айтуу менен анын көзүн ачат.

Ал эми Семетей энесинин насаатын пассивдүү гана кабылдап койбостон, тескерисинче акыл менен кабыл алып, ойлонуп толгонуусу ошондон эле элге, жерге болгон сүйүүсү күчөйт. Эсинде бекем сактап, алдыдагы аткара турган иштерин энеси айткандай жасоого, атасы Манас баатырдай жалпы кыргыз журтуна башчы болууга, элин-жерин коргоого, бириктирүүгө, ынтымакка чакырууга белсенет.

Үчилтиктеги баатырларга Таластын кабары менен эле жаратылыштын сулуулугу да өтө бийик чыгармачылыкта кооздолуп айтылат. Бул манасчынын чеберчилиги экенин белгилеп коюу керек. Баатырдын мындай кооз жаратылышка кызыгуусу анын патриоттук сезимине дем берери шексиз.

Семетей Таласка жол тартаарда өзгөчө маанилүү жерлер катары Ак-Чий, Гүл -Токой, жана канатуу куштары, жан-жаныбары жер жемиши, андан ары барчу жер аттарын айтып Боз-Бөлтөк, Кокон, Сыр-Дайра, Олуя-Ата, Кара-Балта, Сокулук, акыры жыргалдуу кыргыз жердеген Кең-Кол жөнүндө айтуусу бул дагы бир бийик тарбиянын бири. Семетей эпосундагы көлөмдүү орунду ээлеген «Каныкейдин жомогу» жогоруда белгилегендей максаты эли жерин душмандарын гана таанытуу эмес, адам катары инсандыгын бийик көтөрүү, атасы Манастай патриот кылып өстүрүү жана адилет, абийирдүү эл башчысы кылып тарбиялоо.

Каныкей Семетей жолдо жүргөндө Кумайык аттуу ити тосуп чыгаарын жана ал кол башындай сур күчүк кезинен багып чоңойтконун баяндайт.

“Манастын Каныкейге үйлөнүүсү Кумайыктын тарыхы менен байланыштуу. Себеби Кумайык жөн ит эмес. Ал кайыбынан кабылган мифтик ит төрөсү. Ал Манас өлгөндөн кийин Семетейдин эр жетилип Букардан кайтып келүүсүн күтүп жүрөт. Кумайыктын образы байыркы

мифтик образдардан экендиги ачык байкалып турат»-деген ойду окумуштуу С.Бегалиев «Манас» эпосу аттуу окуу китебинде белгилеген [Бегалиев:2005,45]. Кумайык итти акылдуу аял гана багыш керек болуп аны Каныкей багып чоңойтот.

Желмаян аттуу төө чыкса аны курмандыкка чалуу керектигин айтат, чоң атасы жана бир туугандары баласы экөөнө карата кылган мамилесинен, алардын эли-жери эмес, жеке кызыкчылыгы жогору тураарын белгилеп, жаш Семетейди жок кылып албоонун максаты:-

Ал Таласты жер дебе,
Чоң атаң чочко канды эл дебе.
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе, чалганы турат өзүндү.
Кыңырты турат сөзүндө,
Кыябын тапса, ал какшаал,
Кылганы турат өзүңдү.
Атам деп ага түшпөгүн,
Акыры тамак ичпегин.
Тамак берсе оң кылбайт,
Жетимим гана сени соо кылбайт.
Чочко кандын үйүндө
Күпчөккө салган бозо бар,
Иче көрбө жалгызым,
Ичинде күйдүргү уусу кошо бар [С.К. Семетей:1987,161].

Семетей эли-жерин алгач көргөнү баратканда эле энеси Каныкей ата-бабанын арбагына чилтен колдоп, Манастын пирлери жандайт. Манастын арбагы көрүнүп:

Атышка кирип барганда
Кысталыш жоого келгенде
Сен, балам, Манастап уран чакыргын!

Арбагым азыр бар болсо,

Балам ар жерде колдоп аламын [С.К.Семетей:1989,72]. - деген семетейчинин баатырды угармандардын сүйүктүү каарманынын жолундагы ар кандай тоскоолдуктардан сыйкырдуу күчтүн колдоосу менен өтүп кетиши үчүн колдонгон мотиви.

«Семетей» эпосундагы «Каныкейдин Тайторуну чапканы» аттуу эпизодунда да арбак колдоп башкача айтканда Алмамбет, Сыргак баш болгон Манастын чоролору, Манас өзү кошо Тайторуну сүрөп жыйынтыгында төлгөгө чабылган ат алдыга чыгып келет. Окумуштуу А.Жайнакова:-«Манастын арбагы өзүнүн эң жакын жана сүйүктүү чоролору менен ар дайым Семетейди колдоп, татаал жерлерде жандап жүргөндүгү айтылат»-деп ар кандай садага чабуулар менен коштолоорун белгилеп өтүп, ошол эле учурда тирүү адамдын арбагы тууралуу да пикирин мындайча белгилейт:-«Ушул эпизоддогу атты сүрөгөн баатырлардын арасында жеке эле мурда өлгөн адамдар гана эмес, али тирүү Бакайдын ысымы да аталат. Буга караганда арбак-касиеттүү күч жалаң эле өлгөн адамдарга гана таандык сапат эмес, ар бир адамда боло турган белги, бирок ал сапаттын көрүнүшү үчүн ошол адамдын сөз болуп жаткан жерде жок болуусу сөзсүз шарт. Ошон үчүн Каныкей атты сүрөгөн арбактар катары жеке эле мурда өлгөн баатырлар эмес, алыста калган Бакай да катышат» - дейт [Жайнакова:1982,20]. Ал эми Ч.Ч. Валиханов арбак түшүнүгү тууралуу «киргизы при малейшом несчастии режут животное во имя божие… или во имя арбахов и приносят жертвы не при обо, а на могилах предков» [Валиханов:1962,477]. Мындай түшүнүктөргө жаратылыштын ар кандай кубулуштарынан алсыздыгынан улам сыйынуу иретинде арбак колдойт деген мааниде кабыл алып келишкен. Адам баласынын жашоо-турмушунда төрөлүү менен бирге эле ар кандай жоготуулар болуп турат. Мисалы, адамдын бул жашоодон өтүп кетүүсү-өлүү, белгилүү бир адамдардын жакын адамдарынан айрылуусу-алар үчүн өтө кайгылуу абалы, кыргыздар атасын же энесин жоготсо, аларды такыр жок

кылгысы келбейт. Алардын арбагы жашайт деген чоң ишеним бар. Адам турмушундагы ар кандай узак жолго чыгуу, алыс сапарга баруу же жаңы иш баштоо сыяктуу иштеринде кыргыздардын ишеними ата-бабанын арбагы колдоп аман-эсен барып келүүсүн, ишинин алдыга жылуусун суранышыт. Кандайдыр бир коркуу пайда болгондо да бул маселеге кайрылышып арбак колдо дешет. Ошондуктан жакшы ой менен ата-бабанын арбагы колдойт деген ишеним сакталып калат.

«Семетей» эпосу душмандардан атасынын өчүн алып, Манастай биримдикти камсыз кылган баатыр болуусу үчүн улантылат.

Букардан Семетейди Таласта калган айрым жакын санаалаштары анын тезирээк чоңоюшун жана өз эл-жерине кайтып келишин чыдамсыздык менен күтүп жатышат.

Таласка баруунун жолу, атасы Манастын жеринде алгач эмне иш кылуу, элине кандай мамиле жасоо керектиги, кас-душмандар кимдиги жөнүндө «Каныкейдин жомогунда» кеңири баяндалып өттү.

Каныкейдин жомогундагы эң негизги маселе Манас баатырдын жубайы болгон күндөн анын өлгөнүнө чейинки бардык жашоосу баяндалып жаткандыгы. Манас баатыр менен бирдикте калк тагдырын бирге ойлоп, жүгүн бирге тартуусу, калыстыгы, камкордугу ж.б. Баатырга жар болгондон кийин колунан көөрү төгүлгөн уздугу, алдын ала сезе билген көсөмдүгү, жоого аттанаар алдындагы камдуулугу жана Манас баатыр өлгөндө жети кылым турсун деп күмбөз салдырганы ж.б. баарын келечектеги мураскорго өткөн турмуштан маалымат берүү.

Аксакал байдын баласы
Аралбайдай балбан сарт,
Алтымыш балбан кетменкор,
Ылайын боо тептирдим.
Алым салдым аргынга

Алты миң эркеч жыйнадым,
Алты миң эркеч бир кырып
Кыш кайнатып бек салдым,
Атакеңдин күмбөзүн
Алты кылым өткүчө
Бузулбай турсун деп салдым. [С.К.Семетей:1987,73]- дейт.

«Семетейди Манастын атын өчүрбөй ишин улантууга, эрдикке чакырган ишеним, кыял касиеттүү күчтүү - арбактын киргизилиши, анын жардамына таянууну туура көрөт. Бала өзү көрбөгөн атасынын мүрзөсүнө түшүп зыярат кылат жана анын өчүн алууга камданат. Ал максаттын бекемдигине жеке эле Семетей өз керт башынын намыс, жөнөкөй адамдын өзгөчө касиеттери гана эмес, Манастын тирүү арбагынын күчү да күбө. Ошон үчүн Семетей бул, убадасын орундатарына эпостун угуучуларынын да, айтуучуларынын да эч кимиси шек кылбайт»- деп белгилейт окумуштуу Жайнакова А. өзүнүн «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи» аттуу эмгегинде.

Мындан аркы окуя чыгармада Семетейдин өз эли-жери Таласка жөнөгөндүгү менен окуя уланат. Каныкейдин жомогундагы ар бир айтылган окуя орду орду менен өнүгөт. Маселен астынан Кумайык итинин күтүшү, Ак шумкар кушунун жана Желмаян төөсүнүн жолугуусу, суудан өтөөрдө атасынын чоролорунун колдоосу, Манастын күмбөзү ж.б.

Ошол күмбөздүн ичиндеги ар бир каармандын сүрөттөрүн тарттырганын Каныкей айтып, Семетей келгенде ошол сүрөттөр болочок баатырга дем бергендей.

Ал сүрөткө киргенде
Көңүлүң жаман бөлүнөт,
Көзүңдүн жашы төгүлөт,
Көкжал атаң кан Манас
Тирүүсүндөй көрүнөт.

Атаңа күйүп жалгызым
Көңүлүңдү бурбагын,
Кокустан жаның кыйбагын.
Сен күмбөзгө киргенде,
Жалган айтып койбосом
Күмбөздүн ичи күүлөнөт,
Күңгүрөнүп сүйлөнөт.
Эчен белги көрүнөт,
Кулунум көңүлүң жаман бөлүнөт.
Күмбөздөн ошол белги билинсе
Алты арамга барып кел,
Атаңдан калган мүлктөрүн
Айныбай кирип алып кел.
Ошо белги жок болсо
Ар жакка барбай кайтып кел- [С.К. Семетей:1987,211].

«Каныкейдин жомогу» аттуу баянда Семетейге мурасчы катары көп милдеттерди тагат. Өткөн тарыхтан сабак берип, кыргыз эл деген бийик рухун таанытып, ата-бабанын ыйык намысын коргоо үчүн, аларды ынтымактуу жашоого үндөп, душмандарын да сезимин ойготууга түрткү болчу тарбиялык мааниси жогору сабак.

Аман бир барып, аман
кел, уулум
Абыке менен Көбөшкө
Атышып кыргын салбай кел.
Күн мезгилин айтайын,
Кулунум, алтымыш күндөн
калбай кел.
Буурулду кармап буудан кыл,
Муңумду гана жазар жетимим

Сен алты арамды тууган кыл.
Энеси Каныкей далай күүлөнүп
Жомогун сүйлөп түгөтүп,
Жок нерсени билгизип,
Жетим Семетей ичин күйгүзүп [С.К.Семетей:1987,211]

-деп алты арам Каныкейге кордук көрсөтүшсө да аны кектебей, уулун тууган кылып ал деп айтат. Баатырдын эли-жери сыяктуу эле өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болчу туугандары да болушу керек. Алар акылына келген болсо өз инисин бир тууган кылып алса деген илгери үмүт тилегин билгизет. Каныкей уулунун улуу идеяны колго алуусу үчүн туугандары менен касташпай бир максатта болушун каалайт.

## 2.2. Семетейдин патриот баатыр катары калыптанышы

«Кыргыз эли нечен кылымдар бою жоокерчилик заманда жашап, сырттан кол салган душмандар менен тынымсыз кармашып келген. Мына ошол өткөн окуялар эл турмушунун күзгүсү болгон оозеки чыгармачылыкта кеңири орун алган. Негизи эле кыргыз калкында эркиндикти, элди-жерди сүйүүнү даңазалаган баатырдык эпостору, чыгармалары өтө көп өрчүгөн. Өздөрүнүн эркиндигин сакташ үчүн эл ичинен чыккан эр азаматтар кол курап, жоого каршы аттанышкан. Мындай согушта баатырлар кара жанын курман кылуудан баш тартышкан эмес. Бул сонун сапаттар укумдан тукумга өтүп, жакшы салтка айланган»[Жайнакова :1982,122].

Адамдын адам болуп жашашы үчүн анын алгач алган тарбиясы негизги орунда турат. Үй бүлөдөгү тарбия менен коомдун таасири адам үчүн чоң роль ойнойт. Демек Семетейдин алгач таякесинин колундагы эркин тарбиясы, андан кийин энеси Каныкейдин насааты анын келечекте адам болуусу үчүн негизги фактор болуп саналат. Каныкейдин образы мураскор уулунун чоңоюп, эли-жерин коргогон чыныгы баатыр болуусу, жана атасы Манастын өчүн алуусу үчүн анын амандыгын сактап Букарга алып качуусу, он экиге келгенче ким экендигин билгизбей баккандыгы эпосто таасын сүрөттөлөт.

Эпикалык чыгармада баатырдык мүнөзгө ээ болуу үчүн болочок баатыр эртелеп эрдик көрсөтүү - дүйнө элдеринин көпчүлүк эпосторунда кездешет. Ал негизинен баатырдын мифтик жандыктар менен кармашуу маселен, ажыдаар, дөө, жин-пери сыяктуулар менен согушуусу. Бул байыркы мифологиялык дүйнө таанымдын калдыгы катары сүрөттөлөт.

Манас баатыр алгачкы эрдикти калмактын 80 баласын жеңгени менен көрсөткөнүн манасчылар түрдүү көркөмдүктөр менен сүрөттөшөт

Бул көрүнүш он экидеги Семетейдин Букардын Ак балбаны менен Кокондун Төө балбаны алты күнү күрөшүп, Ак балбан жыгылып калганда

Төө балбанды жеңип, бир колун сууруп алып жерге уруп, намыс алышы менен баяндалат.

Мындай эпизод Семетейдин атасынын өчүн алыш үчүн, баатырдын көрсөткөн биринчи эрдиги болуп саналат. Андай каармандын демилгеси жалпы элдин колдоосуна татыктуу. Мындай учурда көздөгөн максатына жетүү үчүн колунан баары келген, алдыга койгонун ишке ашырууну самаган, укмуштуудай зор күчкө ээ болот.

Энеси Каныкей өз баянын айткандан кийин, эл-жеринен толук кабардар болгон Семетей чоң энеси Чыйырдынын ак батасын алып жолго чыгат. Өз эли деген баатырдын узак убакыт жол жүрүүсүндө чарчоо эч билинбейт. Себеби анын чыныгы адамдык рухунда Ата-Журт деген бийик патриоттук сезими бар. Семетей туулган жерин көрүүнү дегдеп узак жол жүрөт, алты күндө Ак-Чийге жетет, Күлешендин Гүл-Токоюна токтоп, Таластан Букарга качып келе атканда энеси жатып түнөп өткөн касиеттүү чынарга атын байлап, бир аз убакытка эс алат. Андан Аман-Жол деген жерге жетип, адырлуу белди ашып, Сыр-Дайраны кечип өткөндөн кийин Кайыпчынын Кара-Үңкүрүнө жетип, Олуя-Ата, кош Меркиден өткөндө Таластын ичи көз алдыга тартылды:

Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Жер соорусу турбайбы. [С.К.Семетей:1987,214].

Кыргыз жеринин керемет жаратылышы баатырдын жан дүйнөсүнө таасир этет.

Семетей Үч-Кошойго келгенде, аны он эки жылдан бери күтүп жүргөн Манастын кумайык аттуу ити тосуп чыгат. Андан ары басканда алдынан кула чолок кайып бээ кезигет. Карыш казысы бар ал бээни союп, мен келгиче жеп жаткын деп Кумайыкка таштап өзү Кең-Колго жөнөйт. Семетейди Манастын Акшумкары да күтөт. Ал келгенде баласын энчилеп берет. Андан ары жөнөгөндө:

Таластын суусу ташыптыр,
Тал башынан ашыптыр,
Үрбүстүн суусу кириптир
Үстүнөн үйөр жүрүптүр
Төө өркөчтөнүп төгүлүп,
Төмөн жагын карасаң
Төрт дайрадай көрүнүп [С.К.Семетей:1987,216].

Семетей Таласка аттанарда Каныкей баянында кирген сууга туш келсең, кечүү издебей туура киргин деген эле. Атасы Манастай өткүр Семетей ташыган дайрага эч коркпостон эле кирип барат. Семетейдин эр жүрөктүүлүгү мына ушул жерден көрүнөт. Ал эми манасчы элдин сүйүктүү каарманын алар кооптонуу менен угуп турганын эске алып Семетейди Манас өзү жана анын кара чаар кабылан баштаган колдоочулары, Алмамбет, Сыргак, Бакай, Ажыбай жана башкалар кырк чоросу колдоп суудан аман кечип өткөнүн төмөнкүчө баяндайт.

Колдогону кырк чилтен
Колтуктан жөлөп алыптыр,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып
Кан Манастын пирлери
Кошо колдоп калыптыр [С.К.Семетей:1987,217].

Айлана-чөйрөдөгү дүйнө жөнүндөгү адамдардын жөнөкөй фантастикалык көз караштары чагылдырылган элдик оозеки чыгармачылыктын өзгөчө түрү болгон мифти колдонуу менен кара чаар кабылан, кырк чилтен жана Манастын пирлери колдогону баяндалат.

Семетей Кең Ак-Чийге келгенде атасы Манастын күмбөзүн көрөт да, ага өкүрүп түшөт. Энеси Каныкей айткан күмбөздүн ичиндеги Коңурбай жана кытай-калмак кандары менен Манас баатырдын кармашка түшкөндөгү сүрөттөрүн көрөт да, энеси Каныкейдин акылмандыгына абдан ыраазы

болот. Атасы Манастын жана анын чоролорунун арбагына багыштап куран окуп, андан ары жол жүрүп кетет.

Каныкейдин жомогундагы айтылган он эки жылдан бери күтүп жүргөн төөсү Желмаян алдынан чыгат,

Атаман калган, ээй, мура деп,
Аны көрүп ээй Семетей
Көңүлү жаман ээй бөлүнүп.
Колтугуна, ээй, баш тыгып
Ыктап турду ээй, Желмаян[С.К.Семетей:1987,188].

Байыркы кыргыздарда төө урмат сыйга ээ болгон жаныбар. Илгери ал ботологондо сүйүнчүлөп, жентек беришчү экен. Ал адам сыяктуу эле кайгы тартып аза күтүүгө, өлгөн адамды жоктоого жөндөмдүү жаныбар болгондуктан улам урмат сыйга ээ болсо керек. Кыргыздар төөнү бир жакшылык болгондо курмандыкка чалышчу деген да маалымат бар. Ошол сапаттагы төө күлүгү Желмаян чуркап Манастын күмбөзүнө келгенде Семетей аны курмандыкка чалып, башындагы ноктосун энеси Каныкейдин тапшырмасы менен чечип алат. Ошол жерден Желмаян көзгө көрүнбөй, кайып болуп кетет. Ал аңгыча төөнү издеп Бакай келип калат. Энеси Каныкейдин айтканы боюнча Семетей анын Бакай экенин дароо тааныйт. Семетей Бакайды сынамакка жезде деп учурашат. Жаналы Карач уулумун. Кечээ Манас баатыр бар кезде менин эжем Көрпаянды тартып алыпсың дейт. Ошон үчүн астыңдагы Көкчолок атыңды тартуу кыл дегенде макул болуп бирок сүйүнчү иретинде желмаян төөнү көргөн болсоң берейин деп Семетейдин айтканына көнөт. Семетей «Чалым кекээр менен сүйлөйсүң” — деп шылтоолоп, сынамакка тап койду. Анда Бакай карысам да сенчелик алым бар деп, Семетейди качырып калат. Ушул жерден букардан келатканын билдиргенде Бакай күтүп жүргөн Семетейдин жайын сурап сынап турган бала Семетейдин өзү экенин билип экөө кучакташып ыйлашат. Эпостун бул сюжети окурмандын чыгармадагы кыргыз эл үчүн үмүттүн

жандануусун тартуулайт. Жогоруда С.Байгазиев белгилеген УЛУУ ЖОЛУГУШУУНУН он эки жылдан кийинки көрүнүшү- сүйүнүчтүн ыйы менен коштолот. Андан соң Бакай Семетейди атасы Манастын сөөгү жашырылган жерди көздөй алып жөнөйт. Ал үнкүргө барып, Семетей кирип атасынын сөөгүн көрүп чыгат.

“Бакай жашы улуу, көптү көргөн, кыраакы жана акылман кеңешчиси, насаатчысы катары активдүү роль ойногон негизги каармандардын бири. Ал кырк чоронун ичинен Манаска эң жакын тууганы. Атасы Бай менен Манастын атасы Жакып экөө бир тууган. Бакай Манаска кошулган күндөн тартып, үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, “сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган”, “аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой” арка белине, таянычына, “капилеттен сөз тапкан, карангыда көз тапкан” кеңешчисине, насаатчысына айланат. Акылмандыгы, кыраакылыгы менен “алты ай мурун келер азапты” күн мурун билип, аны болтурбай, Манасты ар кандай кырсыктардан сактайт. Бакай өзүнүн Манаска жан дили менен берилип, мындай ак кызматын жалпы кыргыз элине, жалпы биримдигине көз карандысыз эркин жашоосуна кызмат кылуу деп эсептейт жана башкалардан да ушуну талап кылат, элди ынтымакка үндөйт”[Манас энциклопедия, II том:1995,130].

“Манас” үчилтигиндеги окуяларга баштан аяк катышып, элдик баатырларды жакшы жолго салып, ээрчитип жүрүп, “эр уулу менен тең кылган” насаатчы, акылман кеңешчи, алты айчылык менен жакшылык менен жаманчылыкты алдын ала көрө билген даанышман, кара кылды как жарган калыс, ошондой эле кыргыз урууларынын өз ара ынтымагы үчүн өмүрүнүн акырына чейин ак кызматын аябаган каармандардын бири-Бакай. Ал-Байдын уулу, Манастын агасы, “карангыда көз, капилеттен сөз” тапкан, бирден бир ишенимдүү адамы, таянар тоосу, оо дүйнөлүк досу, эл кадырлап- урматтаган акылман карыясы”[Жумалиев:1999,46]-деп белгилейт. Бакайдын бул сапаты “Семетейде” ачык айкын билинет.

Бакай акылмандыктын, сабырдуулуктун, калыстыктын, кең пейилдиктин үлгүсү. Ал адамдын ички дүйнөсүн сезет, башкалардын ой пикирин, болуп жаткан шартты терең түшүнөт. Ар дайым көрөгөчтүк менен акыл айтат. Анын одоно жасаган иштери табылбайт. Ал ойлонуп иш кылып, башкаларга үлгү боло алат. Бакайды "алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой" деп анын карааны эле канча тураарынан кабар берген таамай алтылган салыштыруу менен образын ачууга болот. Ал ар дайым Манас менен канатташ, санаалаш.

Бакайда аталык, чоң аталык мээрим сезими өтө күчтүү, баласаак адам. Бакай "Семетейде" да балтыр бешик Семетейди өлтүрүүнү көздөгөн жаман ойлору менен Каныкейдин кан ордосун талоонго алып жаткан чалкеш учурда Манастын жакын адамдарынын ичинен жалгыз гана Бакай мурдагысындай ага берилген бойдон калат. Абыке менен Көбөш Бакайды Каныкейге барууну сунуштаганда алардын осолдук кылып жатканын бетке айтат. Бирок ал аларды токтото албайт. Ошентсе да Каныкей менен Чыйырдыны Семетейди аман сактап, Букарга качуусуна жалгыз кам көргөн Бакай болот.

Букардан Таласка кайтып келгенде Семетей душмандарын жеңип, атасы Манастын ордун ээлешине Бакай түздөн-түз жетекчилик кылат. Семетейди өз баласындай кабыл алып, ал Семетейди Букардан кайтып келет деп күтүп жүргөн максатына жетип сүйүнөт. Бакай Манаска кандай кызмат кылса "Семетей" жана "Сейтек" бөлүмдөрүндө ошол эле кызматты аткарат. Семетейдин чыныгы кеңешчиси. Семетей да абасы Бакай менен көп сырдашып кеңешет. Анын кеңеши менен чечим кабыл алат.

Манастын тирүүсүндө Бөлөкбай аттуу устасы болгон, ал Семетейдин келээрин түшүндө көрүп, Манастын ордосунда чабылган казанды оңдоп төлгө катары ага борукту курмандыкка чалып этин жез казанга салып бышырат. Эт Манастын барындай берекелүү боркулдап кайнайт. Бул төлгөдөн Манастын уулу Семетей келип атасынын ордун басып мурдагыдай адилеттүү, жакшы турмуш болоорун сезет. Бөлөкбай Манастын курал

жабдыгын жасаган уста болгон. Ал Манастын укмуштуу курал жарактарын- Айбалтасын, Сыр-найзасын, Ач албарс кылычын жасайт, кандайдыр себептер менен бузулган Аккелтени, дүрбү сыяктуу татаал курал жарактарды да оңдойт. "Бөлөкбайдын өз ишин терең билгендиги, ченебегендей чеберчилиги анын колунан жаралган курал жарактар өтө татаал жол менен жасалышын сүрөттөгөнү эпосто таамай баяндалат. Бөлөкбай "Манаста" устачылыкты гана кесип кылып кылган адам катары гана каралып, ага анча чоң роль берилбейт. Ал эми Семетейде Бакай, Сарытаз сыяктуу Семетейдин кеңешчиси болууга чейин жетишет.

Семетейдин Таласка келгенин Жакыпка Бакай билдирет. Жакып кан калп эле кубанган адам болуп тез келүүсүн өтүнөт. Бирок анын ичинин арамдыгы аны алыстан келе жаткан баласын тосуп алууга жүрөгүн жибитпейт. Семетей барганда Жакыптын күпчөккө куйган ууну пайдаланып арамдык менен небересин өлтүрүүнү ойлоп уу берүү окуясы болот.

Мураскор баатыр болгондуктан уу ичирип өлтүрүү максаты ишке ашпайт. Себеби чыгармада жаш баатыр Семетей өзүнүн ишин жаңы гана баштады. Демек анын өлүмү азырынча эртерээк. Бирок чоң атасынын арамдыгы чыгармада анын терс каарман экендигин көрсөтүү менен келечекте мындай терс каармандарга же ички душмандарга каршы турууга даяр болуусуна кабар берет. Жакып уу берип баланы башынан эле жок кылуу идеясы ишке ашпай калганына кейийт.

Семетей менен Бакай андан ары Алмамбеттин зайыбы Бурулчанын турган жерине барып, ал тууралуу жайын баяндайт. Бурулча Абыке Көбөштүн кордугун аябай көрөт, Абыке, Көбөш аны уруп-сабап, бадачыга саанчы кылып коюшат. Алмамбеттин биринчи аялы Арууке төрөгөндөн кийин каза болуп калат, анын ымыркай баласын Бурулча багып калат да, ошону демөөр кылып чоңойтуп жүрөт. Ал Күлчоро болот.

Абыке, Көбөш алты арам жаш бала Күлчорону да кыйнашат. Күлчоро кара үңкүргө жашайт. Күндөрдүн бириндe Кызыр думана келип, Семетейдин келеринен Күлчорого кабар берет. Күлчоро өчкөн оту жанып абасынын келээрин чыдамсыздык менен күтөт. Демек эл-жердин улуу бириктирүүчүсү, коргоочусу кыргыз элинде көп адамдын ой мүдөөсүндө жүргөнүн ал келгенде аны урмат сый менен, кучак жайып тосуп алуусунан көрүнөт. Бул ишенимди баатыр сөзсүз акташы керек. Бул ишеним-улуу ишеним. Ал соолуп бараткан гүлгө күндө бир тамчыдан куюлган сууга окшош. Ишенимди актоо Семетейдин ар бир жасаган ишинен көрүнүп анын бийик адамдык вазыйпасы болушу керек.

“Күлчоро эпостогу өзгөчө сүймөнчүк менен реалдуу сүрөттөлгөн образ. Семетейдин эл-жердин биримдиги, эркиндиги үчүн күрөшүндө анын негизги жардамчысы, таянычы. Атасы Алмамбет Чоң казатта окко учуп Семетей сыяктуу эле жетим жүрүп жетилет. Семетей Таласка келгенден кийин жанында жүрүп, анын бардык иштерине катышат”[Манас энциклопедия I том:1995,362].

Семетейи келип Бакай Күлчорого жети кара букачарды садага чаптырат. Каныкей Семетей Таласка келээрде атайын Күлчорого берип жиберген кийимдерин берет. Күлчоро атасы Алмамбеттей достукка бекем, жана ишенимге берилген баатыр. Анын Семетейге теңдеш баатыр экендигин Семетейге чейин Үргөнч дайрадан кылчактабай өткөнү аныктайт.

Семетей абалары «Абыке менен Көбөшкө учурашканы барат. Жолдон, адамдан бөлөк түрү бар, ажыдаардай сүрү бар, келбеттүү бир адамга жолугат. Ал Манастын карындашы Карлыгач болот. Ал жердин түбүндөгү Жарманаска турмушка чыккандан бери төркүнүнө келе элек экен. Бакай аны Семетей менен тааныштырат. Манастын Алмамбеттин, Чубактын, Сыргактын жана башкалар өлгөнүн уккан Карлыгач аябай кайгырып, ыйлайт. Муну уккандан кийин адилетсиздик кылган Абыке, Көбөштөн өч алмак болот. Семетей Карлыгачтын агалары менен сый болушун каалап

үйүнө бара беришин суранат. Карлыгач анын тилин алып, өз жерине кетет. Бирок, Семетейдин өмүрүнөн кооптонуп аны бир топко акмалап жүрөт. Келечекте эл биримдигин сактоочу баатырдын коопсуздугу үчүн Карлыгач да кам көрөт. Чыгармадагы оң каармандын жакшы сапаттары ушундай эпизоддордон көрүнөт.

Абыке Семетей менен Бакайды жакшы тосуп алат. Көбөш көрмөксөнгө салып коет. Ичи тар же терс каармандардын образдары көрө албастык менен жеке кызыкчылыктын тегерегинде гана болуп, аларды эч бир адам өз жүрөгүнө жакын кабыл алууга даабайт. Семетей атасы Манастан мурас катары калган мал-мүлктү сурайт. Алар Тайбуурул, Аколпок, Аккелте, Сырнайза асмандан түшкөн алты курч, Бозкисе ж.б. болот. Профессор В.М. Жирмунский;-“Көпчүлүк учурда кылыч, найза өңдүү курал жарактарды алууда баатыр көптөгөн кыйынчылыктарга учурайт”-деп белгилейт [Жирмунский:1961,126]. Семетей атасынын курал жарагын алуу үчүн агаларынын бир топ каршылыгынан кийин гана ээ болот.

«Качкын кул жар жыгылса суу жөлөйт,
Жалгыз кул өлсө ким жөлөйт,
Сени өрт өчкөндөй кылайын [С.К.Семетей:1987,275]. - деп

Көбөш кордойт. Болочок эл башкаруучуну көрө албастыгынан, ичинде арамзаадалыгы бар адам алгач эле кездешүүдө өз сезимин билдирди. Аны жок кылуудан да кайра тартпаган ич күйдүлүгү даана көрүндү.

“Патриархалдык уруулук байланыштар бытыранды болуп, ыдырай баштаган доордо туугандардын ортосунда чыгуучу чатак өнөкөт болгондуктан, баатырды көрө албастык менен кас санаган туугандардын жок кылууга жасаган түрдүүчө аракети жалпы эле түрк элдеринин, алтайлыктардын “Алтай буучайы”, “Кегутэй”, буряттардын “Аламжи мерген” эпосторунда көп учурай турган традициялуу көрүнүш” -деп белгилейт А.Жайнакова [Жайнакова:1982,63] .

Көбөш өз мүлкүн сурап келген Семетейге баардык мал-мүлктү өзүмдүкү деп бербей коет. Семетей Көбөштүн өзүмчүлдүгүн туура эмес көрүп чаап жиберет. Анын оозунан кан агып кетет. Абыке Көбөшкө болушуп, козголгондо Бакай токтотуп коет. Семетей менен Көбөш урушуп кеткенде керегеде илинип, он эки жыл бою атылбай турган Аккелте өзүнөн өзү атылып, Сырнайза капкара канга бөлөнөт. Бул өз ээси келгенин, ал гана колдонуусу керек экендигин семетейчи сыйкырдуу күчтүн жардамы менен Аккелтенин атылганын кошкон. Семетей атасынан мураска калган курал жарактарын баарын алып кетет.

Артынан келген Көбөшкө Семетей анын колундагы баканын жулуп ыргытат, өзүн Зулпукор менен жайлап саларда Бакай:

Айрылса баш таңылат,
Агайын кайдан табылат,
Найзалашып сайышса
Көңүл калбайт тууган дан,
Кыйрына тийген оңобу,
Бизге кытай тууган болобу?!
Тууганын жайлаган деп
Эртең душманга өсөк сөз болобуз- [С.К.Семетей:1987, ]

деп арачы кылат. Бакайдын акылы Семетейге таасирдүү болуп аны туура көрөт. Келечекте эл башчысы болчу адамда анын рухунда кала турган гумандуулук сапат жогору болот.

Семетей Тору айгырдын башындагы Аккуланын ноктосун шыпырып алат. Нокто дагы Манастан калган буюм, ал Аккулага катылчу, Аккула окко учкандан кийин Манастын инилери менчиктеп алышкан. Демек ал өз ээсин табышы керек. Ушул окуядан кийин Манастын кырк чоросу келет.

Семетейди Манас өлгөндө кайып болуп качып кеткен Тайбуурул аты тосуп чыгат. Ага Аккуланын жүгөнүн катат. Камбар ата боз бээни Семетей атасы Манастын арбагына арнап курмандыкка чалып түлөө өткөрөт. Түлөөгө

Манасты билгендердин баарысы келишет. Мураскордун келгенин эл күткөн адамы келгендей сүйүнүч менен кабыл алып колунда бары мал союп, колунда жогу баабедин жасап түлөө кылышат. Бул жерде адамзаты бактылуу жашоонун камында, аны камсыз кылуучу бир адам болушу керек- ал эл чыдамсыздык менен күтүп жүрүп, акыры эл алдына келген Семетей баатыр. Ошол бакыттын башчысы Семетейдин адамдык ыйманы ойгонуп эл башындагы мүшкүлдү жоюга белсенет.

Семетейдин келгенинде кумайык ити менен Ак шумкар кушу да келет. Семетей таятасынын берген малын курмандыкка чалайын дегенде акылман Бакай токтотуп таятаң берген аманатты өзүнө алып бар деп акылын айтат. Болочок баатырга мындай акылман адамдардын таалим тарбиясы аба менен суудай пайдалуу эле.

Семетей кайрадан Букарга жөнөө үчүн Бакай менен коштошуп, жол жүрүп кетет. Букардан Таласка жол тартканда чоң энеси Чыйырды болжогон убакытта барып келбесең кайрылып мени көрбөй каласың дегенин эстеп Семетей Манастан калган Аколпокту кийип, Бос кисени курчанып, Зулпукорду илип, Аккелтени асынып, Акшумкарды оң колуна кондуруп, Кумайыкты ээрчитип, жөнөп калды. Болжогон отуз күн өтүп чоң энеси тамак ичпей, небересин күтөт. Каныкей Темиркандын мунарасына чыгып, дүрбү салып караса уулу келе жатат. Ал алыстан эле атасына окшоп, айбаты, келбети так эле Манас.

Бала кирди Букарга
Бар жабдыгы шайлалуу.
Манастан калган аманат
Бары жогу камдалуу.
Сөөлөтү артык бир далай.
Байкуш жетим барбайып,
Атасы Манаска окшоп дардайып [С.К. Семетей:1987,297].

Манас өлбөптүр. Манастын сырткы келбетине эле татыбай ички дүйнөсү, көздөгөн максаты, кара кылды как жарган адилеттүүлүгү, адамдык бийик руханий адеби, айкөлдүгү, гумандуулугу кошо көрүнүп, угуп жаткан угармандын да, окуп жаткан окурмандын да келечекке болгон үмүтүнүн оту жанды.

Семетей кайра кайтып келгенде Темиркан окшош алты ак боз бээни, тогуз кара буканы садага чаптырат. Семетей атасы Манастын жердеген жери өз киндик каны тамган Таласка көчүп кетерин айтат. Таятасы анын айткандарын туура көрүп, жөнөтүүгө камынат. Темиркан Семетейге колукту камдап, энчиге мал бөлүп берип, кызыл куйрук сексен нар, алтын күмүштөн атандарга артып жиберет. Темиркандын мындай мамилеси Семетейдин адамкерчилик бийик сапатты кабыл алууга жана үйрөнүүгө үндөйт.

Таласка барып конгондо, Букардан келген сексен нардан дүйнө мүлкүн түшүрүп, Семетей мурдагы ордуна ордо тигет. Ага элдин баары келип, күткөн адамынын келгенине сүйүнүчтүн ыйы менен тосуп алышат.

Атасы Манасча, энеси Каныкейче улуттун стратегиясын ойлогон Семетей келгени менен Манастын кан ордосу кайрадан калыбына келип, Манастын туусу кайрадан желбирейт.

Семетей Чынкожо менен учурашуу максатында Бакай менен Күлчорону жиберет. Чынкожо кандайдыр бир себептер менен өз элинен бөлүнүп кеткен болот. Аны Семетей кайра өзүнө кошуп алуу максаты бар эле. Бирок бул максаты ишке ашпай Чынкожо көнбөй коет. Күлчоро Чынкожонун туура эмес мамилесинен кийин атынын кулагын ногойдун энин салып кетет.

“Чынкожо-жедигер уруусунун каны. Тууганчылыктан кетип, Семетейден бийлик талашып, чыныгы феодал баскынчы катары аракеттенет. Толтойду опузалап баш ийдирип, өзүнө кошулууга аргасыз кылат. Ата-теги эпостун “Манас” бөлүмүнөн бери айтылып келип, “Семетейде канаттуу кара

аты бар коркунучтуу жоо болуп чыгат. Чынкожонун Семетейге каршы чыгуусуна эки себеп: Тегибиз бир, мен мындан кем эмесмин дейт. Мунун түбү куру намыс экенин алар билгиси келбейт. Мунун түбү бийлик үчүн болгон күрөш менен шартташкан. Чынкожо ала көөдөн, оозун көптүрүп чарпып сүйлөгөн опурулма адам".[Манас энц. II том: 1995,342]

Чынкожо Семетейден өч алуу үчүн анын кудалашкан колуктусу Айчүрөктү Толтойго алып бермекчи болот. Алар Акундун шаарына барышат. Айчүрөк аларды алдап Аккуу кебин кийип, учуп чыгып, жер кыдырып Семетейди издеп кетет.

Семетей тынч жаткан элге өзү катылбайт. Чынкожонун таарынычын угуп, чечилүүчү маселе болсо аны жеринен кароого аракет кылат, элчи жибергени да ошол себептен. Бирок Чынкожо Семетейдин кичипейилдик менен кылган мамилесине текеберчилик менен жооп берет.

Айчүрөк Семетейдин кудалашкан кызы. Айчүрөк менен Семетей буйруктуу акыры кошула турган жубайлар экендигине карбастан бирин-бири азап чегип издеп, ар кандай тоскоолдуктарды басып өтүшөт. Бул эпоско таандык салттуу баатырдык үйлөнүү сюжетиндеги буйруктуу колуктуларды кайдан да кандай да болбосун издеп таап алуунун көөнө ыкмасы сакталган. Анын сыйкырчылык касиеттери эпосто ачык-айкын көрүнөт. Башка баатырдык эпостордо баатыр үйлөнүү үчүн кыз издеп чыгат. Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүүсү тескерисинче Айчүрөк өзү жер кезип издеп чыгат. "Аялдын минтип өзүн күчсүз сезиши патриархалдык коомдун идеологиясына мүнөздүү, анткени, ал коомдо башкы күч, башкы бийлик эркектер тарабында болуп, үй-бүлөнүн, уруунун сакталышы жана бекемделиши кыздарга караганда эркектерге көбүрөөк көз каранды.

"Кыздын алгач баатырга Айчүрөктөй кайрылышы якуттардын олонхолорунда, өзбектерде ("Алпамышта") да кездешет. Кызды күч менен болсо да алууга аракеттенгендер көбүнчө абасы баатырлар, сырткы

душмандар болушат. Ошондо кыз баатырга өзү кабар жиберет. Андай учурда баатыр негизинен эл коргоочусу катары аракеттенет. Ошондуктан “Семетейде” күйөө балдардын күч сынашкан мелдеши байыркы доордогудай никелешүү салт катары көрүнбөйт. Жөн гана элдик баатырдын эрдигин, баатырдык жөндөмүн идеялизациялоочу каражат катары тышкы баскынчыларга каршы басымдуу чагылдырылат. Бирок ушул эпизоддо аялдар башкы ролду ойногон энелик коомдун түшүнүктөрүнүн элестери да, түрдүү элдердин фольклорунда кеңири белгилүү болгон баатырдык үйлөнүү темасынын элементтери сакталган”[Жайнакова:1982,75].

Айчүрөк жер кезип издеп жүрүп акыры Семетейди көрүп…

Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Аташкан эри табылып,
Аң-таң калган ошо жер.
Артыкча тууган шер экен,
Жолборс жүрөк жоон моюн,
Жолу болгон Семетей
Бул кыргызга орногон
Темирден кызыл чеп экен.
Теңине албай зыңгырап,
Теңтуш кылбай жүргөнү
Көкжалдыгы эп экен,
Эмгиче издеп тийбеген
Кудай урган кеп экен! [С.К. Семетей:1989,7]. - деп Айчүрөк кубанып карап олтурат.

Нар бууданы бөлүнүп,
Колундагы Ак шумкар,
Ээрчиткени ак тайган,
Манастын уулу Семетей

Опол тоодой көрүнүп,
Көргөн жерде Чүрөктүн
Көңүлү кетти бөлүнүп:
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнө келсе Коңурбай
Сан колу менен жуткудай.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чындашып келсе сойгудай,
Багыштын уулу Толтойду
Кыргын кылып койгудай.
Учтум Бээжин, Бакбурчун,
Улугун көрдүм ал журттун,
Ошондон бери кыдырып,
Белгилүү мындай эр таппай,
Бендеден мындай шер таппай,
Аркама бүткөн кайран чач
Өргөнү жүргөн экенмин,
Аташкан сынап ала албай
Өлгөнү жүргөн экенмин! [С.К. Семетей:1989,8].

Айчүрөк максатына жетүү үчүн алгач Семетейдин Букардан Таятасы алып берген аялы Чачыкейге барат. Ал Айчүрөк койгон өтүнүчүнө көнбөй койгондо Семетейдин акшумкарын ала качып кетет. Семетей Ак шумкарын артынан издеп барып Айчүрөккө кезигет. Бул кабарды угуп, Чынкожо, Толтой Семетей менен согушууга камынат. Жол чалып жүргөн Толтой Күлчородон найза жеп, Чынкожо согушка кирет. Семетей Чынкожо менен Толтойду өлтүрүп олжого түшкөн Суркоенду Күлчорого берет. Буга Канчоро таарынып калат. Семетей Айчүрөккө үйлөнүп, Таласка келет.

Тынч жаткан элге кол салып Акункандын шаарына барган Чынкожо менен Толтойдун одоно ишин жоюп, элдин тынчтыгын, бейкуттугун камсыз

кылганы Семетей баатырдын эң асыл жана нарктуу сапаты-адилеттиги болуп эсептелет.

Эпостун дээрлик көп жеринде “бүгүн көргөн эртең жок, ушундай экен дүйнө шок ” деп айтылат. Бир элди басып олжолоп алуу максатын көздөгөн Чынкожо менен Толтой элдин тынчтыгын бузуу менен мансап, бийлик, байлыкка жетүү максатын Семетей баатыр туура көрбөйт. Манас баатыр мындай бийлик, дөөлөттөн жаа бою качкандай эле Семетей да мындай арамзаадалыкты жек көрөт. Ал эми Суркоенду өзүнө алып калбастан Күлчорого бергени анын мартыгы, берешендиги. Семетейде мындай аттар жок эмес. Өзүнүн андан артык да аттары бар “ашык дөөлөт баш жарат” дегендей анын баарын жыйнап ала бербестен достун да көңүлүн ала билген колу ачыктыгы. Ал эми Канчоронун таарынып калганы башка маселе. Эгерде олжого эки ат түшкөндо Семетей Канчорону да куру койбойт эле. Семетей эки досун бирин ала бирин була көрдү дегендик эмес. Учуру келсе Канчорону да ыраазы кылмак. Семетейдин кемчилиги элдин баардыгын өзүндөй ойлогон алабармандыгы. Анын кесепети акыры Канчоронун кас болуусуна алып келет.

Жоокерчилик заманда баатырлар жылкы тийип, же кандайдыр бир согушта жеңишке жетишсе олжого алган жылкылырды соогат кылып таратып беришчи. Семетейчи Ж.Кожековдун вариантында Семетей Кулчорорлор Коңурбайды жеңип кележатышып жолдон Аңги чалдын элине токтоп, ага алты жүз жылкы бөлүп беришет. Көкчөнүн элине келип эки миң жылкы соогатка деп бөлүп бергени айтылган.[Айталиева: 2012,95]

А.Сыдыков: “Колго курал алып аттанып чыгуу зарылчылыгынын типтүү себептери-кун кубалоо, мурдагы көргөн кордуктар үчүн өч алуу, касташкан уруулар тийип кеткен жылкыны, алып кеткен дүйнөнү кайтарып алуу”-дейт[Сыдыков:2011,19] “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдер аттуу эмгегинде. Жоокердик заманда баатырлар тынымсыз кыймылда, ат үстүнөн түшпөй ар түрдүү жортуулдарга чыгып өздөрүнүн күчүн,

жөндөмдүүлүгүн сынап турушкан. “Семетей” эпосундагы негизги идеялардын бири да Семетейдин атасынын кунун куу болгондуктан ал Коңурбайга атасы Манастын кунун куу максаты менен аттанат.

Манастын өчүн алуу Семетей Бакай, Күлчоро, Канчоро болуп чыгышат. Бул жүрүштү “Манастагы” “Чоң казаттын” уландысы катары карашат айрым окумуштуулар. Бирок “Чоң казатта” жүздөгөн кол, миңдеген жоокерлер атайын аскердик даярдыктан өтүшүп анан казат башталганы эпосто кеңири берилген. Ал эми “Семетейде” андай даярдык, колдун саны тууралуу орун берилбей эле жогоруда белгилегендей төрт адамдын чыккандыгы айтылат.

В.М. Жирмунский “...воинские сцены (в особенности в походе Семетея против Конурбая) имеют в ряде случаев не творческий, а подражательный характер, воспроизводя аналогичные ситуации и эпизоды старшей поэмы”- деп белгилейт[Жирмунский:1995,125].

“Манас” эпосунда- баатырдык, эр жүрөктүүлүк, кажыбас кайраттуулук, эртүүлүк сыяктуу этикалык-нравалык принциптер биригип, дагы бир этикалык түшүнүктөрдүн бир болгон намыс түшүнүгү менен жалгашат. Намыс-бул адамдын коомдо өзүн-өзү туура, адамкерчиликтүү алып жүрүү сезими, өзүнүн абийирин, арын, милдетин сезүү сапаты”[Жумалиев:1999,28]. Семетейдин намысы атасынын өчүн алуу керек деген бир вазийпасы жанын тынч койбойт. Ал эр жетип Таласка келген күндөн тартып бул максатты жүрөгүндо багып, аны ишке ашырууну күндөп-түндөп самайт. Бул иш аткарылбай калса элдин ытмымак, биримдик, жана эркиндик үчүн көрүлгөн камкордугу бир тең. Өч алуу ишке ашпаса эли аны сыйлабайт, Манастын арбагы ыраазы болбойт деп сезет. Бул анын мүнөзүндөгү ар намыстуулук сапатынын бийиктиги.

Манас баатыр да элин жерин тебелеткендерден өч алууну ойлочу. Бөтөн элге тебелетип-тепсеткенче өлгөн артык деп эсептечү. Анын

натыйжасы Алтайдагы өз элин мурдагы жердеген жери Ала-Тоого көчүрүп келиши эмеспи.

Алар алгач Коңурбайдын укмуштуудай кароолчу түлкү, өрдөк, кулжасын өлтүрөт. Семетей Коңурбайдын жылкычысы Карагулга алданып жарадар болот. Бул тууралуу М.Мамыров изилдөөсүндө мындай деп берет:- "Элдик баатырларда аңкоолук, байкабастык, энөө мүнөз боло бере турган касиет катары эл "Баатыр аңкоо, эр көөдөк болот" деп образдуу түрдө айтышат". Баатыр аңкоолугунан касына алдырып, кордук көрүп жатса да эл ага анчалык маани бербейт, этибар албайт" [Мамыров:1962,56]. Семетей аңкоолугунан Карагулга алданып калат. Карагул Коңурбайга кабар берип, алар Талас суусун буруп салып согуш ачышат. Семетейге Коңурбайдын огу жаңылып, аны Айчүрөк аттап түшүрөт.

Семетей айыккандан кийин Коңурбайдын артынан кууп барып согуш акыры Коңурбайдын өлүмү менен аяктайт.

С. Каралаевдин вариантындагы өтө көлөмдүү эпизоддордун бири Семетейдин атасы Манастын кунун Коңурбайдан куушу болуп эсептелет. Залкар манасчы С. Каралаев өзүнүн зор таланты менен салттуу окуяларды, анын ар бир мотивин майда-баратына чейин жогорку чеберчиликте көркөм баяндаган.

Манастын «Чоң казаттынын» жана Семетейдин Манастын кунун Коңурбайдан куушу эпостогу салттуу окуялардын көркөм, өтө кеңири сүрөттөлүшү, айтылган эпизоддор жалпы жолунан окшош болгону менен масштабы бирдей болушу мүмкүн эмес. Себеби «Семетейдин» чагылдырган доору такыр башка. Семетей эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук жагынан Манастан төмөн деп айтууга да болбойт. Ал учур кыргыз элинин өнүгүү мезгили эмес, тескерисинче уруулар жиктелүүгө, бөлүнүүгө учурашып майдалануунун мезгили эле. Манастагыдай башчысына өтө берилген чоролорунун аздыгы, демек Семетей өзүнө гана таянууга аргасыз болот.

Элдик эпостордо канга кан деп салгылашууда өлгөн баатырдын кунун анын эр жүрөк тукуму куугандык салты да сакталган. XI-XIII кылымдарда эле монголдордун коомчулугунда өлгөн адамдын кунун куугандык болгондугун Б.Я. Владимирцов «Монголдордун коомдук түзүлүшү» деген эмгегинде көрсөткөн. Канга кан деп өч алгандык тувалыктардын баатырдык жомокторунда да өз изин калтырган. «Мөтө Шааган Тоолай» жомогунда жоодон алган атасынын кунун баласы кууйт Тагы өлгөн адамдын кунун куугандыктын, бирөөнүн байлыгына көз арткандыктын, эпосто айтылышын эски канга кан деген түшүнүктүн саркындысы катары түшүнүү керек [Мамыров: 1963,37].

Семетей атасынын кунун куу тууралуу Бакай менен Каныкейге билдирет алар бир жылча токтоп туруп, куч курап, даярдык көрүп жана кун куу үчүн Умөтөйдү, Буямбекти да ал дегенине көнбөйт анын себеби дагы бирөөлөрдүн зарлап көз жаш төгүүсүн каалабайт.

Энеке бул кебиңди ким уксун,

Бир карангы түн уксун.

Калкты кыйнап кол жыйнап,

Бирөөнү ыйлатып, бирөөнү зордоп

Не муратка жетейин. [СК.Семетей:1987,135]-дегенинен көрүүгө болот. Ошентип ал Бакай менен Каныкейдин айтканына көнөй кун куу үчүн аттанган. "Семетей" эпосу Семетейдин атасынын өчүн алышы үчүн кыргыз эпопеясынын экинчи бөлүгү, жана ар бир өзүнчө чыгарма катары популярдуу" –деп Ч.Ч. Валиханов эсептейт [Валиханов:1985,40]. Семетей акырындык менен өз милдеттерин аткарып жатат.

Семетейдин Коңурбайдан кун кууп өч алганын уккан Көкчөнүн уулу Үмөтөй, атамды Семетейдин атасы Манас кытайга зордоп алып барып өлтүргөн, мен ошонун өчүн алам деп күүлөнөт. Үмөтөйдүн энеси Акеркеч,

башка акылдуу адамдар бул оюн туура эмес көрүп, экөөңөр бир болгула, анда силерге сырткы жоо батынып келе албайт деген тилин албайт.

Казактын Сары-Аркасын жердеген Көкчө илгээри калмактар менен жайыт талашып кетип Манасты жардамга чакырган.

Достук-жалпы адамзаттык гуманисттик башталмалардын негизгилеринин бири экендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул феномен адамдардын маданий-руханий дүйнөсүнүн аныктоочу баалуу адеп-ахлактык принциптердин андан аркы өнүгүшүнө көмөк берет[Жумагулов:2008,34]

Эпосто жеке эле Манастын, анын таламдаштарынын достукка ширелишкен жан дүйнөсү гана эмес, кыргыздар канатташ жашаган боордош элдер менен кандайча ынтымакка, достукка жашагандары төмөндөгү эпизоддо таасын чагылдырылат. Калмак менен казактардын ортосунда жайыт талашып чатак чыгып, Көкчө Манастан жардам сурап кабар жиберет, Манас Көкчөгө барайын, достугун билдирип, көңүлүн алайын деп, камданып жөнөгөнү жатканда анын кабарын угуп, Калмактар чырын токтотуп, талашкан жерин казактарга берип, эки эл жарашып калышат.[СО.Манас:1979,301]. Бул жерде кыргыз казак элинин мурдатан эле канатташ калк бир тууган эл экендигин айтууга болот. Бул достукту сактоо иретинде Семетей бөлөсү Үмөтөйдүн акылсыз чечимин кабыл албай алдын ала Күлчорону жиберет. Кол курап келген Үмөтөйгө Күлчоро, Семетей бир нече жолу элдешели деп сунуш кылышса болбой урушуп каза болот. Семетейдин консенсуска баруусу анын образындагы элим жерим деген бийик сүйүүсү, өз элине тууганадарына каршы турбаган адамкерчилиги. Семетейдин жоого минээр аты Тайбуурулду Үмөтөйдүн кунуна берүүсү анын айкөлдүгү. Акеркеч Тайбуурулдун кулагына коргошун эритип куюп, орго салып, кор кылат. Акэркечтин ич күйдүүлүгү, анын баласын жоготуусу эне үчүн оор кайгыдан улам жасалган кадам. Акеркечтин кеңеши менен

Кыязга кат жиберилет. Каттан Семетейдин атсыз калганын билген Кыяз Толтойдун өчүн алууга камынат.

Эпикалык чыгармаларда баатырдардын аттары да поэтизацияланат. Манастын Аккуласы өзгөчө тулпар. Манастын эрдиги Аккулага да байланыштуу. Эпостогу каармандардын идеалдаштырууда эпикалык тулпарларга байланыштуу мифтик фантастикалык элементтердин көрүнүштөрү баатырлардын тулпарларынын образдарынан орун алган. Семетейдин Тайбуурулу да күлүк тулпар. Ал кыйналыш учурда өзгөчө чыдамдуулукту, күлүктүктү көрсөтө билген жаныбар, айбан да болсо акылынын тунуктугу эпостордо көп жолу далилденген. Алсак Манас жарадар болгондо Тайбуурулга жүктөп келишет, Манас өлгөндө Ажыбай өзүнүн атына ишенбей Тайбуурулду сурап чабаганга барган. Тайбуурул Манастан Семетейге өтүп, Семетейдин бүткүл өмүрүндө кызмат кылат. Канчоро өз максатына жетүү үчүн Тайбуурулду Үмөтөйдүн кунуна бердирет. Семетейдин кеңешчилери Бакай менен Каныкейдин кеңеши менен Үмөтөйгө каршы чыкпоосун сuranып бирок, Тайбуурулдан айрылуусун каалашпайт. Семетей Атасындай айкөлдүгү менен жоого минчү атына Үмөтөйдү жүктөп, берип жиберет. Семетейдин образындагы кең пейилдүүлүк ушул окуядан далилденип турат.

Кыяз кол курап Таласка келип жашынып жаткан күнү Канчоро Семетейди Манастын күмбөзүнө тайынып келебиз деп камсыз алып чыгат. Каныкей менен Айчүрөктүн барба деп каршы болгонуна карабай келген Семетей Кыяздын колунун курчоосуна калат. Суркоенду минген Семетей Кыязды качырат. Башында жоонун аты Суркоен баспай кыйыктанат. Семетей анын башын кесип, ак каңкыны жазданып, Аколпокту жамынып жатып алганда Кыяз батына албай жатып артынан найза сайып качат. Жаралуу Семетейди Айчүрөктүн сиңдиси перинин кызы Көкмончок жерге туман түшүрүп сыйкырлап алып кетет.

Семетейдин кайып болушу менен «Семетей» эпосунун финалы болуп калбастан, башка варианттарда баяндалгандай эле Күлчоронун көргөн кордугу, Сарыкандын эрдик көрсөтүп  Канчородон жаздым болушу, элдин зар муңу менен Канчоронун хандык мансапты алып, бийлик башына келип, элге көрсөткөн үстөмдүк баскынчылыгы кеңири сүрөттөлгөн.

## Экинчи бапка корутунду

Жыйынтыктап айтканда Семетейдин патриот баатыр болуп эр жетилиши үчүн биринчиден анын алган тарбиясынын мааниси зор. Элдик баатырды мертинтип албоо үчүн энеси Каныкейдин көргөн камкордугу негизги орунда турат. Манастын мураскору катары атасы жасап жетишпей калган иштерди жасоого, өз элин душмандардан коргоого, эл башын бирдиктүү ынтымакта кармоосу үчүн энеси Каныкей уулу Семетейди төркүнү Букарга кыйынчылык, азаптарга карабай алып качат. Иниси Ысмайылга берип, эркин тарбиялоонун камын көрөт. Мураскор бөтөн жерде тарбияланат, бирок келечектеги баатырлардай эркин тарбия көрүп, анын баатырдыгы эпостун акырына чейин даңазаланат.    Каныкей Манас бөлүмүндө ханыша катары  Манас баатырга жан жолдошу, акылгөй насаатчысы катары кызмат өтөсө Семетей бөлүмүндө кыргыз элинин башчысынын амандыгы, акылдуулугу, эл мүдөөсүн аткаруучу катары тарбияланып өсүшү үчүн кам көрүүсү, Каныкейдин образында да бийик патриоттуулук бар экендигин көрүүгө болот. Чыгармадагы айрым каармандардын, алсак Бакай баш болгон адилеттүү эл адамы, жана мекенине, элине жана баатыр агасы Семетейге кылган кызматынан Күлчоронун да патриоттулугу айгинеленет.

Кыргызда “эр тайын тартат” деген улуу макал бар. Семетей таятасынын колунда тарбияланган. Анын баатыр болуусуна таятасынын жана таякесинин тарбиясы өтө зор салым  кошо алды.  Биринчиси Манастын тукуму, кийинкиси тайларын тарткан эрдиги менен анын баатырдыгын

Манастан ашса ашат, кем калбаган жогорулугу  деп баалоого болот. Ошондой эле Семетей  энеси Каныкейдин акыл насаатынын негизинде, Манас баатырдын карачечекей уулу катары башкача айтканда мураскору катары адилетүү, ак пейил, адамкерчиликтүү, кечиримдүү жалпы жонунан гумандуу, эл сүйгөн баатыр экендиги аныкталды.

## 3-Бап: Семетей баатырдын образынын руханий-адептик жана патриоттук маңызы жана анын көркөмдүк, образдык жактан ачылышы

### 3.1. Семетей баатырдын образынын руханий-адептик жана патриоттук маани-маңызы

Нечендеген кылымдардан бери атын өчүрбөй келе жаткан кыргыз элинин улуу мурасы-бул анын эпикалык чыгармалары. Кыргыз эли эң байыркы элдерден экендиги тарых тастыктаган. Эл ошол күндөн ушул күнгө чейин түркүн доорлорду басып өтүп, оозеки чыгармачылыктан не бир сонун түрлөрүн жана бийик үлгүлөрүн жаратып келди.

Ошол оозеки чыгармачылыкта элдин эч бир тануудга мүмкүн болбогон баатырдык эпостору алдынкы орунда турат.

Баатырдык эпостордо эли-жерин коргоо үчүн көрсөткөн баатырдык иш аракеттери менен мазмунун курулушу. Табияттын мыйзамындай эле чыгармада негизги маселе күрөш жана жеңиш. Эпостордогу чагылдырылган доорго карабастан андагы жалпы элдин ой-мүдөөсү жеке баатырдын кызыкчылыгынан да жогору идеалдуу сүрөттөлөт.

«Манас» үчилтиги өзүнүн океандай көлөмү гана эмес, мазмунун бай жана анын энциклопедиялык мүнөздөгү болушу менен да даңазаланат. Байыркы кыргыз элинин кылымга тете убактысын камтыган чыгармада жүздөгөн каармандардын образдарынан түзүлгөн элдин турмушунун ары татаал, ары кызыктуу турмушу, андагы негизги идеянын бүгүнкү күндөгү жашоо-турмушубузга пайдасы тууралуу, чыгарманы жаратуудагы поэтикалык тили, көркөм сөз байлыгы жана башка чыгармалардан көркөмдүк өзгөчөлүгү менен айырмаланып туруусунан көрүнөт.

С. Байгазиев:- «Адам кандай болуш керек суроого улуу эпосубуз Манас атанын образы аркылуу жооп берип тургансыйт. «Манас» инсанды эң жогорку адеп - ахлах, чен өлчөмдөрү менен таразалайт. Манас ата, биринчи иретте, боорукер, гуманист ар дайым энкейген карыларга, эмгектеген балдарга, ак элечек аялдарга, жетим жесирлерге өзгөчө аяр мамиле жасайт.

Урушка кирер алдында  жоокерлерге: «Жамандык кылба, жан кыйба, жесир калган баарысы, жетим уул, тул катынга, айтканым алсаң эсиңе, жетилсин сенин урматың» -деп айтып, талоончулукка  жана зордукчулукка  жол бербөөнүн  зарылдыгын эскертет» [Байгазиев:2000,31]-дейт.

Манас-баарыдан мурда жоокер. Баатырдык белгилер анын бардык башка идеалдуу касиеттеринин ичинде басымдуулук кылат. Бул образдагы башкы нерсе-эл башчысынын баатырдык сапаттары, калгандары ушул башкы сапатты толугураак, элден айырмалап сүрөттөөгө багындырылган. Биз Манасты түрдүү кырдаалдарда: жекеме-жекеде, массалык салгылышууларда, кошуунда кайрылып өз айтып турган жеринде, атырылып урушка кирип бараткан учурларда көрөбүз.

Дүйнөлүк эпикалык баатырлардын образдарында негизинен элинин кызыкчылыктары үчүн күрөшүү, адилеттүүлүк, тайманбастык жана туруктуулук сыяктуу жалпы белгилер мүнөздүү. Эпикалык баатырлардын портреттери да традиция боюнча көбүнесе туруктуу формалардагы поэтикалык гиперболизация аркылуу сүрөттөлөт. Манастын образында  орун алган андай белги  Семетейге да таандык экендигин байкоого  көп кыйынчылык туудурбайт. «Манас» трилогиясынын генеалогиялык принцибинин талабы боюнча атасы жеңе албай кеткен коркунучтуу душманды жеңүүдө, сөзсүз атасынан ашкан баатырдын өсүшү зарыл [Жайнакова:1982,141].

Семетейдеги бул касиеттерди «Турмуштан али тажрыйбасы жок, уясынан жаңыдан чабыттап учкан балапанга окшогон, балтыр эти толо элек Семетейдин бардык тилеги-кандай болсо да өз элине кошулуу, элинин муңуна муңдаш, тилегине тилектеш болуу, элди караан кылып, бирге жүрүү. Бул Семетейдин образынын негизги сыпаттарын айырмалоочу  белгилердин бири.

“Семетей - «Семетей» эпосунун баш каарманы, Манастын баласы. Ысым моңголчо «сенге» («чэнггэ», «ценгэ», «ценг») — «кубаныч», «шаттык» дегенден же Орхон-Эне-Сай жазууларында кезиккен, ошол доордогу Борбор жана Орто Азиядагы аскердик жогорку башкаруучуну, аскер башчысын туюнткан сөздөн кыргыз тилине ылайыкташтырылган деген пикирлер бар. Ысымдын аягындагы «-тей» бөлүгү түрк-моңгол элдеринин антропонимдеринде кеңири кездешип, адамды эркелетүүнү туюнтат! [Манас энциклопедия, II том: 1995,208].

Семетей Манастын тукуму. Семетей үчүн майда барат  талаш - тартыштар, чыр чатактар маселе эмес.  Ал өзүн маанисиз, ар түрдүү төмөн деген ой-пикирлерден оолак кармайт. Анын эң бир бийик сапаттарынын бири мындай пастыктан жогору  турган  элдин тагдыры жөнүндө терең ойлогону, намыскөй баатырдыгы. Ал элине ишенет жана алардын колдоосун күтөт.  Ал атасы Манастай эле гумандуу. Чыгармадагы анын гумандуулук катары жасаган иштери четтен табылат.  Ал эч качан бирөөгө өзү катылбайт.

“Гумандуулук (Гуманизм)-адам инсан катары баалуу, ал эркиндикке, бакыт таалайга акылуу, теңдик адилеттик, адамкерчилик адамдар ортосундагы кадыр эсе мамиле болууга тийиш деп эсептеген өзгөрүп туруучу тарыхый көз караштар системасы”[Манас энциклопедия.,I том:1995,173].

Адамдарды  сыйлоо, адамкерчилик, бакыт жана эркиндик жөнүндөгү көз караштары, ой-тилектери түрдүү элдердин эң байыртан берки оозеки көркөм чыгармаларында, ар кандай  философиялык, адеп-ахлактык мүнөздөгү  диний концепцияларында чагылдырылып келген. Кыргыз элинин дүйнөгө белгилүү эпосу “Манаста” да бул  маселе негизги темалардын бири. Адамзаты жаралгандан баштап кыргыз элинин да  башынан өткөргөн көп кырдуу тарыхынын жана келечекке үмүт менен жашоосу чыгармада кеңири берилген.

Бул оюбузду белгилүү манастаануучу М.Мамыров:- “Адамкерчилик эпосто адептүүлүктүн туу чокусу катары бааланат, ал адам атын көкөлөтүп,

затын жаркыратып, жашоонун улуу жолун ачат. Эпосто ар бир адам улуубу кичүүбү, аялбы-эркекпи өзүн туура алып жүргөндүгү, анын адептүүлүгүнүн бирден бир экендиги таасын чагылдырылат. Нарк- насилди толук камтып чагылдырган элдик эпосто улууну урматтап сыйлоо, кичүүлөргө ызаат кылуу, ата-бабаларыбыздан каада салтты, ал салттын нарктуу жолун бузбай, ыйык тутуу кийинки муундардын алдындагы парзы”-деп бекемдейт [Мамыров:1963,27].

“Манас” үчилтигинде келечекте жаштарды тарбиялоо үчүн Ата-Мекенди сүйүүгө, ички жана тышкы душмандардан коргоого, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоого үйрөтүүдөгү зор идеялар камтылган. Жалпылап айтсак жогоруда белгилеген гумандуулук маселеси эпосто өтө кеңири орунда турат.

Заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматов: “Манас” эпосу- бийик гуманизмге сугарылган эпос. Мындай деп айтыш бир караганда парадоксалдуу угулушу мүмкүн. Анткени, эпос баштан-аяк согуштук жүрүштөргө, чабуулдарга, кандуу кыргынга негизделген. Мындайынча жөнөкөйлөштүрүп айтсак, Манастын бүт өмүрү согушта, чабуулда өтөт. Ал өзүнүн эң акыркы жүрүшүндө акылман аялы Каныкейдин каршы болгонуна карабастан жөнөйт. Ушул жолку кыргында Манас катуу жарадар болуп кырк чоросунан бүт айрылат. “Манас” эпосу ушундай финалына карабастан, бийик гуманизм идеясын, адамды сүйүү, адамды баалоо коом турмушунун эң бийик ыймандык нормасы экендигин бекемдеген дүйнөлүк гениалдуу эпостун катарына кирет”-деп туура белгилеген [Айтматов:1979,10]. Эпос жаралгандан ушул күнгө чейин андагы гумандуулук маселесин жаш муундарга адептүү тарбия берүү, адамкерчиликке, айкөлдүк жана кечиримдүүлүккө үйрөтүү үчүн колдонууга казса түгөнгүс кенч болуп эсептелет.

Үчилтиктеги негизги каармандардын образдары аркылуу алардын гумандуулугу көрүнөт. “Манас” эпосунун башкы каарманы Манас

баатырдын төрөлгөнүнөн баштап, өмүрдөн өткөнүнө чейин, анын ойлогон ою, жасаган иштери келечек муундарга идеалдуу үлгү, өрнөк.

Манастын кереметүү бойго бүтүүсү, энеси Чыйырдынын жолборстун жүрөгүнө талгак болуусу, төрөлгөн баланын он беш жаштагы баланын салмагындай оордугу, эки-үч карын май менен бир оозанганы, келечекте өз Мекенин сүйгөн, эли-жерин, ата-тегин коргогон, бет келген душманга каршы турган, эгер айыгышкан согуш ачса, кашык каны калганча күрөшкөн баатырдын элесин ырастайт.

Элдин түшүнүгүндө туура, анын артынан эрчүүгө татыктуу деп эсептеген баатырдын идеалы мына ушул образда толук жүзөгө ашырылган. Ушул образда эң жогорку баатырдык сапаттар синтездештирилип, бул сапаттарды Манас өзүнүн бүткүл эрдик иштеринде көрсөтөт.

“Семетей” эпосунун башкы каарманы Семетей да атасы Манастай - бийик гумандуулукту алып жүргөн каарман.

Манаска карата колдонулган *айкөл* деген эпитет эле анын жогорку адамкерчилигин, кең пейилдигин айгинелеп турат. Айкөл-Манастын жеке өзүнө гана колдонулган эпитет болуп эсептелет.

«Семетей» эпосунда адам баласы үчүн эң улуу, эң кымбат, эң ыйык нерсе-адамкерчилик. Башка каармандарга салыштырмалуу адамкерчилик сапат - Семетейде өтө күчтүү. Себеби, баатыр – адам баласындагы адамкерчиликтин эң сонун үлгүлөрүн, эң жакшы сапаттарын алып жүргөн, ага татыктуу улуу каарман. Элибиз ай жана көл деген татаал сөздөн турган «айкөл» деген эпиттетти Манастын гана керт башына ыйгарышып, жарыктыгын айга, терендигин көлгө салыштыруу менен андан жакшы нерселерди көргөн. Семетейде да атасындай айкөлдүгүн төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот.

«Теңиз туулган Семетей Жакыпты душманым деп эсептебейт, анын тескерисинче, аны коргоп, чеп, ата кылып алууна ойлойт. Семетейдин

трагедиясы ушундай өтө ишенчээктикте, камырабастыкта турат. Ошонун натыйжасында ушундай эле чыккынчылыкты Семетей туугандары Абыке, Көбөштөрдөн да көрөт. Семетей аларга, башка иш түшсө арга болот деп ишенген, бирок ал ишенич сюжеттин өсүшүндө ишке ашпайт. Семетей эли жер үчүн, бардык кордуктарды көтөрө да, жеңе да билген баатыр. Ошондуктан ал Бакайдын эскертүүсүнө карабастан, Абыке, Көбөш, Кыргылчалдардын бардык келекелөөсүн көтөрөт, аларды ынтымакка үндөйт. Поэмада Абыке, Көбөш Кыргылчалдар Семетейдин карама-каршысында, өз көмөчүнө күл тарткан эгоист, жакшылыкка жамандык менен жооп берген митаим, куу, ичи заар мансапкорлор. Алар зордук аркылуу жетишкен бийликтен, данктан ажырабоо үчүн Манастан өч алуу үчүн кашык каны калганча күрөшөт»-деп белгилүү окумуштуу Б.Керимжанова 1959-жылы чыккан «Семетей» эпосунун бириктирилген вариантындагы баш сөзүндө жазган [Керимжанова: 1959,6].

Баатырды эл сүйгөндүктөн аны көтөрүмдүү жана кечиримдүүгүн анын айкөлдүгү катары билишкен. Эли-жерин сүйгөндүгүн, эркиндиктин жана тынчтыктын сакталышын коргогон баатырдыгына, чачылганды кураган уюштургучтугуна, эр жүрөктүүлүгүнө айкөл деген ат ыйгарылган. Семетей - душмандардан запкы тартып, ар тарапка тарап кеткен элди бир уруудай бириктирүүгө аракет жасап, бийлик үчүн эч нерседен артка кайтпаган мансапкорлорду жок кылып, элинин жыргалдуу жашоосу үчүн бүт өмүрүн арнаган атасы Манастай акылдуу эл башчысы. Чыгармада адамкерчилик сапат гумандуулуктун туу чокусундай көкөлөтө бааланат. Ар бир адам өзүнүн жүрүш-турушунун түздүгү, актыгы, адал кызматы, ыймандуулукту кармап жүрүүсү менен башкаларга өрнөк боло алат. Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо кылымдардан кылымдарга тарбия маселесиндеги эң бир таасын идеология катары каралып келген. Андыктан бул ылакап учурдагы жаштарга да өз маанисин жоготпой пайдалуу болуусу абзел.

“Эпостун бийик гуманизми, ыймандык сабагы андагы таасын тартылган Аялдын сонун образынан эле сезилет. Ал гана эмес бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен эле мамиле этсек, эпостогу аял анчейин ишмер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал-өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан, ошону менен бирге ал жоокердин тең тайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу”- деп окумуштуу А.Акматалиев («Манас»-океан-эпос. Түзгөн Акматалиев А. Б., 1994. 18б) белгилесе [Акматалиев:1994,18] Манас энциклопедиясында баатырдын жары Каныкей сулуулугу келишкен, ишмер, колунан көөрү төгүлгөн уз, баласын аман чоңойтуп, атасынын ордун бастырган мээрбан эне гана эмес, баатырга билбегенди билгизип, акылына акыл кошуп турган даанышман кеңешчиси, керек жерде жоо киймин кийип жоону бирге сайышкан жанга шерик баатыр жолдошу да. Эпос жаралган замандан бери келаткан аял затынын акылын, ишмердүүлүгүн, эркектерге тете эрдигин даңазалоону, аял затына, энеге деген урмат сыйды да эпостон көрөбүз [Манас энциклопедия: IIтом 1995, 371].

Белгилүү окумуштуу С.Байгазиев “Манастын ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты” аттуу эмгегинде-“Эненин кыргыздагы эң жогорку руханий статусун “Манас” эпосу да ырастайт. Эне- Манас баатыр үчүн да ыйык. Таласта ажонун тагында отурган Манас өзүнүн Алмамбет баатыр менен болгон достук шертин энеси Чыйырдынын ак сүтү менен бекемдейт. Достугубуз бузулгус, айрылгыс, түбөлүктүү болсун деп, ант кылышып, биринчи болуп Манас, андан кийин Алмамбет Чыйырды эненин эмчегин эмишет. Мунун өзү достуктун шертин бузсак, эненин ак сүтү урсун деген сөз. Демек, Манас үчүн чындыгында эле энеден ашкан ыйык нерсе жок”[Байгазиев:2012,6]- деп белгилейт.

Мына ушундай гумандуулук иштерди Манас баатырдын мураскор уулу Семетейдин образынан да көрүүгө болот. Семетейдин Манаска салыштырмалуу кереметтүү бойго бүтүү, жолборстун жүрөгүнө талгак болуу

сыяктуу окуялар кездешпесе да ал келечекте эбегейсиз зор баатырдын уулу экендиги жогоруда белгилегендей эле идеалдуу.

Күлчоро менен Канчорону достукту бекемдөө жана келечекте аталарынын өчүн бирге алуу, эл-жерди коргоо, ынтымакты камсыз кылуу сыяктуу идеяларды бирге жүргүзүү максатында Каныкейдин эмчегин эмгизет. Бул мотив жогоруда мисал алган Манастын Алмамбет менен Чыйырдынын эмчегин эмген мотивге окшош.

Семетейдин таятасы Темиркан билгенге Манастын ашы, билбегенге Семетейдин тою деп той өткөрүп жатканда балбан күрөшкө чыгып Төө балбанды жеңип алуусу болочок баатырдын биринчи эрдиги. Ошондой эле энеси Каныкей Тайторуну төлгөгө чабуусу жана анын биринчи болуп чыгып келүүсү окурман жана угарман үчүн кыргыз элинин коргоочусу, башкаруучусу эң башкысы намыстуу жана гумандуу баатырынан кабар бергени.

Манастын атасы Жакып трилогиянын биринчи бөлүмүндө өз жерин бошотуу, элдин башын бириктирүү үчүн күрөшкөн уулун колдоп, душманга каршы күрөштө урууларды, элдерди биригүүгө чакырат. А “Семетейде” кескин өзгөрөт: Мында ал Манастын элесинин жана ишинин каардуу душманы катары чыгат. Ал жаман ойлуу, арамза, куу адам катары сүрөттөлөт. Ушундай терс ойлуу болгонуна карабастан Семетей Букардан келгенде Жакыпка өз атасыныкына баргандай сезим менен барат. Жакып небересин анын жыйнаган байлык мүлкүн чачат деген арам ойдо жүрөт. Семетей Таласка келгенде Жакыпты кадимки чоң атасындай, Абыке, Көбөштү да атасы Манастай көрүп, бир тууган агаларындай тосуп алуусун самаган. Манастан калган жоо кийимин, курал-жарагын алганда Абыке, Көбөштүн каршылыгын, Жакыптын уу берип тосуп алганын ал эч кектебейт. Ал гана эмес өзү ымыркай кезинде энеси Каныкейге, өзүнө карата жасаган кордуктарын да этибарга албайт. Семетей кыргыз урууларын ынтымакка келтирип, агасы Көбөшү кан көтөрсөм деген оюнда:

Манастын уулу эр чиркин:
Абыке менен Көбөштү
Тири кармап алайын,
Кең Таласка кондуруп,
Калаа кылып алайын.
Эртели кеч үч убак,

Баана кылып алайын [С.К.Семетей:1987,325]- деп алардын арамзаадалыгы, ич күйдүлүгүнөн энеси кордук көргөнүн, өзү тентип калгынын кек сактабай кечире билген айкөлдүгү десек болот.

«Манаста» кыргыз уруулары бир эл экендигин алгач аңдап, өз ара баш кошууга умтулуусун чагылдырганга салыштырмалуу, "Семетейде" коомдук өнүгүштүн алда канча кийинки этабында феодалдык бытырандылыктын тушунда пайда болгонун көрүү кыйын эмес. Конкреттүү айтканда эпостун биринчи бөлүмүндө башкы каарман Манастын жүргүзгөн иш аракеттери талоонго кабылып, ар тарапка айдалып, сүрүлүп кеткен бир элди чогултуу максатын көздөп, ал тилекке акылмандыгы, күчтүүлүгү эң негизгиси гумандуулугу менен жетишкенин анын уулу мураскор Семетей улантып, ич ара жиктешүүнү, көрө албастыкты жоюу же жеңүү максатында иш жүргүзөт.

Семетейдин агалары Абыке, Көбөштүн каршылыгы аз келгенсип Манастын кырк чоросу да ага нааразы болушат. Аларды өзүнө кошуп алуу максатын тигилер туура эмес көрүп качып жөнөшөт. Семетей айкөлдүккө салып мындай каршылыкты да кечирет жана өз эли жеринде калуусун суранат. Бирок алар мындай шартка көнбөй коюшат. Бул жерде Семетейдин атасынын чоролоруна адамкерчиликтүү кылган мамилесин бийик гумандуулук деп эсептесек болот.

"Манас элине кайрылып, душманга каршы аттанууга сурануусу, анын патриоттуулугу, эли жери үчүн кам көрүүсү. Чыгармадагы бул өңдүү көркөмдөтүлгөн окуялар Манастын өз мүмкүнчүлүгүн, каалоосун,

жөндөмүн туура баалоону ишке ашыруусун жана элди биримдикке чакырып, калктын бүтүндүгүн сактоого умтулуусун көрсөтөт. Эпикалык каарман Манас үчүн жер элдин байлыгы, көз каранды эместик, мамлекеттин негизги фундаменти”[Кудабаева:2006,35].

Адам баласынын жашоосунда айрым бир нерселерден баш тартууга болот, бирок эркиндиктен баш тартууга эч болбойт. Элдин эркиндиги Манас баатыр үчүн эң бийик максат болгондой эле анын мураскор уулу Семетей үчүн да эң баалуу. Ынтымагы кетип, ыркы бузулган эл мындай эркиндиктен тез эле кол жууп калуусу толук мүмкүн эле.

Ошондуктан Семетей кыргыз урууларын ыркы кетип турганын көрүп, аларды ынтымакка чакырууну көздөйт. Бирок ал аракети ишке ашпай “Чынкожо менен Толтойдун чатагы” башталат. Алардын чатагы баягы эле бийлик талашуу маселесине келип такалат. Семетей бийлик үчүн эмес, ынтымакты, биримдикти сактоочу каарман. Дагы бир маселе катары казактын каны Көкчөнүн уулу Үмөтөйдүн атасынын кунун кууп келүү тууралуу сюжет кезигет. Жогоруда белгилегендей кун куунун максаты даана, так болушу керек. Үмөтөйдүн Семетейге келип кун куу максаты акылсыздык, чалкоолук болуп эсептелет. Ал бул маселени көтөргөндө уулунун туура эмес чечимине каршы болуп токтотууга аракет кылат.

Акеркеч:

Алтымыш кызыл нар айдап,
Алың жетер мал айдап,

Уялашым бөлөм деп,
Мен бөлөмдү быйыл көрөм деп,
Калыстан тандап эл алып,
Кун доолабай бөлөм деп,
Курчалып барсаң Семетей
Күтүп алчу шер ошол,

Күлкүсү күндү чыгарып,
Күрдөөлдүү табар эр ошол,
Кун доолабай достошсоң
Сенин күлкүңдү аччу шер ошол [С.К. Семетей:1989,264]- дегенине көнбөй кун кууп барат. Күлчоро алгач жолугуп Үмөтөйдүн талабын айтып келгенде Бакай да Каныкей да сураганын бергиле деген пикирин айтышат.

Достук темасы “Манастагыдай” эле “Семетейде” да орчундуу орунда турат. “Достук-жалпы адамзаттык гуманисттик башталмалардын негизгилеринин бири экендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш. Достук идеясынын мазмуну ыраатуу кыргыз элинин көчмөндүү турмуштук өзгөчөлүгүнүн контекстинде чагылдырылган. Достукка негизделген адамдардын гумандуу алака-катыштарды баарыдан мурда өз ара адеп-ахлактык достор чыгармадагы каармандык же достордун изги, кыйышпас мамилелеринен жана жардамдарынан көрүнөт. Мисалы, Манас менен Алмамбеттин достук мамилелеринен достуктун эң сонун үлгүлөрү берилген[Кудабаева:2006,47]. Семетей баатыр да Күлчоро, Канчоро менен достошууну антташуу менен кабыл алышкан. Бул адамдар арасындагы достук, ал улуттар арасында да достук болушуна алып келет. Семетей Үмөтөйгө достугубузду сактап калалы деп, Күлчорону жиберет. Эки бир тууган элдин касташуусу зарыл эместигин белгилейт. Үмөтөй мындай сунушка көнбөй мерт болот.

Казактын каны Көкчөнүн уулу Үмөтөйдүн атасынын кунун кууп келүү тууралуу сюжетте жогоруда белгилегендей кун куунун максаты даана, так болушу керек. Үмөтөйдүн Семетейге келип кун куу максаты акылсыздык, чалкоолук болуп эсептелет. Ал бул маселени көтөргөндө энеси Акеркеч уулунун туура эмес чечимине каршы болуп токтотууга аракет кылганын

жогоруда белгиледик. Бирок ал Семетей сыяктуу достукту жогору баалаган жок.

“Семетейде да Манастыкынан калышпаган зор касиет, эпикалык сүр бар. Ачуусу келгенде Манаска окшоп «бетинен беш бейпактык жүн чыгып, жолборстой чамынып, каарына кара жер калыңынан араң туруштук берип көтөрүп  тургандай» түргө келет. Алдын ала даярдалган  каарман отко күйбөс, сууга чөкпөс өңдүү өзгөчө сапаттарга ээ. Семетей көпчүлүк учурда «Түгөнгөн сайын түтөгөн Түгөнгүрдүн тукуму, Өлгөн сайын өөрчүгөн Өрттөнгүрдүн өз уулу»-деп мүнөздөлөт. Анын кереметтүү касиеттери атасынан калган Аколпокту, туулганы кийип, магиялык курал жарактарга ээ болгондугуна  байланыштырып, баатырлардын өлбөстүгү жөнүндөгү мотивди өз дооруна ылайыкташтыргандыгы байкалат. «Манас» бөлүмүндөгүдөй эле «Семетейде» да баатыр жоо-жарагын алып, Тайбуурулга мингенде ок өтпөс, кылыч кеспес касиетке ээ болот”. (http://ky.wikipedia.org/w/index.php?title=Манас_(дастан)&oldid=151026").

Манастын өзүнө таандык, чечкиндүүлү, жоокерчилик, демилгелүүлүк, намыскөйлүк жана башка андагы каармандык, эрк сапатарынын калыптанышына өбөлгө түзөт.

“Манас” эпосунун терең көз караштык маңызында жогоруда айтылган атуулдук касиеттердин башка да, достук  идеясынын мазмуну ыраатуу кыргыз элинин көчмөндүү турмуштук өзгөчөлүктөрүнүн контекстинде чагылдырылган.

Достукка негизделген адамдардын гумандуу алака- катыштары баарыдан мурда  өз ара адеп-ахлахтык канаатануну алып келет.  Адеп-ахлактык достор чыгармадагы каармандык же достордун изги, кыйышпас мамилелеринен достуктун эң сонун үлгүлөрү берилген. Бул көтөрүнкү маанай марттыкты, адам табиятынын боорукерлигин, кең пейилдикти, чексиз берилгендикти, белгилүү деңгээлдеги руханий шайкештикти шарттайт.

Достук сезимди мүнөздөөчү бардык адеп-ахлактык сапаттарды эл ошол эле учурда эрдикке тете кылып көрсөтөт”[Кудабаева:2006,47]. Бул терең жана мазмундуу айтылган пикирден Манастын достукка болгон мамилесинин бийиктигин көрүүгө болот. Мындай достукка аяр мамиле жасоо Семетей баатырда кездешет. Алсак ошол Манастын достору Алмамбеттин жана Чубактын уулдары Күлчоро менен Канчорого карата жасаган мамилелери айтууга болот.

Ал эми Бакайдын кыйланы көргөн олуялыгынан Коңурбайдын келгенин билип Күлчоро менен Канчорого айткан кебинде мындай дейт:

Өткөрө балдар кебимди ук.
Өлүмдөн кайра тартпагын,
Ажалдан бирөөң кайтпагын.
Найза кармап топ бузгун,
Дагдыр жетсе окко учкун.
Түгөнгөн Калча манжуга
Түз кирип найза сунуп бер,
Кадырлуу Манас арбагы
Кыр-кырынан колдосо,
Кытайга кыргын кылып бер.
Бура тартып жалтанбай
Туу түбүнө туруп бер,
Ачуусу жаман Калчанын
Бир айласын кылып бер! [С.К.Семетей:1989,215]. келген душманга каршы турууга үндөп турган жери.

Ал эми Күлчоро менен Коңурбай согушуп, кылкарасын тартып алып, ар убакта Толтойдун Суркоенун мага бербейт деп таарынып жүргөн Канчорого тартуу кылууну ойлойт.

Манас баатыр жеңилбес, телегейи тегиз, баардык бийлик өз колумда деп мактанбаган да касиети бар. Алсак ал “Көкөйдүн ашында” балбан

күрөшкө кыргыздардан эч ким чыкпай койгондо Манас ак сакал Кошой абасына кайрылат. Анда ат үстүндө гана эрдиктерди жасап, жөө күрөшкө жок элем деп, өзүндөгү ишенбеген күчүн ачык айтат. Көкүрөк койгулап, колунан кебеген ишти аткарууга эч убакта белсенбей, башка баатырлардын жөндөмдүүлүгүн да эске алып, аларды өзүнүн шердигине салып көмүскөдө калтырбайт. Алардын да эрдиктерин эл алдында ийгилик алып келүүсү менен даңазалай билгени анын чыныгы баатырдык сапаты. Ал эми Семетей баатыр андай артка чегинүүнү билбеген анык шер баатыр, анын бул шердигин алгач Талас суусунан андан соң Үргөнч суусунан эч жалтанбай кечип өткөнүн кийинки параграфта мисалдар менен түшүндүрүүгө аракет кылалы.

## 3.2. Семетей баатырдын образын ачууда колдонулган көркөм каражаттар

Чыгармада баатырдын образын жаратуу үчүн айтуучунун ролу зор. Эл сүйгөн баатырды идеалдуу көрсөтүү үчүн ар түрдүү көркөм каражаттар колдонуу менен анын образын ачып берет. Эпостун көркөмдүүлүгүн эң жогорку деңгээлде айткан манасчы Саякбай Каралаев экендигин баалап барктаган окумуштуулар аз эмес. Бул тууралуу залкар жазуучубуз Ч.Айтматов: “ Каралаев манас айтып жатканда андан көзүңдү тартып алалбай, кирпигинин ирмелишинен тартып, көрөңгөнүн көөр таштай чанда бир кезиге турган шыбагасы касиет даарыган бул адамдын авазына кулак төшөп, муюп отуруп, анын жасат-жаны эпикалык уюткунун боюнан, бешене бейнесинен сезилип, эбаккы өткөн доордун кырааны жылып, калдайып алдыңа тура калгансып кетет. Ошондогу ойрондуу окуялар, ошондогу кайгы муң, ошондогу айкөл акыл, сар-санаа, жамандык менен жакшылык баары чогулуп келип, ушул кишиге уютулуп калгансыйт”. Албетте бул манасчынын өнөрүнө карата айтылган таамай сөз болсо дагы андан жүрөк опкоолжуутуп аткан дараметинен кантип көркөмдүк көрүнбөсүн. Ал сүрөттөгөн, шөкөттөп курган сөз гүлдөрү менен уккан адамдардын көзүнөн жаш чыгарууга жетикирип айткан манасынын көркөм дүйнөсүнө сөз жетпейт. Демек биз изилдеген Саякбай Каралаевдин “Семетей” эпосунун көлөмү гана чоң болбостон анын көркөмдүгүн баалуулугуна да чек жок.

Айнек Жайнакова: С.Каралаев Семетейди Манастын өчүн ала турган уулу, ишин улантуучу законддуу мурасчысы катары таанытууда анын атасынан калышпаган алптыгына, ашкан эрдигине байланыштуу ар кандай өзгөрүүлөргө өзгөчө басым жасайт[Жайнакова:1982,147].

Улуу Манас эпопеясы өзүнүн улуу идеялары менен гана эмес, көркөмдүк жактан ажайып коздугу менен да өзгөчөлөнөт. Эпостун көркөмдүк касиети жөнүндө нечендеген таасын сөздөр, терең ой-пикирлер айтылган. Ошондой терең ойлордун бири Ч.Айтматовго таандык. Залкар

жазуучу мындай деп жазган: «Манас» эпосу сөз өнөрүнүн эң бийик, эң таза үлгүлөрүнө жатарын айтпай кое албайм. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, кол жазмадан окуганда бир учурга тамшанып, таң калбай коюуга болбойт. Ал мындай. Эпосто баатырлар, чоролор, дөөлөр сүрөттөлөт, алар минген тулпарлар, алардын ар биринин курал-жарактары, жоокер кийими сүрөттөлөт. Эпосто ошондой эле ар түрдүү аялдар сүрөттөлөт. Алардын иштеген иши, даярдаган буюмдары, сайган саймаларынан тартып, сырткы кебете-кешпирине чейин сүрөттөлөт. Эпосто толуп жаткан согуштук эпизоддор, баатырлардын жекеме-жеке беттешүүлөрү сүрөтөлөт. Жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарынан тартып, адамдын ички кайгы кубанычына чейин сүрөттөлөт. Мына ушунун баарын манасчыдан угуп отуруп, же жазылып алынган кол жазмадан окуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң» [Айтматов:1978,11]. Улуу жазуучу «Манастын» көркөмдүк сулуулугуна жана образдык кереметине мына ушундайча суктанып баа берген. Чындыгында эле “Манас” үчилтигинин кайсы гана жерин окуба, андан ар дайым манасчынын талантынын күчүн сезип турасың. Мисалы төмөнкү эле саптарды окуп көрөлү:

«Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,

Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай, күндүн
Жаркынынан бүткөндөй...» [С.О.Манас:1979,13].

Бул саптар кандай поэтикалуу, кандай образдуу, кандай кылдат курулган.

Кулака кереметүү угулган, сөз гүлдөрүнөн турган бул кайталангыс поэтикалык саптар Манас баатырдын айкөлдүгүн, ички жан дүйнөсүнүн аруулугун жана руханий сулуулугун ташка тамга баскандай окурманга даана жеткизип отурат. Албете, мындай керемет поэзия бир гана манасчынын табылгасы эместир. Бул поэзия көптөгөн манасчылардын коллективдүү талантынан жаралгандыгы чындык. Буга байланыштуу Манас изилдөөчү Самар Мусаевдин төмөнкү оюн эске түшүрүү ылайыктуу: «Сагынбайдын вариантындагы далай көркөм саптар, таамай сүрөттөөлөр, таасирдүү элестер ага чейинки толгон эл таланттарынын, эң көп манасчылардын орток ийгилиги, жалпы табылга экендиги шексиз. Сагынбайдын эмгеги ошол артык табылгаларды терең өздөштүрүп, өз вариантында орду менен туура пайдалана билгендигинде» [Мусаев:1978,19].

Үчилтиктин «Манас» бөлүгүнө тиешелүү ушундай жогорку даражадагы көркөмдүк касиет «Семетей» эпосуна да таандык. «Семетей» эпосу өзүнүн терең патриоттук мазмуну менен гана эмес, образдарынын эстетикалык кооздугу, окуялардын көркөм шөкөттөлүшү, поэтикалык сулуулугу менен да айырмаланат. Бул жагынын башкы каарман Семетей баатырдын образынын көркөм иштелиши эпос үчүн өзгөчө мүнөздүү десек жаңылышпайбыз. Мисалы, Букарда өсүп жаткан Семетейдин балалык чагынын сүрөттөлүшүн эле алып көрөлү:

Бир жашына келгенде,
Бирге ойногон балдарды
Беймаза кылып жадаткан.

Эки жашка келгенде

Эр мүнөздүү көрүнгөн.

Эки көздөн чачырап,

Учкундары көрүнгөн.

Үч жашына келгенде,

Жолборстой болгон көзүнөн

Жалындап нуру төгүлгөн.

Төрт  жашына келгенде

Теңтуш балдар жолобой,

«Кабыргам кыйрап калат»,-деп,

Жакындабай жанына.

Беш жашына келгенде,

Берендиги билинген,

Каруусуна ок-саадак

Кадимкидей илиптир,

Канаты бар бууданды

Жаш Семетей миниптир.

Алты жашка келгенде.

Ар мүнөзү байкалган.

«Атасынан ашат»,-деп,

Ар ким эле айта алган.

Жети жашка келгенде,

Желиккендей күүлөнгөн,

Жерге карап күнгүрөп,

Өзүнөн өзү сүйлөнгөн.

Мылтык атып, жаа тартып,

Жан тең келбей үйрөнгөн.

Сегиз жашка келгенде,

Шер өңдөнүп жулунду.

«Темирден кийим кийем »,-деп,
Чечип таштап буулунду,
Жазгы жүргөн үйөрдөй
Жан-жагына урулду.
Тогуз жашка келгенде,
Тоого колу сунулду.
Тоого чыккан токойдун
Түп тамыры жулунду.
«Тоодой болгон бул тентек,
Топту бузат эми »,-деп,
Толгон элге угулду.
Он жашына келгенде,
Оболоп учуп дегдеди.
Оюна түшкөн кыялын
Бир бендеге бербеди.
Обу жок чыккан тентектин
Сазайын берип колуна,
Окшото кыйнап тергеди,
Кабылан тууган чунакка
Каршы бир жан келбеди.
Он бир жашка келгенде,
Оттой жигит ээрчитти.
Оюндагы жумушун
Ого бетер өөрчүттү.
Он экиге келгенде,
Алоолоп турган өрт болду.
Ачуусуна тийгендер
Аябастан мерт болду.
Жер кыдырып суу бойлоп,

Ондогон жигит кошчу алып.
Бар жарагын тегиздеп,
Ит агытып, куш салып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жол күзөтүп-жоо кезеп,
Найзаны жерге мадатып,
Күүлдөгөн бектерин
Күчсүз кылып жадатып,
Тентектиги ашынды.
Тең келерге жан чыкпай,
Тегерентип ташынды [БВ.Семетей:1959,39]

Биз көз алдыдан өткөргөн бул баян болгону жетимиш үч гана сап. Бирок ушул бир барактык жетимиш үч сапка, байкап турсак, бүтүндөй бир адамдык тарых-таржымал батырылган. Семетей баланын он эки жылдык өмүрүн, бүтүндөй бир балалык доорун көрүп турабыз, балалык доорду гана эмес, Семетейдин өзүнүн мүнөзүн, кыял-жоругун, жүрүм-турумун, жашоо образын алаканга салгандай көз алдыга элестетип турабыз. Бул ыр саптарында Семетейдин образынын динамикасы берилген. Образ жандуу кыймылда турат. Манасчы Семетейдин он эки жашынын ар бир жашына мүнөздөмө түзгөн, жараткан. Бала бир жашында кандай эле, эки жашында кандай болду, үч жашында эмне кылды, акыры он эки жашында ким болду? Ушунун бардыгы өйдөкү мисалга алынган, чакан баянда гана таасири күч көркөм боёктор, көркөм шөкөтөөлөр менен кудум сүрөттөгүдөй даана тартылган. Манасчынын бирде Семетейди жолборско, жазгы жүргөн үйөргө, алоолоп турган өрткө салыштырып, баланын ашып-ташыган кайрат-күчүн, энергиясын образдуу элестетсе, бирде «Жалындап нуру төгүлгөн» көзүн тикелей сыпаттап, «Кабылан» деген эпитетти колдонуу менен баланын баатырдык мүнөзүн ого бетер ачык-айкын кылат. Семетейдин ченде жок көкжалдыгын, тентектигин, жалтанбастыгын кээде манасчы түздөн-түз

мүнөздөбөстөн, анын айлана тегерегинде болуп жаткан окуялар аркылуу (Мисалы теңтуш балдардын Семетейге жолобой коркуп качканы, элдин уу-дуу болгону) аркылуу элестетип берет. Же болбосо баланын жүрүм-турумун, кылган ишин сүрөттөө менен (Канаты бар бууданды мингени, мылтык атып, жаа тартканы, тоодогу токойду жулганы ж. б.) Семетейдин адаттан тыш жан экендигин көрсөтүп өтөт. Кыскасын айтканда мисалга алынган поэтикалык үзүндүдөн бала Семетейдин демейки чен-өлчөмдөргө сыйбаган бөтөнчө адамдык бейнеси ар түрлүү көркөм ыкмалар менен ташка тамга баскандай таасын тартылган. Бул албетте, Манасчынын зор чеберчилиги. Семетейдин балалык портрети тартылган бул поэтикалык баян эпостун көркөмдүк кереметтеринин бири деп эсептейбиз. Семетейдин тентек болуп өрт болуп, эч нерседен жалтанбаган баатыр болуп чыккандыгын Букарда көп адамдар көрө албайт. Күндөрдүн биринде ак селде кийген Эшен абышка таятасы Темирканга Семетейди жамандап, а түгүл ультиматим коюп, бизди же Семетейди танда дегенге чейин барат:

«Таксыр, Темир каныбыз.
Аман болсун жаныңыз!
Коломтодон шор чыкты,
Ушу Букар шаарынан
Семетей атуу зор чыкты.
Сага келдик каныбыз,
Мыктап кулак салыңыз!
Семетейдин айынан
Далай эшен кайгырды...
Башкалардан кем болдук.
Өзөндүн талын кыйып ал,
Өрттөнүп чыгып баратат,-
Өз элине кетпесе,
Жетиминди тыйып ал!

Бу жетимди тыйбасаң,
Капкалуу Букар элиңдин
Каалаганын кылбайбыз.
Эртели кеч эки убак
Эрмектей берсе жетимиң,
Букарында турбайбыз.
Быйыл он экиге келиптир.
Он бешке келсе, он кылбайт,
Баарыбызды соо кылбайт.
Буланы булап алат го,
Минтип жүрсө жетимиң.
Бузукту мыктап салат го?
Кыяптуу жини кармаса,
Эшен эмес элине
Кыргынды бала салат го?
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кыздарды,
Олжо кылып ушинтип,
Кыргызга айдап барат го? »[БВ.Семетей:1959,40]

Эшендин бул жамандаган сөздөрүнө Темиркан мындай деп жооп берет. «Темиркан анда кеп айтат, кеп айтканда деп айтат :

Ушу турган Семетей –
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым.
Найзага таккан желегим,
Асылдан калган белегим.
Азып келген Каныкей-
Өз сөөгүмдөн чыкканым.
Чурулдашпай кулак сал,

Ушул болсун укканың!
Өлгөндө көргөн Семетей,
Тилегиме келгеним,
Баламдан чыккан эрмегим.
Мааниси жок кеп айтып,
Баламды менден бөлгөнүң!
Кокустан тийген кол экен,
Канакей сенин өлгөнүң!
Ушул тентек Семетей,
Каала)са, жазар кумарым.
Он экиге келди эле,
Менин кара кашка тынарым.
Эл оозунда элек жок,
Дагы ушундай сөзүндү
Укпасын менин кулагым!
Кызыл болот кылычты
Билегине илгизбе! ».
Көкжал Манас Баатырды
Ата экен деп билгизбе!
Созулуп турган кара кыр
Жер экен деп билгизбе!
Береги кайгыланган Каныкей
Эне экенин билгизбе! [БВ.Семетей:1959,40]

Темиркандын бул жообу өзүнүн чын жүрөктөн чыккан сырчылдыгы менен айырмаланат. Мындан белгилүү даражада Темиркандын психологиясы да көрүнөт. Анын Эшендин Семетей баланы жаман көрүп, жектеп сүйлөгөн сөзүнө жана ультиматум  койгонуна  ачуусу келгени сезилип турат. Семетейге келгенде таятасынын толкундабай кое албастыгы да, өз сөөгүнөн чыккан кызынын баласын чексиз жакшы көрө тургандыгы да ачыкка чыгып

отурат. «Тулпардан калган туягым, асылдан калган белегим» дегенине караганда, Темиркандын маркум күйөө баласы Манасты да терең урматтаары сезилет. Семетейди эркелетип сүйлөгөнүнөн улам Темиркандын айкөл адам экендиги да даана байкалат. Жетим экенин билбей, бактылуу чоңойсун деп, эч бир тыюу салбай, кагып-силкпей, жайына коюп эркин өстүрүп, баардык жагынан камкордук көрүп, канатынын алдына калкалап тургандыгы таятанын ички дүйнөсүнүн асылдыгын жана акылынын кеңдигин тастыктайт. Акылынын кеңдиги дегенибиз, Темиркан небереси Семетейдин башынан эле өзгөчө бала экендигин баамдаган жана келечекте баатыр боло турган баланын эч нерседен кем болбой, жалтак, корунчаак болбой, тайманбас болуп өсүшүнө кам көрүүнүн зарылдыгын түшүнгөн. Ал баланын келечегине ишенген жана Семетейдин кыргыз элин да букар элин да коргой турган эр болоруна көзү жетет. Темиркан небересинин тентектиги анын акылынын жоктугунан, же болбосо, мүнөзүнүн тескерилиги эмес, тескерисинче, Семетейдин тубаса өрттүгүнөн, ичинде тынчтык бербей туйлаган, алоологон, кайнаган энергиясынан улам болуп жаткандыгын кеменгерлик менен тюунуп турат. Ошондуктан ал баланын тентектигин жакшылыкка жоруп, небересин алпештеп, мээримин төгүп, “желегим”, “эрмегим”, “белегим” деп эркелетип турат. Белгилүү мөөнөт келгенче өлгөн атасын эсине салбай, капасыз, жайдары өстүрүүнүн камында.

Темиркандын жогорудагы Эшенге берген жообу, дагы бир жолу белгилейли, өзүнүн ак дилден чыккандыгы, чынчылдыгы менен окуган адамга ишенимди жаратып, көркөмдүк жактан өтө таасирдүүлүгү, психологиялуулугу жана ичине бай мазмунду камтып тургандыгы, образдуу касиети менен бөтөнчөлөнөт. Мисалга алынган саптардан Семетей тентек болсо да, өзүнүн көкжалдык жүрүм-туруму менен таятасына аброю бар экендиги айгинеленип турат.

Темиркан Семетейди Таласка узаттардын алдында Сарыканды чакырып мындай дейт:

Семетейди чакыргын,
Экөөн мында келгиле,
Каалаганың алгыла,
Бүгүн жолго салгыла.
Күндө, күндө келе бер,
Күзөгөнүң ала бер.
Анда санда келе бер,
Аңдаганың ала бер.
Аябайын мүлкүмдү,
Ачып кара күлкүңдү.
Көңүлдөнсөң мынакей

Айдап кеткин жылкымды[ШР.Семетей:2013,175].Жогоруда белгилеп өткөндөй таятасы Темиркандын марттык, берешен касиетин аныктап турганы.

Жогоруда Чынгыз Айтматовдун «Манас» жөнүндө,” Жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарынан тартып, адамдын ички кайгы-кубанычына чейин сүрөтөлөт” деп жазганынан эске түшүрөлү. Чынында эле, «Семетейде» табияттын түркүн көрүнүштөрү, айрыкча ашып-ташкан тоо дайралары өзгөчө көркөмдүк менен сүрөттөлөт. Бирок «Семетейде» дайраларды сүрөттөө, башкача айтканда, пейзажды чагылдыруу негизги каарман Семетей баатырдын образын ачууга кызмат кылат. Маселен, Семетей Букардан Таласка биринчи келгенде Талас дайрасы манасчы тарабынан төмөндөгүчө мүнөздөлөт жана Семетейдин дайраны кечкени момундай чагылдырылат:

Таластын суусу ташыптыр,
Таш башынан ашыптыр.
Түбүнөн ташы калдырап,
Үстүнөн көбүк жалбырап,
Аңтарылып, сөгүлүп,
Төө өркөчтөп төгүлүп,

Төмөн жагын карасаң,
Жаткан экен ченемсиз
Төрт дайрадай көрүнүп.
Аккан суудан кайтпаган,
Ажалдан кылчак тарпаган,
Атасын тарткан эр Семең
Актулпарын чуратып,
Жардын башын уратып,
Жайпаган сууга кирди эле,
Колдогону кырк чилтен
Колтугунан алыптыр.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок куйрук көкжалы
Жандай салып камынып,
Кошо колдоп алыптыр.
Он жагына караса,
Ай сарала ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Золугу тоонун теңиндей,
Кезиккенди жегидей,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок найза алган,
Жалаң кылыч байланган,
Чекири жок, кой көздүү,
Сепкили жок, ак жүздүү,
Алтын кемер курчанган,

Айдай бетин нур чалган,
Какандап өлгөн Алмамбет
Манастан калган жетимди
«Ой, бала, мындай тарткын! » -деп,
Жылоосунан алыптыр. [БВ.Семетей:1959,106]

Манасчынын сүрөттөөсү боюнча Талас суусунун көрүнүшү жүрөктү опколжуткандай өтө сүрдүү. Анын сүрдүүлүгүн «Түбүнөн ташы калдырап" деген таамай табылган көркөм сөз курулмасы ого бетер күчөтүп турат. Ал эми «Сөгүлүп», «Төө өркөчтөп» деген метафоралар дайранын албууттанган сүрүн андан да күчөтүп, көз алдыга элестетет. Дал ушинтип, таш башынан ашып, көбүк чачып, түбүнөн таш агызып, аңтарылып, атырылып агып жаткан Талас дайрасын Семетей эч токтолбостон атын чуратып тайманбай кечип кирет. Семетейдин Таластын дайрасына кириши анын өлөр-тирилерине карабаган нагыз көкжал экендигин, эч нерседен коркпогон чыныгы кашкөй баатыр экендигин күбөлөп берет. Эпосто Талас дайрасынын азоо, албуут көрүнүшү Семетейдин баатырдык, эр жүрөктүүлүк сапаттарын ачууга карата пайдаланылып жатат. Ал эми дайраны кечип баратканда Алмамбеттин арбагынын жана кара чаар кабыландын Семетейди жандап алышы эпостордо ар дайым кездешкен көнүмүш көрүнүш. Мындай сүрөттөө эпостун табиятына туура келет. Дегеле, «Семетей» эпосу турмуш реалдуулугу менен фантастиканын бири-бири менен эриш-аркак жанаша жашап, каармандын образын ачууга көмөктөшкөндүгү менен өзгөчөлөнөт. Эпостун бийик көркөмдүгү, манасчынын кылдат чеберчилиги, пейзаж менен каармандын образынын эриш-аркактыгы «Семетейде» Үргөнч дайрасына байланыштуу да ачык-айкын көрүнөт. Эпосто Үргөнч дайрасы төмөнкүчө көркөм сыппаталат:

Атагы үргөнч суу экен.
Үстү көбүк буу экен,
Аңтарылып төгүлүп,

Төмөн жагын карасa

Төрт дайрадай көрүнүп.

Төө өркөч болуп күркүрөп,

Төрөсүнгөн чоронун

Азат бою дүркүрөп.

Боз чалма болуп ылайлап,

Түбү менен үйдөй таш

Түгөл агып калдырап.

Күкүк болуп күүлөнүп,

Күпүлдөп агып чоң Үргөнч

Эчен түрдүү түрдөнүп.

Жер жарылып, жар кулап,

Суунун баары ылайлап[СК.Семетей:1989,45]- деп берилсе Саякбай Каралаедин шакирти Шаабай Азизовдо төмөнкүчө:

Ээй кудай, ажайып кызык тамаша ээй,

Ээй кудай, балактап аккан Үргөнүч,

Адам, буртулдап кирген караса,

Алтымыш суусу бир болуп,

Мунун аягы кирет кир болуп.

Ошондо алтымыш суусу кошулат,

Эми же, кан аккандай жошулат.

Ошондо жээктен баары го туурулат.

Жанагы жаш балаты карагай,

Эми же, табылга менен чекенде,

Адам эй, түбү го менен а суурулат.

Э кудай, камырдай болуп а жуурулат [ША. Семетей:2013,395]-

кудайга жалынып, жээгинен адам өткүсүз, аюу, түлкү кошо акканын, ботолорун боздотуп, нар акканын, кара чаар кабылан каймактап кетип бараткандын сүрөттөйт. Ал эми бириктирилген вариантта төмөнкүчө берилет:

Үстүндөгү көбүгү
От жаккандай жалбырттап,
Жаткан экен чоң Үргөнч
Өзүнөн өзү сүйлөнүп.
Күкүк болуп күүлөнүп
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Алда канча түрдөшүп,
Адам болуп сүйлөшүп,
Бай карагай, балаты
Тамыры менен суурулуп,
Жардын башы туурулуп,
Үйдөй болгон боз чалма
Камырдай болуп жуурулуп,
Күкүк болуп күүлөнүп
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Агымы катуу шар агып,
Ар жыгачтын баары агып,
Арча менен тал агып,
Аюу, жолборс баары агып,
Аңтарылып сал агып,
Ак көбүктөп кар агып,
Орто жерин карасаң,
Оргуган кара кан агып,
Бурулуп тийген жерлери
Бута атым жерге шар болуп,
Барып тийген жерлери

Үч найза бою жар болуп,
Кирген экен чоң Үргөнч
Кечерге пенде зар болуп,
Муну көргөн адамдын
Кең дүйнөсү тар болуп.
Мөңгүнүн баары бузулуп,
Мөңкүп сууга кошулуп,
Туйлап жаткан туура суу
Туш-тушунан кошулуп,
Бурулуп тийген жерине
Муз туруштук бергисиз,
Муну көргөн адамзат
Буусуна жакын келгисиз.
Толгонуп тийген жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Кечмек түгүл бул суунун
Тозуна жакын келгисиз [БВ.Семетей:1959,187].

Бул сүрөттү көргөндө Талас дайрасына караганда, Үргөнчтүн көрүнүшү үрөйдү учургандай десек жаңылышпайбыз. Дайраны мынчалык чебер сүрөттөө кыргыз көркөм сөз өнөрүндө да, дүйнөлүк фольклордо да, чанда кездешкен көрүнүш. Үргөнчтүн көрүнүшү башка манасчылардын сүрөттөөсүнөн бириктирилген вариантта өтө күчтүү сүрөтөлгөнүн байкоого кыйынчылык туудурбайт. Карагай- кайың, (үйдөй болгон чалма, тамыры менен жулунган арча, кар, муз, аюу, жолборс агызып аңтарылып, буркан-шаркан түшүп күпүлдөп жаткан Үргөнч дайрасы өзүнчө бир алаамат болуп көрүнөт. Окуган адамдын жүрөгү түшкүдөй. Манасчы Үргөнчтүн “алааматын” берүүдө түрдүү көркөм каражаттарды, мисалы метафораны (“оргуган кара кан агып”) салыштырууну (“камырдай болуп жуурулуп”, “от жаккандай жалбырттап”), метонимияны (“өзүнөн өзү сүйлөнүп”), деген

сыяктуу троптук ыкмаларды кең- кесири пайдаланган. Натыйжада Үргөнч дайрасынын укмуштуу картинасы пайда болгон. Манасчы үргөнчтү сүрөттөп гана тим болбостон, жапайы стихия менен адамды катар коюп, укмуштуу дайраны Семетейдин образын ачууга ыктуу пайдаланган десек болот:

Семетейдин Канчоронун каршылыгына жооп кылып турганы:

Агын суудан коркосуң,
Адамдан түмөн жоо чыкса,
Андан кантип коркпойсуң?!
Кирген суудан коркосуң,
Найзанын учу кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап,
Адамдан алтымыш миң жоо чыкса,
Андан кантип коркпойсуң?!
Кирген суудан коркупсуң,
Сени кудай урабы,
Жебирейил периште
Булар суудан кечет деп,
Беш колун салып барбайып,
Бычагын камдап дардайып,
Өйүздөн карап турабы?
Сен аккан суудан коркосуң,
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда жеңекең
Ак чомчу келди дебейби,
Аябай бизди жебейби!
Кербенчи келди дебейби,
Кейитип бизди жебейби!
Акыйнегин айтпайбы,

Эр азамат эр жигит

Уяттан кордук таппайбы! [СК.Семетей:1989,45]- деп

Канчоронун сууга кирбе, кокус агып жок болобуз деп корконун жогоруда намыс кайда, уятты ойлоп эч коркпостон, жалтанбастан качыра кирип, жогоруда үрөйдү учуруп аккан Үргөнч дайрасынын агымынан баатыр-шердиген улам өтүп кетет.

Ал эми бириктирилген вариантта төмөнкүчө берилет.

«Суу болгон кийим кургачу,
Суудан коркуп турбачы!
Аттап өтүп жүргөн суу
Айчүрөктөй ургаачы,
Жаш бала кечкен дайрадан
«Кечпеймин», деп качканың
Акылыңдан шашканың!
Муңдуу адам муңбайбы,
Дайрадан коркуп кечпесем,
Абаңды кудай урбайбы!
«Кайдан чыккан баатыр», деп,
Карабет шылдың кылбайбы!»
Деп ошентип Семетей
Канчорону камалап,
Он төрт атты сабалап,
Жардын башын уратып,
Сууга кирди чуратып [БВ.Семетей:1959,191]

Семетейдин Үргөнч дайрасынын өйдөкүдөй алааматынан тайсалдабастан, дайрадан корккон киши да баатырбы деп, ар намысты ойлоп, “ортосунан оргуган кара кан аккан” сууга тулпары менен чуратып кириши Семетейдин чынында эле жүрөгүндө жалы бар шер экендигин мүнөздөйт. Бул жерде манасчы Семетейди “баатыр”, “арстан “деген эпитеттер менен

мүнөздөп отурбай эле Үргөнчтүн жүрөктү түшүргөн кебетесин элестетүү жана аны баатырдын кылчактабай кечишин сүрөттөө менен эле каармандын ким экенин көрсөтүп таштады. “Толгонуп тийген жерине, Тоо туруштук бергисиз, кечмек түгүл бул суунун, тозуна жакын келгисиз” дайраны Семетейдин кечкенин тигил өйүздөн Айчүрөк кыздары менен карап туруп Үргөнчтү кечип чыккан Семетейди манасчы дагы мындайча сыпаттайт:

Көк жалың кетип баратат
Кончунан суусу шорголоп,
Кыз- келиндин баарысы
Чуркурашып ошондо
Чатырына корголоп,
Арстандай көзү кызарып,
Семетей баатыр баратат. [СК.Семетей:1989,45]- деп

берилсе бириктирилген вариантта төмөнкүчө берилет.

Суудан чыкты жарк этип,
Ителги куштай барк этип.
Эки ийиндин мүрүнө
Эки киши конгондой,
Эки бети жарк этип,
Күндөн пайда болгондой,
Маңдайына караса,
Аппак саноор тынардай,
Бүткөн боюн карасаң,
Күмүштөн соккон мунардай,
Кайраттанып караса,
Кара тоону жаргандай,
Кармашып келген ажалга
Кашкайып каршы баргандай,
Жер көтөргөн дөө болсо,

Жүрөгүн сууруп алгандай,

Ачуусу келсе ааламды

Алаканга салгандай [БВ.Семетей:1959,192].

Манасчы Семетейди Үргөнч дайрасы жок эле башка учурда ушинтип сүрөттөсө, балким бул артыкбаш көкөлөтүү, куру шаңдантуу же эпостук демейки риторика сыяктуу сезилиши мүмкүн эле. Ал эми Үргөчтүн өйдөкүдөй "алааматын" кечип - чыгып, иш жүзүндө өзүнүн эрдигин демонстрациялап көрсөткөндөн кийин, Семетейди ушундайча мүнөздөө логикалык жактан туура сезилип, баатырдын мындай мүнөздөлүүсүнө ишеним жаралып турат. Жогоруда Манастын "Айың менен күнүңдүн, бир өзүнөн бүткөндөй, асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй," деген сүрөттөө Манас таануу илиминде көркөмдүүлүктүн эң бийик чокусу катары бааланып келет. Үргөнчтү кечип чыккандан кийинки Семетейдин келбетинин сүрөттөлүшү Манастын жанагы чебер мүнөздөлүшүнө тете эле ажайып портрет десек ашыкча болбос деген ойдобуз. Семетейдин бул портрети эң бир кооз метафоралар, поэтикалуу салыштыруулар менен тартылган көркөмдүгү жогору бейнелердин бири. Үргөнч дайрасы аркылуу Семетейдин образы дагы бир жагынан жарк этип ачылган.

Көркөм каражаттардын ичинен эң жөнөкөй түрү салыштыруу. Салыштыруу ар бир жазуучу айлана чөйрөнү, окуяны предметти өзүнчө көрөт, өзүнчө сүрөттөйт. Салыштыруу стилистикалык да, поэтикалык да категория катары чыгарманын көркөмдүгүн арттырууга чоң роль ойнойт. Маселен: "Кумурскадай быжырап", "Ач жолборстой", "Балтыры бука белиндей," ж.б.

Салыштырууда образдын өзү сакталат да, ар дайым мүнөздүн көрүнүшү, келбети жана сапаты турмуштагы башка бир көрүнүш, кубулуш, предмет же өсүмдүк, жан-жаныбарларга окшоштурулуп салыштырылат.

Алар: “Арстан бала Семетей”, “Эр Семетей жолборсту”, “Айбаты катуу кабылан”.

Ушул ойду бекемдөөгө окумуштуу Жайнакованын: «Манас» эпосунда жалпыга белгилүү, негизги көркөм каражат-эпитет болуп ондогон баатырлардын ар биринин ысымы менен кошо айтылчу “айкөл”, “эр”, “шер”, “кабылан”, “арстан”, “көкжал”, “берен” деген сыяктуу эпитеттердин туруктуу түрлөр көп кездешет. Мындан тышкары каармандын ата-теги, курал жарагы же болбосо адамдык сапатына ылайык колдонулган эпитет сөздөр жолугат. Алар гиперболалык маанидеги эпитеттер менен сүрөттөөнү талап кылат”-деген пикирин колдонсок болот [Жайнакова:1982,170].

Салыштыруу метофорага абдан жакын турат. Метафорада бир образ экинчи бир образ менен салыштырылса, салыштырууда алгачкы образ сакталып калат, бирок окшоштугуна карап экинчиси менен жакындашат.

Атасы Манас төрөдөн
Арта турган көкжалдын
Кай кылыгын айталы.
Кайраты суук кабылан,
Караган пенде таң калган,
Катылган кайдан соо калган,
Билеги жоон таш жүрөк [С.К. Семетей:1989,323]-жырткыч айбанаттардын образдары менен байланышкан метафоралык сүрөттөөлөр. Бул типтеги метафоралык түшүнүктөр эпостун баатырдык духуна шайкеш келет.

Манастын уулу Семетей
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Катылганды жегидей,
Оң далысы кең экен,

Ойротту бузар шер экен [С.К. Семетей:1989,81]. Жапайы айбанаттарга байланыштуу метафоралардын ичинен арстан, жолборс, шер ж.б. өңдүүлөрү каармандын баатырдыгын, эр жүрөктүүлүгүн көрсөтөт.

Оң далысы кең экен,

Аман жүрсө жетимим,

Атасын тарткан шер болот [С.К. Семетей:1989,43]. Атасындай эр жүрөк, кайраттуу болорун сүрөттөйт.

Баатырлардын мүнөздөрүн анын кылган ишине жараша жаныбарларга карата салыштыруу айтуучунун жеке чеберчилиги менен өлчөнөт.

К.Талиева өзүнүн изилдөөсүндө «Семетейдин эпикалык портретинин маңызын чыгара сүрөттөдө поэтикалык метафоранын жардамы менен эпикалык образдын касиетин арттырууда жаныбарлдардын аттарын объект тутуу менен Сейдене жоого киришкендеги абалды сыпаттайт:

Качырганы жолборстой,

Кармаганы илбирстей,

Кыргыздардын тынары,

Орнотулуу чынары

Бала жолборс Семетей [Талиева:2000,106] (Молдокеева С. Семетей. инв 285.5-деп. 20-б )

Ж.Сарыковдун вариантында да мына ушул сыяктуу салттуу формула:

…Кайсаганы камандай,

Качырганы жолборстой

Оозунан жалын шыркырап,

Көзүнөн оту жаркырап, каалгадай кашка тиш

Таруудайдан быркырап. (Сарыков Ж Семетей. инв.673.23-бет)

Ал эми белгилүү манасчы С.Каралаевде:

Каалгадай кашка тиш,

Быркырата бек чайнап,

Арстандай көзү жайнап,

Оозунан жалын шыркырап,

Тиштенсе тиши быркырап [С.К Семетей:1989,109].

Ал эми Жусуп Мамайда:

Кең көкүрөк сом далы

Кармашып калган душмандын,

Кан болуп чыгаар далдалы.

Арааны аалам аймаган,

Ажыдаардай түрү бар.

Айды чапчып айкырган,

Арстандай сүрү бар [Ж.М. Семетей:1995,160]

Мурду кетти кырданып,

Өңү кетти сурданып.

Жабагынын кылындай

Жалы чыкты жакадан,

Жалын чыкты көзүнөн[ШР.Семетей:2013,212]

«Угуучунун көңүлүн токтотуп, баатырга кошумча көрк берип туруучу дагы бир поэтикалык формула-баатырдын колдоочуларынын сыпатталышы. Эпостогу бул мифтик персонаждардын баатырдык портреттке удаа келүүсү манасчылар тарабынан ар кандай эпикалык кырдаалда б.а. баатыр жоого аттанарда, бир жакка сапарга жөнөөрдө жекеме-жеке салгылашууларда айтылат

Сейденеде: Семетейдин артынан,

Жолборс кошо жүрчү эле

Кара чаар кабылан

Капталында жүрчү эле.

Чолок көк жал арстан,

Жандай басып жүрчү эле.

Жарым кестей ак жылаан,

Ийнинде турчу эле» (Семетей. Инв. 288. 4-деп. 9-бет)

Саякбайда: Колдогону бир тогуз,

Колдоп алды баланы

Кара чаар кабылан,

Капталында жүрчү эле,

Чолок көк жал арстан,

Бет алдында камынып,

Бир караса Семетей

Миң кишидей көрүнүп [С.К Семетей:1989,217]

Ал эми Жусуп Мамайда:

Маңдайынан карасаң,

Кара кашка тынардай.

Тулку бою келишкен,

Жайкалган жашыл чынардай.

Кенебеген баатырдын,

Кендиги кенен Таластай.

Келберсиген майланып,

Келбетин көрсөң Манастай.

Ысыгы жайдын айындай,

Ыдыгы кыштын каарындай.

Толкундаган чунактын,

Толкуну көлдүн шарындай.

Оң жагына бет алса,

Оңду бузуп алгыдай.

Сол жагына бет алса,

Солду кайсап салгыдай.

Кармаш келген душмандын,

Кайышып бели сынгыдай [Ж.М. Семетей:1995,248]

«Семетей» эпосунда да баатырдын эрдигин, сырттан кирген душманды женген өжөрдүгүн өтө жогорку көркөмдүктө көрсөтүлөт. Баатырларын

образын сүрөттөөдө манасчылар да семетейчилер да  көркөм сөз каражаттарын кенен колдонушат.

Метафоралардын колдонулушу боюнча «Семетей» эпосунан бир нече мисалдарды келтирсек:

Каптап келген калмакка
Калкымды кантип берейин,
Кара курттай журт менен
Кырылышып көрөйүн!
Баатырың чык, шериң чык,
Балбаның чык, эриң чык,
Кыйла улукман карыңар,
Кытайга элди бергенче
Кырылгыла баарыңар! [С.К. Семетей:1989,245] – кандай гана душман болбосун ага каршы турарын билдирүү менен  эң кыйының чык деп бийик духта чакырат.

Ажыбай келип Семетейге кабар бергенде

Абалкы жини козголду,
Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш
Качыратып ошондо
Бөлө бөлө чайнады [С.К.Семетей:1989,110] - баатыр Семетей бир нерсеге жини келген кезди сүрөттөлүп жатканын айтуу менен  көркөм троптордой эле метафора эпикалык баатырлардын эрдигин туюндуруу үчүн колдонулат. Бирок, өзүнүн абстрактуу  мүнөзүнө карабастан бөтөнчө көркөм образ жаратат.

Жакасы алтын жеңи жез
Кош бадана торгой көз,
Келеме бото кең күрмө,

Еришке кирсе ок өтпөс,

Көкжал султан Семетей

Тышынан баса кийди эми.

Көрсө көңүл бөлүнүп,

Жоо жарагын кийгенде

Жоо бөрүсү Семетей

Жолум үйдөй көрүнүп [С.К. Семетей:1989,110]

Деп ошентип Семетей,

Өкүрүк салып көз жайнап,

Эки көздөн от кайнап,

Каалгадай кашка тиш,

Калайыктан башка тиш,

Бачырата бек чайнап,

Өөдө ылдыйды карабай

Өлүмдөн жанды аябай,

Тегерегин карабай,

Теңизден жанын аябай,

Манастын уулу эр Семең,

Аты журтка билинген

Ааламга көкжал эр немең [С.К. Семетей:1989,213]-

Семетейдин тышкы келбетине карата сүрөттөп, бул көрүнүш Манаста да кайталанганын анын атасы Манастай эрдигин көрсөткөндүгү деп билсек болот.

Эпосто Семетейдин образын ачуу үчүн колдонулган дагы бир адабий-көркөм ыкма – бул диалог ыкмасы. Диалог бул негизинен драмалык жанрдын ыкмасы. Бирок бул ыкма адабияттын драмадан башка түрлөрүндө да колдонула берет. Ушул жагынан алганда «Семетей» эпосу каармандардын өз ара диалогуна абдан бай. Бир эле эпостун баш жагындагы Абыке менен Көбөштүн, Көбөш менен Кыргылчалдын, Кыргылчал менен Каныкейдин,

Каныкей менен Чыйырдынын, Бакай менен Каныкейдин ортосундагы чыңалган драмалуу диалогдорду эске түшүрөлү. Бирок кеп, эпосто диалогдордун бар болгондугунда гана эмес, ошол диалогдордун белгилүү бир көркөмдүк-эстетикалык ийкемдүү функцияны аткарып тургандыгында. Мисалы, үчүн бир мүнөздүү эпизодго кайрылалы. Үргөнч дайрасынын боюнда Семетей менен Айчүрөк биринчи жолу кездешип, экөөнүн ортосунда сүйлөшүү болуп өтөт. Ошол диалогдун жүрүшүндө экөөнүн ортосундагы абал курчуган учурлар да болот. Ошондой чыңалган диалогдун бир фрагментине көңүл буралы:

Семетей: Куурай терген кыз менен
Курдаш болуп нетейин,
Шумкарды берчи кетейин!
Тезек терген кыз менен,
Теңтуш болуп нетейин,
Шумкарды берчи кетейин!
Сендей эр албаган эскиге,
Туурук таман кескиге,
Эзиле берип нетейин,
Шумкарды берчи кетейин!
Атбороюн сындырган,
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Сыйынбаган жерин жок,
Кыдырбаган эриң жок,
Эр албаган эски күң
Туурук таман кески күң! [СК.Семетей:1989,]-деп Семетей жемелегенге чейин жетет.

Айчүрөк; - Ойрон төрөм, оңбой кал,
Ороюн эчак билгемин,

О дүйнө кеткен атаңдын
Арбагын сыйлап жүргөмүн!
Оолуккан кара кыргыздын
Орою сиздей жок деген.
Оолукма жини кармаса,
Чоросун сойгон шок деген.
Чогулган аргын кыргызда
Чогоолу сиздей жок деген,
…Нике кыйып алгансып,
Башыма жоолук салгансып,
Кызыгыма баткансып,
Коюнума жаткансып,
Күрсүлдөп жаман кеттиң го,

Сай сөөгүмө жеттиң го-деп анын одураңдап кеткенин бетине айтат, Семетейдин айткандары анын намысына тиет. Бул С. Каралаевдин айтуусу боюнча. Ал эми бириктирилген вариантта төмөнкүчө:

Семетей:

-Акундун кызы Айчүрөк,
Акшумкар берчи, кетемин!
Жолго казан асыпсың,
Жолоочу жолун тосупсуң,
Керүүгө казан асыпсың,
Кербенчи жолун тосупсуң!
Тишиң буудай болгончо,
Чачың куудай болгончо,
Кан атаңдын төрүндө
Картайганча күтүпсүң,
Акшумкар алар сен белең,

Тамаша кылчуң мен белем?! [БВ.Семетей:1959,193]

Айчүрөк:

– Кең Үргөнчтө жатканда,
Көп олжого батканда,
Алтын тактын үстүндө
Акун кан атам жатканда,
Калмактан алган олжону
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Ардак тууган атамдын
Касиетин көргөндө,
Сенин атаң шер Манас
Алтымыш эки нар алып,
Ак куржунга зер алып,
Алтымыш жорго айдатып,
Башына кебез байлатып
Бел куда болгон жери бар.
Кан Манас менен Акундун
«Куда» дешкен кеби бар.
Алдыңдагы Чүрөктүн
Алты жаны болсо да,
Карый турган эби бар…
Кан атаң Манас өлгөңдө,
Каныкей азап көргөңдө,
Темир кандын шаарына
Тентип кетип сен калдың,
Телмирип Чүрөк мен калдым.
Каймана сөздү чын кылып,
«Карысың», - деп сындырдың,
Кан атаңдын арбагын

Кай жерде, төрөм, тындырдың!
Карыганча келбеген
Кадырлуу төрөм сенденби?
Арбакты аттап өтө албай,
Кылчактап алыс кете албай,
«Жаш төрөм качан келет», - деп,
Карыганча күткөн менденби? [БВ.Семетей:1959,194]

Семетей:

− Ошондо Семең кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ашуусу бийик тоо аштык,
Айчүрөк жайын уккандан
Алтымыш күндөй жол бастык
Чырм этип уйку албадык,
Чер жаза чайга канбадык.
Куш уйкуну салбадык,
Азыраак уктап алалык.
Акун кандын шаарына
Аттанып анан баралык.
Менден кеткен иш болсо,
Кечиргин, Чүрөк, сөзүмдү,
Аныктап издеп таптым го,
Айнектей кара көзүңдү.
Сөз менен жыгып алдың го
Качандан берки өчүңдү!...» [БВ.Семетей:1959,194]

Бул диалогдон эмнени байкайбыз? Семетейдин «чачың куудай болгончо атаңдын төрүңдөсүң» деген ачуу сөзү Айчүрөктүн намысына тийди. Ортодогу мамиле татаалдануу жагына дароо ооп, абалдын курчушуна шарт түзүлдү. Айчүрөк Семетейге татыктуу жооп табууга үлгүрдү.

Айчүрөктүн жообу жүйөлүү да, негиздүү да, логикалуу да болду. Бул жооп Семетейдин намысына да тийди. Диалог дагы курчушу мүмкүн эле. Бирок Семетей акылдуу, кеменгер баатыр болуп чыкты. Ал Айчүрөктүн сөзүнө терикпестен, айтса айтпаса төгүнбү дегендей, колуктусунун жүйөлүү кебине жыгылып, күнөө өзүндө экенин туюнуп, курчуган абалды чукулунан өзгөртүп, кыздан кечирим сурады. Мына ушинтип, конфликт оң чечилди. Кыскасы, Семетей менен Айчүрөктүн ортосунда болуп өткөн бул диалогдун көркөмдүк функциясы эмнеде? Диалогдун көркөмдүк функциясы – анын Семетей менен Айчүрөктүн адамдык касиеттерин бизге ачып берип жаткандыгында. Диалогдун жүрүшүндө Айчүрөктүн аталардын, куда болуп шерттешкендигин, элдик салтты сыйлаган, терең ой жүгүрткөн, нарк билген, чукугандай сөз таба билген акылдуулугу айгине болду.

Экинчиден, Семетейдин баатырмын деп күчүнө чиренбегендиги, кези келгенде сөзгө жыгыла билген нарктуулугу, өз күнөөсүн, осолдугун мойнуна ала билип, кечирим сураганга жараган ийкемдүүлүгү, рухий маданияты ачыкка чыкты. Демек, бул диалогдо Семетейдин инсандык сапаты дагы бир жагынан ачылып көрүндү.

Мына ушинтип, эпостун бүтүндөй сюжетинин жүрүшүндө диалог Семетейдин образын ачуу боюнча маанилүү көркөмдүк-эстетикалык функцияны аткарат. Биз бул жерде бир гана мүнөздүү мисалга токтолуу менен чектелдик.

Семетейдин образын ачуу боюнча эпосто көп колдонулган дагы бир көркөм каражат жөнүндө кеп кылбай өтүү мүмкүн эмес. Бул – баатырдын образын ачууда манасчынын тикелей сөзүн эмес, башка бирөөнүн Семетей жөнүндөгү речин пайдалануу. Мындай ыкма, албетте көркөм сөз өнөрүндө колдонула жүргөн ыкма. Бирок бул ыкма «Семетей» эпосунда өзгөчө көркүнө чыгарыла колдонулгандыгын белгилеп коелу. Маселен, Семетейдин образын дагы да дааналантуу үчүн эпосто эпикалык душман Коңурбайдын речи пайдаланылат, башкача айтканда, Семетей Коңурбайдын көзү менен

каралып, мүнөздөлөт. «Эпосто эл журтунун намысы үчүн туулган баатыр, согуш мезгилинде кол башчы, найзага ыктуу, жоонун айласын тапкан айлакер, уруш тактикасын мыкты өздөштүргөн адис, тескерисинче кытмырлыгы, митаамдыгы, амалкөйлүгү, арамзаадалыгы, антташкан убадасына турбаган жүзү каралыгы башкалардан өзгөчөлөнгөн кыргыз элинин сөөк өчтүү душмандарынын бири-Конурбай» [Жумалиев:1999,60].

Каңгай тарапка чалгынга келген Семетейди биринчи көрүп Коңурбай өзүнчө ичинен мындай монолог айтат:

Кажыбас баатыр Коңурбай
Жолун тосуп Семеңдин,
Желбегей бейкут Семеңе
Жеткилең көзүн салыптыр,
Семетейди көргөндө,
Арман кылып өзүнчө,
Күңгүрөнүп алыптыр.
«Манастан калган жетимди
Томуктай бала деп жүрсөм,
Тоодой баатыр турбайбы.
Токсон миң адам келсе да,
Толгоп башын жулбайбы?
Атасы Манас баатырдан
Алты эсе мыкты көрүнөт,
Айбатынан ажалдын
Көлөкөсү көрүнөт.
Ушундай бала бербеген
Көкө теңир – буркандар
Мага эле сараң көрүнөт.
Айкөлдөй болгон Семетей
Менин уулум болсоңчу,

Айдап жүргөн көп жылкы,
Атаганат кор дүйнө,
Менин кунум болсоңчу!
Колумдан келсе чунакты
Тирүү кармап калсам ээ!
Элчилигин алсам ээ!
Берендерге тең кылып,
Манжуулардын элине
Бейкут кошуп салсам, ээ!
Ушундан тууган баланы
Унчукпай туруп Манжуга
Кан көтөрүп  алсам ээ!
Жалбагай ооз, жар кабак,
Адамда мындай болобу!
Баатырды баатыр дебестен,
Кемиткен адам оңобу!
Ааламга топон суу келсе,
Алсыраган көп элди
Көтөрүп алчуу кеме го?
Жазы маңдай, жалын көз,
Кара кылды как жарган,
Калыс болчу неме го?
Көбөрүп турган чунакка
Көңүл айтсам болбойт го!
Көрүнүп койсом көзүнө,
Көз ачканча сомдойт го!
Айткандан кайтпас неме экен,
Көнөктөй болгон башымы
Көөдөнүмдөн толгойт го!» [БВ. Семетей:1959,260]

Бул сөзүнөн Коңурбай өзү душман болсо да, кыргыз баатырына туура баа бере билген көсөм экендиги баамдалат. Манжууда эмне үчүн мындай баатыр жок деп ичи өрттөнүп да жатат, суктанып да жатат, кыялданып да жатат, Семетейдин ченде жок, алкакка сыйбаган арстандыгын, адамдык касиеттерин какбаш Коңурбай баамдап да жатат. Коңурбайдын Семетей жөнүндөгү мүнөздөмөсү эпостогу көркөмдүгү күчтүү эпизоддордун бири. Семетейдин душмандык көзү менен каралып сүрөттөлгөндүгү өзүнчө кызыктуу көрүнүш. Коңурбайдын речи Семетейдин образына жаңы боекторду сүртүп, каармандын баатырдык жана адамдык облигин дагы да ачык-айкын кылгандыгы менен баалуу. Семетейдин образын бөлөк бирөөлөрдүн речи аркылуу кыйыр түрдө ачуунун дагы бир мисалын көз алдыга тартуу ылайыктуу.

Семетей атасынын күмбөзүнүн жанында Кыяз менен Канчоронун чыккынчылыгына кабылып турган учурда Жедигер элинин акылман карылары баатыр жөнүндө төмөндөгүчө ой жүгүртүшөт:

Аркабыз эле Семетей,
Кагышты кантип салабыз.
Кара кытай, манжу жок,
Каран калган жетимдин
Кантип башын алабыз?
Атасы Манас эр көк жал
Олжого кыргыз кеткенде
Алтайга барып туулган.
Он экиге келгенде,
Душманга салган чуулган.
Кытайга кеткен кыргызды
Куткарып алган шер эле.
Азган-тозгон аз элге
Ата болгон неме эле.

Ал көк жалдын жалгызы

Уруш кылса табылгыс,

Болот чеге курч эле.

Бороондон тосуп алуучу

Болпойгон көк жал кут эле.

Ата, дүйнө кантели,

Арстандын тукуму

Добул келсе, жел тосчуу

Булуң токой чер эле.

Кыйлага коргон болуучу,

Баатырым бийик чеп эле [БВ.Семетей:1959,206]

Буга чейин Семетей эзелки жоо Коңурбайды жеңип, кыргыздын өзүнүн ичинен чыккан жоолордун жазасын берип, Манас атасынын ордосун кайра калыбына келтирип, ак калпак кыргыз калкынын коргоочусу катары көрүнүп, мамлекеттин эки тизгин, бир чылбырын колуна алып, өзүнүн Манастын чыныгы уулу экендигин далилдеп, айлана-тегерекке атагы дүңгүрөгөн болучу. Жедигердин акылдуулары Семетейди туура, калыс баалап отурушат. Алар Семетейди кыргыз элинин чеби, бороонду тосоор көк жалыбыз эле, калкыбыз үчүн өзүнчө кут эле деп мүнөздөшөт. Мына ушинтип, жедигер элинин акылдуу билермандарынын речинин жардамы менен Семетейдин образы дагы жаңы мүнөздөөлөр менен толукталып, каармандын бейнесинин масштабы андан ары кеңейип да, тереңдеп да, ар тараптуу да болуп чыга келди. Бөлөк бирөөлөрдүн речи аркылуу Семетейди мүнөздөө манасчынын өзүнүн баатырды тикелей сыпаттаганына караганда кыйла эле ишенимдүү да, табигыйраак да чыгып отурат. «Семетей» эпосундагы бул ыкманы профессионал жазуучулар да өздөрүнүн чыгармачылык практикасында пайдаланышса кыйла жемиштүү болор эле деген ойду айткыбыз келет. Эпос жазуучулар үчүн өзүнчө башат, көрөңгө,

таяна турган көркөм салт эмеспи. Мына ошентип, эпосто Семетейдин образы ар түрдүү көркөм ыкмалар менен ачылган.

Баатырлырдын эли - жери болгон Талас же, кыргыз жергесинин табиятынын, жаратылышынын көрүнүшү өз жерине жаңыдан келаткан Манас баатырдын да Семетей баатырдын да кимиси болбосун кымбат. Мындай керемет коосдук Манас элине алгач келатканда эле берилип, «Семетей» бөлүмүндө Семетей үчүн да кайталанса да максаттуу баяндоо катары берилет. Башка адамдын жомогу же баяндоосу аркылуу берилген ата-бабасынын туулуп өскөн жери, жаратылышы керемет сүрөттөлүүсү аны көксөп келеаткан баатырга бул сабак руханий азык катары кабылданат. Семетей да атасы Манас сыяктуу эле элим – жерим деген көксөөсү жана сүйүүсү түрткү берип эртерээк келүүнү самайт. Манас баатырдын эл үчүн көргөн камкордугу же биримдик, адилеттик үчүн болгон күрөшүн Семетей баатыр сөзсүз улантат. Демек ал атасынын да ашкан баатыр. Бул туурасында Семетей бөлүмүндө бир нече жолу, анын атасы Манастай эр экендиги айтылат:

Арстан төрө Семетей
Арстандай толгонду,
Манастын уулу көкжалдын
Абалкы жини козголду [С.К. Семетей:1989,110]

Семетейдин Коңурбай менен беттешүүгө, жоо жарагын салынып камынып, жекеге чыкканда манасчынын сүрөттөсүндө:

Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көргөн жерде баатырың
Опол-тоодой көрүнүп,
Кара чаар кабылан
Как алдында чамынып,
Чилтендин бири сур жолборс,
Жарып кетчү немедей

Оозун ачып Калчага

Бара жатат камынып [С.К.Семетей:1989,219]-Манасчы ушул жерден Семетейдин атасы Манасты өлтүргөн Коңурбайдын күчтүүлүгүн, амалкөйлүгүн эске алып, ал эми Семетей андан ашкан баатыр экендигин да тастыктайт. Ал төмөнкү сүрөттөөдө көрүнөт.

Телегейи тең экен,

Шай колдогон шер экен,

Атасы Манас көкжалдан

Серпим ашык эр экен! [С.К.Семетей:1989,220]- келтирилген мисалда Манас баатыр сыяктуу эле анын уулу Семетей баатырдын «шер», «көк жал» деп атап метафоралык образ түзүлгөн.

Манастын уулу эр Семең,

Атасы Манас айкөлдөн

Артык тууган эр немең [С.К.Семетей:1987,225]

«Семетей» эпосундагы жөнөкөй эпизоддук мүнөздөгү баяндоолордон тартып кульминациялык зор окуяга чейин көркөм чагылдырылган. Эпостогу темалардын баардыгы баатырдык темага баш ийип, чыгармада баатырдык дух баардык эпизоддордо бөтөнчө сүрөттөлөт.

Башкы каарман элден чыккан типтүү өкүл катары алардын идеалдуу талабына жооп бергидей мүнөздөгү адам. Чыгармадагы жасаган баатырдык эрдиктери, адилеттүү иш аракеттери, адамкерчиликтүү мамилелери даңазаланып, ал мүнөзү окурмандар үчүн идеалдуу каарман катары кабыл алынат. Жомоктук каарман экендигине карабай баатыр үлгү болуучу касиетке ээ. Баатыр алп, укмуштуудай сулуу, эр жүрөк жалтанбас, кайраттуу, анын жигиттери да ар бири өзүнө ылайык топтолгон типтүү жүрүм-турумдарды алып жүргөн баатыр каармандар. Эпосто идеалдуулук менен чындык тыгыз байланышта.

Улуу манасчы С. Каралаевдин вариантындагы «Семетей» эпосунунун ар бир эпизодунда башкаларда болбогон ар кандай мотивдер, түрдүү

персонаждардын болушу менен сюжети абдан кызыктуу. Ал өзүнүн каармандарынын ар биринин портретине, ички дүйнөсүнө, сыпатына, кулк-мүнөзүнө кеңири токтолуп, ар бир каармандын өзүнө гана таандык өзгөчөлүгүн ачып берген. Эпостогу жалаң оң каармандарга эле эмес терс каармандарга дагы кеңири мүнөздөмөлөр менен алардын образын ачууда жогорку көркөмдүктө идеалдуу сүрөттөйт.

С. Каралаевдин чыгармадагы баатырдык каармандарды сүрөттөө үчүн анын минген аты, кийген кийми, урунган курал-жарагына, көпчүлүк учурда ата-теги, эли-жерине чейин кеңири токтолуп, көркөм чагылдырат.

«Семетей» эпосунун идеялык-көркөмдүк биримдиги көркөм каражаттардын, образдар системасынын көрүнүп турат. Бакай, Каныкей сыяктуу айрым каармандар үчилтиктин үч бөлүмүндө тең катышышат да алардын ортосундагы биримдикти бекемдейт. Мындагы кызыктуу нерсе-ал каармандардын образы такай эволюциялык кыймылда болушу. Биринчи бөлүмдөгү каармандын образы кийинки бөлүмдөгү тарыхый шартка көнүп, кырдаалга ылайык жаңы түс, сапаттарга ээ болот. Мисалы, Каныкей биринчи бөлүмдө элдик баатыр Манастын өзүнө тете жары катары акылмандыгы, адамкерчиликтүүлүгү, ишмердиги, сарамжалдуулугу жерине жеткире сүрөттөлсө, образды мындан ары тереңдетүүгө, андан ары алып барууга мүмкүн эместей деңгээлге жеткирилет. Бирок, «Семетей» бөлүмүндө жаңы шарт, жаңы кырдаалга ылайык анын мүнөзүнүн жаңы жактары ачылат. Не бир трагедиялуу учурда да бел алдырбаган, мүңкүрөп калбаган кайраттуулугу, туруктуулугу, эң бир кыйын шарттардан арга таап чыгып кеткен акылман айлакерлиги, феодалдык-патриархалдык моралдын жосунсуз салттарына ачык күрөшкө чыккан нравалык бийиктиги, баласына чексиз берилген энелик мээрбандыгы, көрөгөч тарбиячылыгы ушул бөлүмдө өзгөчө бир күчтүү көрүнөт. Ошондой эле Каныкейдин ар кандай социалдык шарттагы абалы: кандын кызы, бүткүл элдин башчысынын сүйүктүү жарынан, куу тагдырдын айынан жер которуп баш калкалаган таалайсыз

жесир аял, торпок баккан күңгө чейин жетишиндеги, өмүрүнүн ар кыл мезгили: секелек эрке кыздан чачы куудай карылыкка чейин жетишиндеги өзгөрүүлөр үчилтиктин бөлүмүнөн бөлүмүнө ырааттуулук менен эволюциялык өнүгүштө берилет. Каныкейдин чар тарабынан эң терең иштелген оригиналдуу образын жаратууда ага чыгармачылык өзгөчө сүйүү менен мамиле жасаган манасчы С. Каралаевдин салымы зор.

Семетейдин сырткы келбети, кийим-кечеси, курал-жарагы, минген аты, салган кушу, ээрчиткен тайганы, ал турсун фантастикалуу мифтик колдоочулары Манастан оошуп келип, манасчынын сөзү менен айтканда «Манас канды тирилтип» койгондой элес калтырат. Бул каармандардын кулк-мүнөзү да, ой-максаттары да бирдей. Ошондуктан бул образдар бир эле учурда өздөрү жашаган доордун типтүү мүнөздөрүн чагылдырган өз алдынчалыкка ээ болуу менен бирге эле бирин-бири толуктаган жаңы кырдаалда, шартта жаңыча кайталанган образдар. Мындай учурда мурдагы образдын аягына чейин иштелбей, мүнөзүнүн толук ачылбай калган жактары кийинки образда ишке ашырылат, тереңдетилет. Ушул планда Күлчоро менен Канчоронун образдарын аталары Алмамбет, Чубактардын образдарына салыштырып кароо кызыктуу. Күлчоро атасы Алмамбеттей эле достукка терең берилүүнүн, ак кызмат кылуунун эң бир сонун үлгүсүн көрсөтөт. Ал ар кандай кырдаалда Семетейди таштап башын ала качпайт, баардык учурда анын кыйын иштерин (ал турсун Семетейдин өзү аткара албай айласы кеткен иштерин да) айлакерликке, ыктуулукка салып аткарат.

Семетей, Канчоро жана Күлчоро болуп Акшумкарды алганы барышат. Үргөнч дайранын боюнда турушуп аркы өйүздөгү Айчүрөк алтымыш келин, алтымыш кыз менен сайран куруп жатканын көрүп, экөөндүн бүрөөң баргыла дейт, Күлчоро үч жаш да болсо улуу эмеспи Канчоро абам барсын дейт. Канчоро болсо кыздар менен сүйлөшүүгө эбим жок эле, кеменгер сөздүү болбосом кемсинип калам деп көнбөй коёт. Ошондо Семетей Күлчорого барат. «Он бештеки жашым бар, каршылашкан душманды, камчы

менен соёмун» деп баягы буураkандап, карагай агып, тал агып, аюу, түлкү кошо агып жаткан Үргөнч дайрага атын чуратып кирип кетет. Күлчоро атасы Алмамбеттей болуп эр жүрөк, элине чын жүрөгүнөн берилип кызмат өтөгөн. Семетейге дили менен берилип оң колундай ишенимдүү чоросу болсо, мындай касиеттер Канчородон байкалбайт. Тескерисинче, анын ичинде арамдыгы көрүнүп, ич күйдүлүгү билинип турат. Ал керек болсо бийлик үчүн жакындарын кордогонун Каныкейдин эмчегин ээмип, Семетейге эмчектеш бир тууган болсо да Семетейди душмандарына атынан айрылып калганда, Күлчоронун жоктугунан пайдаланып сатып жиберип, ал өлгөндөн кийин Каныкейди музоо бактырып койгонун кайдан адамкерчилик деген сапаттка кошо аласың. Ал өз көмөчүнө күл тарткан өзүмчүл, өз бир тууганын саткан чыккынчы. Бийлик үчүн энесине жакшылык кылбаган наадан, кара мүртөздүгүн көрсөттү.

Башкача атканда Күлчоро Алмамбетке жүктөлгөн элдик идеалды жаңы кырдаалда, шартта алып жүрүп, аны дагы тереңдетип, дагы ачык көрсөткөндөй болот. «Манас» бөлүмүндөгү Чубак «алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн» кашкөй баатыр, Манастын ишенимдүү тирегинин бири, бирок анын мүнөзүндөгү кара мүртөздүк, оюн кишиге бербеген өзүмчүлдүк бар экени эскерилет. Кээде мүнөзүндөгү ушул жактары жакын адамдары менен конфликтиге чейин алып барат (Мисалы «Чоң казат» мезгилинде Алмамбет менен жол талашканын, Манаска таарынып Коңурбайга кат жазганын эскерсек болот), бирок ал аягына жеткирилбей токтотулат. Атасы Чубактын жакшы жактары (баатырдыгы, балбандыгы) менен бирге эле мүнөзүндөгү жогоркудай кемчиликтер да Канчорого мурастап калат. Атап айтканда, мүнөзүнүн ушул терс жагы жаңы шарт, кырдаалга ылайыкташып тереңдеп акыры өз жакындарына ачык чыккынчылыкка чейин алып барат.

Дегинкисин айтканда ичтен чыккан терс каармандардын «Манас» бөлүмүндө анча ачылбай, жашырынып астыртада жаткан терс мүнөздөрү

«Семетей» бөлүмүндө дааналанып ачыкка чыга келет. Ага бул бөлүмдүн чагылдырган доору- таптык жиктелүү күч алган феодалдык-патриархалдык коом мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан «Манас» бөлүмүндө чачылып-чабылып ар кайда жашап жүргөн элдин башын кошуп, Ата-журттун көз карандысыздыгына ээ болуу үчүн сырткы баскынчы жоо менен күрөшүү негизги сюжеттик өзөктү түзсө, «Семетейде» ал тема экинчи планга жылдырылат. Мындан «Семетей» кыргыз уруулары өздөрү бир эл экенин алгач аңдап, өз ара баш кошууга умтулуусун чагылдырган «Манаска» салыштырганда, коомдук өнүгүштөн алда канча кийинки этабында феодалдык бытырандылыктын тушунда пайда болгонун көрүү кыйын эмес. Кыргыз коомчулугу кечээ эле, XIX кылымда уруулардын өз ара ыркы келишпеген, феодалдык бытырандылык доордо жашап келишкендиктен «Семетейде» баяндалган жогоркудай окуялар аларга түшүнүктүү болуп, анын ички бирдикти сактоо идеясы жүрөктөрүнө өтө жакын болгон.

Ошентип, Семетейдин камтыган темалары, чагылдырган доору «Манаска» салыштырганда биздин күндөргө жакын туруп, кыргыз элинин соңку кылымдардагы муундарынын дүйнөгө көз карашына, эстетикалык таламдарына шайкеш келгендиктен, эл ичинде кеңири тарай баштаганын байкоого болот.

А.Жайнакова:- «С.Каралаев Семетейди Манастын өчүн ала турган уулу, ишин улантуучу, закондуу мурасчысы катары таанытууда анын атасынын калышпаган алптыгына, ашкан эрдигине байланыштуу ар кандай өзөрүүлөргө өзгөчө басым жасайт. Эпостун акырында Семетей өзүнүн алдына коюлган милдеттерин аткарып бүткөн каарман эсебинде ордун уулу Сейтекке берип, кайып болуп кетет. Кыскасы жашоо түгөнбөйт, күрөш эстафетасы муундан-муунга, атадан-балага өтөт деген элдик көз караш, турмуштук философия ушул образ аркылуу ишке ашат»-деп белгилейт [Жайнакова:1982, 146].

Семетейдин образы баардык жактан төп келген образ. Ал баатырдыгын элдин канын төкпөй кангайга жалгыз өзүм барам деген чечими менен да анын мекенчилдигин көрсөтө алгандыгын айтууга болот. Ал жалгыз барып жеңилип калбастан сөөк өчтүү душманы Коңурбай менен Нескара жанын алып, элдин тынчтыгын камсыз кылуу менен мындан аркы азаттыгын колуна бербедиби.

Жалгыз дарак бак болбойт деген элдин макалын мисал келтирсек Семетейдин эрдиги, баатырдыгы көрүнбөй калат эле. Баатырды баатыр кылып турган Манастан бери келе жаткан Бакайдын каармандык, даанышмандык касиеттери, Күлчоронун жалтанбас эрдиктери, ичинен арамдыгы төгүлүп турса да кашкөй баатырдыгын кармап жүргөн Канчоронун орду, элдин биримдигин терең ойлоногон Каныкей энесинин акылмандыгы менен анын баатырдыгы толукталып турат. Манастын да Алмамбет, ушул эле Бакай, Сыргак, Чубак, Ажыбай аттуу чоролору, акылман, данышман абалары Акбалта менен Кошойдун, баласы дегенде агынан жарылган энеси Чыйырдынын, зайыпзаттын паашасы, кең көйнөктүн тазасы, кара сурдун сулуусу, адамзаттын нурдуусу болгон Каныкейи менен толукталып турчу.

Улам кийинки баатыр эли-жерин ардактап сүйгөн чыныгы мекенчил, кең пейил кеменгер, Манас баатырдай айкөлдүгүн, ата мурас дөөлөтүн улам кийинки урпактарга мурас катары калтырып келе жаткандыгы турмуш мыйзамы. Семетейди кыргыз эли туу туткан тайманбас баатыр катары кызмат кылган десек аша чаппас.

Ал эми Семетейдин образы согушта душман менен салгылашууда “билеги жоон таш жүрөк” болсо, каарданса артсандай күркүрөп, “көзүнөн оту чагылган” алп мүнөздүү болуп чыныгы баатырдын элесин берет. Жай турмушта эң элпек, сыпайы, адилеттүү азаматтын элесин тартуулайт. Баатырдын мындай сапаттары анын ички дүйнөсүн ачып, бири бирине төп келишип, анын баатырдыгын толуктап турат. Кыскасын айтканда, “Манастагы” бабалардын адамдык чоң нарк-насили, ар намыстуу духу.

Алардын жогорудагыдай ичтеринен бек тутунган нравалык абсолюттарынын, идеалдарынын, ыйык көрүп сыйынган “Кабааларынын” азыктанып чыгат, ошол тирөөчтөрдөн күч-кубат алып, көгөрүп-көктөп турат. Биз бүгүн жанагыдай адеп-ахлак чен өлчөмдөрү мокоп, улуттук идеалдардан ажырап, көп жагынан багытсыз калган жарандарыбыздын, жаштарыбыздын жан дүйнөсүнө ата бабаларыбыздын өйдөгүдө маанисин- мазмунун жоготпогон, түбү түптүү нравалык абсалюттардын, рух тууларын кайрадан орнотуубуз керек. Бир сөз менен айтканда, бүгүнкү коомубуздагы адап-ахлак илдеттерин “Манас” менен, анын руху жана идеялары менен дарылоо зарыл”[Байгазиев:2013,49]-деген алдыга коюлган идеалогиянын бир тамыры “Манас” үчилтигинин экинчи бөлүгү болгон Семетей баатырдын руханий-адептик маңызын иликтеп, жалпы окурман журтуна, айрыкча келечек жаш муундарга тартуулообуз менен ишибиздин актуалдуулугун эле далилдебестен, анын жардамы менен жаш муундарды тарбиялоодо, мекенчилдик сезимин ойготуп жана чыңдоого, руханий-адептик нравасын көтөрүүгө тып этип тамган тамчыдай болсо да салым кошо алдык десек жаңылышпасбыз.

Манас баатыр сыяктуу эле эл журттун кийинки тагдыры тууралуу улуу санааны тарта алган, Манас баатырдай мекенчил-патриот экенин жасаган иштеринен, азаттык жөнүндө ойлогон ойлорунан, Ата-журтун бекем сактай алганынан, чоң атасы Жакып менен бирдикте болгон, өзүм дегенде өгүздөй кара күчү бар агалары Абыке Көбөштүн кордугун көрүнгөнгө саймедиреп айтпастан, алардан чалкоолугун кечире билип, жасаган каршылыктарына гана жараша иш жасаган акылмандыгы, сөөк өчтүү душмандарына өзү катылбастан, өч алуу максатында жеңгенин, өз максатына жетүү үчүн бүтүн журтту түп көтөрбөстөн ишенимдүү гана адамдары менен барып, башка элге зыян кылбаган камкордугунан көрсөтө алды. Кыскасы Манас баатырдай эле Семетей баатырда улуттун ар намысынын символу

десек туура болоор. Себеби кыргыз эли эч качан саны менен даңкталбай, сапаттуу жасаган иштеринен бийиктиги менен даңкталган эмеспи.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз элинин көсөмдүгү улуу чыгармаларынын бар экендигинен жана да “Манастай” дастанынан аныкталган.

Өзүн мекенчилдигин, ар намыстуулаган, абийирдүүлүгүн, адамкерчилигин ошол “Манас” эпопеясынан, эр жигит үчүн идеал, кумир тутууга жогоруда белгилеп өткөн Семетей баатырдын данкталган сапатын тандап алса болот деген ойду айтып кетмекчибиз. Ал эми биздин изилдөөбүз “Семетей” эпосунун бир гана четин ойгон арзыбас иш. Мындан кийин дагы келечек муундарыбыз бул боюнча үңүлө карап иш жүргүзөт деген ишеничтебиз.

## Корутунду

“Семетей” эпосунун көркөм текстине негизденген биздин изилдөөбүз, талдоолорубуз төмөнкүдөй корутундуларды жасоого негиз болуп берди.

1.“Семетей” эпосунун башкы каарманы Семетей баатыр өзүнүн өзөгүндө гуманисттик жана мекенчилдик, патриоттук улуу идеяларды көтөрүп жүргөндүгү менен жалпы эле “Манас” эпопеясынын ички мазмундук масштабын кеңейтип, бийикке көтөрүп, эпостун жалпы адамзаттык баалуулугуна айныгыс аргумент болуп тургандыгы менен бөтөнчөлөнөт.

2.“Семетей” эпосу башкы каарман  Семетей баатырдын образы менен Манас баатырдын образынын ортосундагы эң бекем жана күчтүү логикалык байланышты айкындап турат. Бул айрыкча ата менен баланын ортосунда рухий- патриоттук өтмө катыштык, уланмалуулук мыйзам ченеминин бекем сакталгандыгынан ачык көрүнөт (Семетей атасы Манастын бир тууган эл-жердин, Ата мекендин бак-таалай, өз алдынчалыгы, эркиндиги, эл-журттун бүтүндүгү үчүн жүргүзгөн күрөшүн улантууну өз милдетим деп эсептейт, бул үчүн реалдуу иш-аракетке өтөт жана Семетей Манастын Тайбуурул атын минет, Аколпок кийимин кием, Ачалбарс, Сырнайза, Аккелте сыяктуу курал-жарактарын өз колуна алат, ал эле эмес, Манастын кушу, тайганы дагы, алардын тукумдары да Семетейге кызмат кылышат).

Семетейдин Манастын патриоттук миссиясын аркалашы жана атасынын Абыке-Көбөштөрдүн колуна  өтүп кеткен аскердик кийимдерине, курал-жарактарына ээ болушу, атасы минген атка миниши, атасынын Ак шумкарын колуна кондурушу “Семетей” эпосундагы муундар аралык уланмалуулуктун (преемственность) символу катары көрүнөт жана эпостогу бул тарыхый өтмө-катыштыктын философиясы бүгүнкү Кыргызстан үчүн маанилүү.

**3.**Семетей баатырдын образынын бүгүнкү күн үчүн маанилүү сабак экендиги, анын кийинки тукумдар үчүн аба менен суудай зарыл

философияны көтөрүп жүргөндүгү дагы мындан көрүнөт. Семетейдин образы адамдын адам катары, атуул, патриот катары түптөлүшүндө тарыхый эстутум (историческая память) категориясынын өзөктүү, фундаменталдык маанисин туюнтуп тургандыгы менен күчтүү. Эпосто өзүнүн ата-тегин, эл-жерин атасы Манастын улуу жана даңктуу тарых-таржымалын, анын чоролорунун, үзөнгүлөш баатыр жолдошторунун каарман ишмердигин түшүндүрүп, жүрөгүнө, жүлүн-мээсине куйган "Каныкейдин жомогу" Букар калаасында өскөн Семетейдин патриот катары кайра жаралышында, мекенчилдик бийик сезимдеринин тутанышында жана түптөлүшүндө чечүүчү роль ойнойт. Семетейдин образы тарыхый эстутумсуз личность, атуул, гражданин, патриот деген бийик касиеттер адамда тамырлабайт, тарыхый эстутум-мекенчилдикти булагы деген философияны үгүттөп турат: "Семетей" эпосун бүгүнкү муундарды социалдаштыруу идеясы менен байланыштырсак, анда эгемендүү Кыргызстандын жаш муундарынын ар биринин "Каныкейдин жомогундай" тарыхый тамырды тааныткан жомогу болуш керек. Мунсуз Ч.Айтматовдун "Маңкурту" келип чыгышы мүмкүн.

**4.**Семетейдин Семетей болуп өсүп чыгышына алыстан жана астыртан таасирин тийгизген бир маанилүү фактор бар. Бул- Манастын керээзи. Он эки жашка чыкканча Семетейди Букарда өстүр, Ысмайылга бала кылып бер деп Манастын Каныкейге айткан керээзинин купуя мааниси мында болгон. Атасынын көзү өткөндөн кийин Абыке-Көбөш алты арамга күнкор, кул болуп, торпок кайтарган жетим бала жалтаң өсүп, тартынчаак, ийменчээк болуп калаар, Каныкей энесинин көзөмөлүндө, таята-таякесинин камкордугунда эркин өссө, өзүмдү тарткан жалтанбас болуп, эл-жерди коргоор деген ой-бул Манастын алысты көргөн даанышмандыгы. Каныкейдин дал ушул даанышман керээзди айныбай аткарышы Семетейдин Букарда эркин чоңоюп, баатырдык жөндөм-касиеттеринин тоскоолдуксуз өнүгүшүнө зор өбөлгө болот. Демек, Семетейдин атасынын генинен келген

баатырдык ички көрөңгөсүнүн жалындап өсүшүндө Манастын алдын ала көргөн керээз-камкордугу стратегиялык роль ойногон.

**5.**Семетей баланын образын энеси Каныкейден, акылман, айкөл таятасы Темиркандан жана ичи кенен, ак пейил таякеси Ысмайылдан, чоң энеси Чыйырдыдан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Семетейдин курчоосундагы бул образдар адамды адам жаратат, адамдын адам катары түптөлүшү жана калыптанышы түздөн-түз аны кимдер курчап тургандыгына багынычтуу деген постулаттын чындыгына күбө өтүп турат. Семетейдин адамдык жан дүйнөсүнүн, гумандуу рухунун түзүлүшүндө балам деп күн-түн элеп-желеп болгон Каныкейдин энелик сүйүүсү, Чыйырды чоң энесинин мээрими, Темиркан таятасынын адеп-ахлагы, айкөл руху, таякеси Ысмайылдын күн нурундай төгүлүп турган аппак пейили, кенен жан дүйнөсү өзүнүн жаратмандык ролун ойногон. Семетейдин адеп-ахлагы өзүн тикеден тике камкордукка алган ушул асыл адамдардын руханий бийик маданиятынан тамырлап чыккан деген бүтүмгө келүүгө аргасыз кылат. Семетейдин балалык өсүш тарых-таржымалы бизге индивидиумдун калыптанышында аны гумандуу адамдардын жана асыл нравалардын чөйрөсүнүн курчап турушунун зарылдыгы жөнүндөгү идеяны насыяттагандыгы менен баалуу.

**6.**“Манас” эпосунда Манастын образында тышкы баскынчы жоолор менен күрөшүү пафосу үстөмдүк кылса, “Семетей” эпосундагы Семетей баатырдын образы ички душмандар менен күрөшүү пафосу күчтүү. Ошондой эле Семетей баатырды мифтик күчтөр, арбактар коштоп жүрөт (маселен, Семетейдин ташкындаган Талас дайрасын кечип жатканда, аны Алмамбет, Манастын арбактарынын жана кырк чилтендин колдошу ж.б.). Бул жагдайдын өзү Семетейдин образынын бир катар учурларда архаикалык дүйнө кабылдоо менен чырмалышып турган өзгөчөлүгүн күбөлөйт.

**7.**Жыйынтыктап айтканда, Семетейдин образын кылымдардан бери карай өлбөс-өчпөс кылып, элдин сүймөнчүлүгүнө айлантып келе жаткан руханий-адептик сапат-касиеттер төмөнкүлөр:

А) **Мекенчилдик, патриотизм**. Семетей үчүн кымбаттын кымбаты, ыйыктын ыйыгы-Мекен, ак калпак кыргыз эли, анын эркиндиги, өз алдынча мамлекеттүүлүгү. (Семетей Канчоро менен Кыяс капыстан кол салып, өлүм алдында турганда минтип ойлонот: "**Котур ташы койнунда, шайтанды баккан экенмин, эми эле башын кошкондо, элдин алы не болот, жарагы жок жаш күлүс, эрдин алы не болот, капарсыз калды эл менен, жердин алы не болот**". Семетей өлүп бара жатып да, элинин, жеринин тагдыры жөнүндө толгонуп турат).

Б) **Туулган жерди ыйык, керемет кенч катары саноо, ага болгон атуулдук ашып-ташкан сүйүү** ("жылгындуу Кең-Кол, Чоң Талас, жер сооруусу турбайбы"- Семетейдин сөзү).

В) **Эч нерседен тайманбастык, жалтанбастык, баатырдык, шердик** (Бир эле "Карагай агып, тал агып,аюу, жолборс баары агып, орто жерин карасаң, орчуган кара кан агып" жаткан, жан кечип өтө алгыс албуут, укмуштуу Үргөнч дайрасын кылчактабай  кечкенин эске түшүрөлү).

Г) **Адилетттүлүк** (Акун хандын, анын кызы Айчүрөктүн эли журтуна кара күч менен зомбулук көрсөтүп жаткан Чынкожо менен Толтойду Семетейдин ооздуктап, аларды жеңип, адилеттүүлүктү, акыйкатты орнотушу, ж.б).

Д) **Кечиримдүүлүк** (Маселен Букардан келип, Абыке-Көбөштөр менен араздашпай ынтымакташууга, алардын күнөөсүн кечирип, бир эл, бир журт болуп, тышкы жоого биригип каршы туруунга аракет кылышы, ж.б).

Е) **Гумандуулук** (чоң атасы Жакып уу берип жатса да, ага каршы жаза колдонбой, тийбей, өз жайына коюшу. Өзү баштап тийишпесе, эч кимге катылбагандыгы).

Ж) Өз эл-жерин илгертен азапка салып, баскынчылык кылып, дайыма кыргызга жамандык ойлоп турган тышкы жоого **элдешпестик** (Коңурбай менен согушу жана жеңиши).

И) **Улууну уга билүүчүлүк** (Ар дайым Семетейдин оорукта болобу, майданда болобу акылман карыя Бакайдын жана энеси Каныкейдин кеп-кеңешин акылга түйүп, иш кылышы)

Й) **Биримдик идеясына берилгендик**, ич ара ыйкы-тыйкылыктан жогору туруп, алысты карап, улуттун стратегиясын ойлонгон акылмандык (“Кыргыз минтип чырдашса, араң турган Коңурбай, олжо кылып кетпейби, бириндебей бек болуп, беттешкен жоону кектейли”- Семетейдин сөзү. Үмөтөй менен чырдашпай, казак эли менен достукта болууга умтулганы ж.б.).

К) **Ар намыстуулук** (Букардагы кезинде атасы Манас, жери Талас экенин билгенде, буга чейин мындан кабарсыз жүргөнүнө ичи өрттөнүп, катуу бушайман болушу, дароо намысына келип, Букардан Ала-Тоого аттанышы. Эл-жердин намысы дегенде тикесинен тик турушу ж.б.)

Л) **Адамдык пастык, өз көмөчүнө күл тартуучулук**, мансапкорлук, караниеттик, чыккынчылык менен келишпестик (Абыке-Көбөш алты арамга жана кырк чоронун саткындыгына каршы турушу).

М) **Ата мурасын ыйык тутуучулук** (Каныкейдин, Бакайдын жардамы менен Манастын Абыке-Көбөш кыйраткан Ордосун, мамлекетин кайра калыбына келтирилиши).

**8.** Семетейдин образына жогорку даражадагы көркөмдүк, эстетикалык кооздук, поэтикалык сулуулук, образдуулук мүнөздүү. Баатырдын образы, анын жогорудагы белгиленген адамдык сапаттары, касиеттери түркүн көркөм каражаттар ыкмалар аркылуу ачылат. Манасчынын көркөм боекторго сугарылган образдуу баяндоосу, мүнөздөмөлөрү, эпитет, салыштыруу, метафора, монолог, диалог, каармандын курч турмуштук кырдаалдагы жүрүм-турумун, окуяга жасаган реакциясын, иш-аракетин, мамилесин, каарман жөнүндөгү бирөөлөрдүн речи, деталь, эпизод, адабий апыртуулар, мифтик боектор сыяктуу көркөм каражаттар аркылуу Семетейдин образынын кооздуктун эрежесине шайкеш шөкөттөлгөндүгүн белгилемекчибиз.

Кыскасын айтканда, Семетейдин образы бийик моралдык-этикалык, патриоттук мазмунга ээ. Анын образынын этикалык маңызы бир тууган элдин мүдөө-кызыкчылыктары, мекендин тагдыры менен бекем жуурулушуп тургандыгында. Элге, Ата журтка кылган мээнет-кызматтан атасы Манас сыяктуу эле, Семетей да өз өмүрүнүн маңызын, өмүр-жашоосунун тузун көрөт. Семетейдин мындай атуулдук-жамаатчыл, коомчул нравасы, патриоттук менталитети бүгүнкү рынок заманындагы коммерциялашкан прагматикалык өзүмчүл моралдын жайылып жатышынын шарттарында биз үчүн баа жеткис руханий дөөлөт жана бийик адеп-ахлак өрнөгү. Анын образы тарбиялык чоң мааниге ээ.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн айрым бир маселелери [Текст]/Э.Абдылдаев. – Ф.,1962.-258б.
2. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн этаптары [Текст]/Э.Абдылдаев. - Ф.,1981.-265б
3. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун историзми [Текст]/Э.Абдылдаев.- Ф.,1987.-157б
4. Абдымомунова, Г.А. “Манас” эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери[Текст]/Г.А. Абдумомунова.- Б.,2005.-159б.
5. Адабият: Терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү[Текст]/Түзгөн Ж.Шериев, А.Муратов. -Б.,1994.-158б.
6. Айталиева, Т. Семетейчи Жаңыбай Кожековдун вариантындагы салтуулуктун сакталышы жана жеке өзүнчөлүк белгилери [Текст]/Т.К.Айталиева. -Б.,2012.-151б.
7. Айтматов, Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст]/Ч. Айтматов.//Кириш сөз. Китепте: Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Манас», 1-китеп- Ф.,1979.-295б.
8. Акматалиев, А. “Манас” океан эпос. [Текст]/А.Акматалиев.-Б.,1984.-91б.
9. Ауэзов, М. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст]/М.Ауэзов.-М.,1961.-580б
10. Бакчиев, Т. Манастаануу[Текст]/Т..Бакчиев.-Б.,2012.- б.
11. Байгазиев, С. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги [Текст]/С.Байгазиев.- Б.,1994.-96б.
12. Байгазиев, С. Манастаануу[Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2000.-264б.
13. Байгазиев, С. «Манас» эпосу: тарыхый эстутумга, антиманкурттук рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо [Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2012.-43б.

14.Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы[Текст]/С.Байгазиев.-Б., 2012.-39б.
15.Байгазиев, С. «Манастын» ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты [Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2012.-39б.
16.Байгазиев, С. Бала Манастын инсан катарында калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу [Текст]/С. Байгазиев.-Б.,2012.-47б.
17.Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы өнөр билим педагогикасы[Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2012.-52б.
18.Байгазиев, С. «Манас» эпосунун биримдик достук, ынтымак жөнүндөгү улуу идеялары-бүгүнкү жарандык тарбиянын тиреги[Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2012.-40б.
19.Байгазиев, С. “Манас”эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары[Текст]/С.Байгазиев.-Б.,2014.-600б.
20.Байжиев, М. Ташым Байжиев китепте «Семетейге» кириш сөз[Текст]/М. Байжиев.- Б.,2008.-340б.
21.Байжиев, Т., Бектенов,З. Манас насааты: Кыргыздын улуу эпосу боюнча китеби[Текст]/Т.Байжиев, З.Бектенов.-Б.,-2005.-167б.
22.Байжигитов, К. Кыргыз мифтери, уламыштары, легендалары[Текст]/К.Байжиев.-Ф.,1985.-170б.
23.Бартольд, В.В. Очерки истории семиречья[Текст]/В.В.Бартольд.-Ф.,1943.- 32б.
24.Бегалиев, С. “Манас” эпосунун көркөм каражаттары[Текст]/С.Бегалиев.- Ф.,1988.-78б
25.Бегалиев, С. «Манас» эпосу [Текст]/С.Бегалиев.- К.,2003.-161б
26.Бехмухамедова, Н.Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас» [Текст]/Н.Х.Бехмухамедова.-Б.,-1994.-178б.
27.Богданова, М.И. Киргизская литература: Очерк,-М.,19477.-289б

28. Ботоканова, С.Т. Образдарды талдоонун өзгөчөлүктөрү [Текст]/ С.Т.Ботоканова.- Б.,2004.-15б.
29. Валиханов, Ч.Ч. Собрание сочинений в 5-томах. [Текст]/Ч.Валиханов.-Алма-Ата, Каз. Сов. Энц. 1985.-526с.
30. Жайнакова, А. «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи [Текст]/А.Жайнакова.-Ф.,1982.-175б.
31. Жирмунский, В.М. Народный героический эпос [Текст]/В.М.Жирмунский. – М.,1962.-287б.
32. Жирмунский, В.М. Введение в изучение эпоса «Манас» [Текст]/В.М.Жирмунский. – Ф.,1948.-111б.
33. Жирмунский, В.М. Тюркский героический эпос [Текст]/В.М.Жирмунский.-Л.,1974.-728с.
34. Жумалиев, К. «Манас» эпосунда Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн чагылдырылышы [Текст]/К.Жумалиев.- Б.,1996.-120б
35. Жумалиев, К. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар[Текст]/К. Жумалиев.-Б.,1999.-264б
36. Жумалиев, К. «Манас» эпосу…Жаштарды гумандуулукка тарбиялоо.- Б.,1993.-110б
37. Жумалиев, К. Манастаануу (Образдар системасы) [Текст]/К.Жумалиев.-Б.,2012.-105б.
38. Жумалиев, К. Жазгыч манасчылар жана семетейчилер: [Текст]/К. Жумалиев.- Б.,2004.-113б.
39. Жумалиев, К. Ысык-Көлдүк манасчылар жана семетейчилер: [Текст]/К. Жумалиев.- Б.,2007.-194б.
40. Жумалиев, К. Манасчылардын типтери жана мектептери [Текст]/К. Жумалиев.- Б.,2008.-117б.
41. Жумалиев, К. Манастаануу («Семетей» эпосу) [Текст]/К. Жумалиев.- Б., 2011.-70б.
42. Исаков, Б. Манас наама [Текст]/Б.Исаков.- Б.,2005.-751б.

43.Исаков, Б. Манас таалими [Текст]/Б.Исаков.- Б.,2008.-44б.
44.Исаков, Б. Манастын алгачкы эрдиктери [Текст]/Б. Исаков.- Б.,2008.-88б.
45.Исаков, Б.,Чоюнбаев, А. Айкөл Манастын калыптанышы [Текст]/Б.Исаков, О.Чоюнбаев. -Б.,2009.-228б.
46.Каралаев, С. «Манас»1-китеп [Текст]/С.Каралаев.-Ф.,1984.-258б.
47.Каралаев, С. «Манас» 2-китеп [Текст]/С.Каралаев.- Ф.,1984.-258б
48.Каралаев, С. «Семетей» 1-китеп [Текст]/С. Каралаев.-Ф.,1987.-376б
49.Каралаев, С. «Семетей» 2-китеп [Текст]/С.Каралаев.- Ф.,1989.-344б.
50.Керимжанова, Б. «Семетей» жана «Сейтек» [Текст]/Б.Керимжанова.-Ф.,1961.-58б.
51.Кыдырбаева, Р.З. Генезис эпоса «Манас» [Текст]/Р.З.Кыдырбаева.-Ф.,1980.-278с.
52.Кыдырбаева, Р.З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст]/Р.З.Кыдырбаева.-Б.,2004.-572б.
53.Кырбашев, К. «Манас» эпосунун стили: С.Орозбаков, С. Каралаевдин варианттары боюнча [Текст]/К.Кырбашев.-Ф.,1983.-174б.
54.Кыдырбаева, Р. З. Сказительское мастерство манасчи [Текст]/Р.З.Кыдырбаева.- Ф., 1984.-117б
55.Максүтов, Б. Эр Семетей баяны[Текст]/Б.Максүтов.-Б.,2000.-168б
56.Мамыров, М. «Семетей»- Манас трилогиясынын экинчи бөлүгү [Текст]/М.Мамыров.// С.Каралаевдин варианты боюнча-Ф.,1963.-122б.
57.Мамытбеков, З. В.В. Радлов жазып алган Манастын варианты. Китепте: «Манас» эпосунун изилдөөнүн кээ бир маселелери[Текст]//З.Мамытбеков.- Ф.,1966.-245б
58.Мамыров, М. С.Каралаевдин «Манас» эпосунун идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү [Текст]/М.Мамыров.- Ф.,1962.-197б.
59.Мамыров, М. «Семетей» эпосу - «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүгү [Текст]/М.Мамыров.-Ф.,1963.-120б

60.«Манас» энциклопедиясы, 1-том /Башкы ред. А.Карыпкулов/ Б.,1995.-440б
61.«Манас» энциклопедиясы, 2-том /Башкы ред. А.Карыпкулов/ Б.,1995.-432б
62.«Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы [Текст]/ «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата.- Б.,1995.-197б.
63.«Манас» кара сөз түрүндөгү баяндама[Текст]/Түзүүчү С.Мусаев.- Б.,1986.-284б
64.Мусаев, С. Эпос «Манас» [Текст]/С. Мусаев.- Ф.,1979.-204б
65.Мусаев, С. Каныкейдин образы («Манас» эпосундагы элдүүлүк проблемалары) [Текст]/С. Мусаев.- Ф.,1963.-385б
66.Мусаев, С. «Манас», «Семетей», «Сейтек»(кара сөз түрүндөгү баяндама ) [Текст]/С.Мусаев.-Б.,2001.-204б
67.Пропп, В.Я. Фольклор и действительность [Текст]/В.Я.Пропп.- М.,1976.-326б
68.Радлов, В.В. Предисловие «Манас» героический эпос киргизского народа [Текст]/В.В.Радлов.- Ф.,1968.-232б
69.Радлов В.В. Образцы народной литературы тюркских племен [Текст]/В.Радлов.-М.,1985.-588с.
70. Рахматулин, К. Великий патриот легендарный Манас [Текст]/К.Рахматулин.- Ф., 1943.-80б
71.Сарыпбеков, Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү [Текст]/Р.Сарыпбеков.-Ф.,1977.-174б
72.Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст]/Р. Сарыпбеков.- Ф.,1987.-150б.
73.«Семетей» (Бириктирилген вариант)[Текст]/ Көркөм текст.-Ф.,1959.-257б
74. «Семетей» 1-китеп (Жусуп Мамайдын варианты) Кыргызчалаган К.Кырбашев[Текст]/ Көркөм текст.-Б.,1995.-268б

75.«Семетей» 2-китеп (Жусуп Мамайдын варианты) Кыргызчалаган К.Кырбашев[Текст]/ Көркөм текст.-Б.,1995.-296б

76.«Семетей» 3-китеп (Жусуп Мамайдын варианты) Кыргызчалаган К.Кырбашев [Текст]/ Көркөм текст.-Б.,1995.-284б

77.Сооронов, О. «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөтөлүш өзгөчөлүктөрү/Тоголок Молдонун варианты боюнча/[Текст]/О.Сооронов.- Ф.,1981.-121б.

78.Сооронов, О. 1503-жылы жазылган «Манас» [Текст]/О.Сооронов.- Б.,2003.-88б

79.Сыдыков, А. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдер [Текст]/А.Сыдыков.- Б.,2006.-144б.

80.Талиева К.А. Семетейчи Сейдене Молдокееванын чыгармачылык өнөрканасындагы салтуулук жана өзүнчөлүктүн карым катышы: диссертация. Филология илим. канд. дисс.: 10.01.09. [Текст]/ К.А. Талиева.- Б.,2000.-184-б

81.Ысак кызы Токтобүбү (Туохан) Жунго кыргыздарында «Семетей» эпосунун мазмунунун курулмалык өзгөчөлүгү. Моноргафия. [Текст]/Т.Ысак кызы.-Б.,2011.-279б

82.Чынгышов Д.Ж. Жусуп Мамайдын вариантындагы “Семетей” эпосунун көркөм дүйнөсү. Филология илим.канд.дисс.:10.01.09 [Текст]/Д.Чынгышов.-Б.,-2005.-174б